КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ

ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ

МИСИРАЛЫ КОЛДОШЕВ

# БАШКАНЫ КОЮП, МАНАСТЫ АЙТ!

*(Илимий-усулдук колдонмо)*

1-бөлүк

Ош-2015

УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
К 60

Рецензенттер: А. Муратов, -педагогика илимдеринин доктору, профессор;
Н. Ишекеев, -педагогика илимдеринин доктору, профессор;
К. Акматов, - педагогика илимдеринин кандидаты, доц. м.а.;

Ош мамлекеттик университетинин Окумуштуулар кеңешинин чечими менен басмага сунушталган

Колдошев М.
К 60 Башканы коюп, Манасты айт! (Илимий-усулдук колдонмо), 1-бөлүк Үсүрөттөрү Мирлан Мамазаировдуку. -Ош, 2015. - 144 б.

ISBN 978-9967-18-144-1

*Сунушталган китеп кыргыз тили жана адабияты мугалимдерине, Манас таануу сабагын окуткан окутуучуларга, класс жетекчилерге, тарбиячыларга, алардын класстык тарбиялык сааттарга даярдануу жана уюштуруу учурунда, класстан жана мектептен тышкаркы таалим-тарбиялык иштерди уюштурууда кошумча окуу материалы катары пайдалануу үчүн, ошондой эле Манас темасына кызыккан окурман журтунун кеңири чөйрөсүнө арналат.*

К 4604000000-15 УДК 398
ББК 82.3 (2Ки)
ISBN 978-9967-18-144-1
© Колдошев М.
2015

## Мазмуну

Алгы сөз........................................................................ 5
Манас төрөлгөнгө чейинки айрым нарктуу
жөрөлгөлөрдүн сабактары жөнүндө........................... 8
Манастын төрөлүүсүнө байланыштуу сүйүнчүлөө
жөрөлгөсүнүн таалим-тарбиялык өңүтү.................... 14
Манастын төрөлүшүнө байланыштуу той берүү салтынын
таалим-тарбиялык жагдайлары................ 22
Бай Жакыптын баласы Манасты эмгекке
тарбиялоо боюнча алгачкы кадамы........................... 30
Бала Манастын Ошпурдан айылына кайткандагы
кездешкен турмуштук жагдайлардын таалим-тарбиялык
таасирлери............................................. 47
Эсенкан менен Нескаранын өспүрүм Манасты
издегендеги жагдайлардын таалим-тарбиялык
өңүтү........................................................................ 68
Манастын алгач кан шайлануу баянынын
таалим-тарбиялык сабактары.................................. 84
Алгач кан көтөрүлгөн соң Манастын баатырдыгы.... 92
Жамы журт Манасты кан көтөрүүсүнүн сабактары... 103
Кан Манас жортуулга аттанаарда жолунда
кезиккен элдерге Ислам динин насыяттоо менен
байланыштуу жагдайлар............................................ 114
“Манас” эпосундагы салттуу оюндар жана
кыргыз эл оюндарын өнүктүрүү................................ 128



## Алгы сөз

*Така туякты сактайт,*
*Туяк тулпарды сактайт,*
*Тулпар эрди сактайт,*
*Эр элди сактайт.*

Эчендеген кылымдарды кечирген карт тарыхтын улуу жазмышы ушундай экен, анын рухий-маданий катмары элдин ыкыбалы оңдой берди болуп, кээде өсүп-өнүккөн, өркүндөгөн доорлор жүрүп, башка кезеңдерде, тилекке каршы, ар түрдүү обьективдүү жагдайлардан, көбүнесе субьективдүү мүнөздөгү себептерден, тоскоолдуктардан, буктур-малардан улам жогоруда сөз кылган маанилүү катмардын тайыздалганы, кедери кеткени, чөккөнү, ал эми эл-журттун мүңкүрөп, жүдөп-чүнчүгөн учурлары маалымдалат. Кыргыз мамлекетине эгемендүүлүк жарык шооласын чачкан күн, бул, рухий-маданий тармагынын да азаттыгы катары кабылданып, кучагыбыз толо кубанып, кайран эл, жүздөгөн-миңдеген жылдар бою улуу Жаратканга жалынып-жалбарып да, Жараткандан тилеп, кайраттанып күрөшүп, кээде кагылып-чабылып, ушул күнгө жеткенибизге миң мертебе шүгүрчүлүк. Совет доорунда маданият тармагыбыз бир топ жоготууларга учурады деген бүтүм чыгаруу бир беткейлик болоор, бирок, кыргыз элинин талант шыбагасынан жаралган кайталангыс керемети, көөнөрбөс дөөлөтү саналган “Манас” эпосу ушул мезгил мерчеминде канчалаган оош-кыйыш, кыйчалыш тагдырга дуушар болгондугу белгилүү. “Манас” эпосу кыргыз элинин кан-жаны менен кошо жаралгандыгын атактуу жазуучубуз Ашым Жакыпбек дааналап: “Кайсы эл болбосун өзүнүн

оозеки адабияты жана андан өнүгүп, бутактаган маданият тармактары менен сыймыктанууга толук акылуу. Эгер кыргыз бүгүнкү күнгө жетпей жоголуп кеткен болсо улуу эпосу кошо жоголмок. Антпеди, анте алмак эмес, “Манас” башка элге барып жуга алмак эмес-ал нукура кыргыздыкы. Кыргыз рухунун түбөлүктүү кенчи болуп сакталып кала бермек. “Манасты” кыргыз жараткан, кыргызды “Манас” сактаган”-деген тыянагын айтат. Бул чулу бүтүмгө келүүдөн алдың Ашым агабыз эчен ирет ойлонуп, канча жолу толгонгондур. “Манас” эпосунун кыргыз эли үчүн ченемсиз баалуулугун, анын океандай чалкыган кенендигин, мухиттей тереңдигин, караганда көз жоосун алган Ала-Тоодой бийиктигин, “ат көтөрө алгыс жүгүн” Ашым Жакыпбек төмөндөгү шарттуу аталган “Манас” Гимнинде сыйдырган деген ойдобуз:

Кайың барбы кыргыз балта чаппаган,
Кыр-жон барбы кыргыз кыргын таппаган.
Кылымдарга аты калбай өчөөрдө,
Кыргыз элин кыраан Манас сактаган.

Кайырма:
Асман менен Жериңдин,
Тирөөсүнөн бүткөндөй.
Айың менен Күнүңдүн,
Бир өзүнөн бүткөндөй-
Теңир уулу Эр Манас.

Белес-белден беш удургуп өткөн эл,
Арстан болуп, ай чапчыган көчмөн эл.
Курандылап, куруп бара жатканда,
Эр Манасты туу карманып өскөн эл.

Манас улуу кыргыз элдин желеги,

Ата мурас, акыл-ойдун тереңи.
Түбөлүккө ташка тамга баскандай,
Кыргыз элдин адамзатка белеги!

Ошентип “жалпыдан жекеге”, “абстрактуудан конкреттүүгө карай” деген илимий принципке таянуу менен оозеки көркөм адабиятыбыздын акактай мөлтүр булагы -“Манас” эпосунун мазмунунда катылган “маданият” деп аталган орошон дайранын бир бараандуу өзөгү саналган-таалим-тарбиялык өңүтүн иликтөө жаатында алгачкы кадамыбызды шилтөөгө аракеттенип көрдүк. Калган кептин учугун урматтуу окурман улаар! Окурмандарга алдын ала ыраазычылык билдирүү менен алардан иштиктүү ой-пикирлерди жана сунуштарды күтөбүз.

***Электрондук дарегибиз:***
***misiraly@ mail.ru, байланыш тел. (+996)777898059.***

# Манас төрөлгөнгө чейинки айрым нарктуу жөрөлгөлөрдүн сабактары жөнүндө

Манастын атасы Жакып бай элүү жашка чамалаган кезге чейин чоң мал-мүлк, дүнүйө жыйып, акыл токтотуп, артка карай кылчайса (б.а. өткөн жылдарын көз алдына келтирсе), кандайдыр абдан аянычтуу боштукту сезет. Ал боштук-ушул жашка келгенче перзент көрбөгөндүгү болчу. Бай Жакыптын башына, албетте, аны чоң кыжаалат кылган, бушайманга салган ар түркүн ойлор келбей койбойт, мисалы, “мен кокустан а дүйнөгө жол салсам, менин чогулткан зор дүнүйөмдүн тагдыры эмне болот дегендей...”. Ушул өңдүү түрдүү-түмөн ойлордун курчоосунда болуп, ал бул жашоонун маани-маңызы балада экендигин даана түшүнөт:

Жүргөнүм менин чала экен,  
Дүнүйө ээси бала экен,  
Артыңда бала жок болсо,  
Дүнүйөсү курусун [16].

Жакып байдын жан дүйнөсүн “жараланткан” уйгу-туйгу сезимдер, анын зарлап бала тилөөсү, соңку учурда жүзүнөн муңайым, сар-санаанын белгилери күчөгөндүгү сүрөттөлөт:

Зарланып ыйлап бала үчүн  
Жакып бай байкуш ий болду.  
Күрөөкө зоот дат болду,  
Кермеде толгон ат болду,  
Көйкүлүктү көргөндө  
Күлкүдөн Жакып жат болду!  
Ээлеп минер бала жок,  
Эгем кылса чарба жок,  
Эркек бала күтөм-деп,  
Эр Жакыпта санаа жок! [16].

Мына ушундай ой-санаага батып жүрүп, күндөрдүн бириндe бай Жакып түш көрүп, көргөн түшүн байбичесине айтат. Анда байбичесинин "кырк бээ соелу" деген сунушуна Жакыптын ачуусу келип, эшикке чыгып, Бакдөөлөттүн үйүн көздөй басып бара жаткан кезде, анын кулагына даана бир добуш келет:

"Атаке неге кайгырдың,
Акылыңдан айрылдың.
Алты суу толгон мал кылдың,
Алганыңды дал кылдың,
Кыламын десең кыйындык
Кытай да сага чабылар,

Кыйналбагын дүйнө үчүн
Кылымдын малы табылар!
Оолукпагын дүйнө үчүн
Орус да сага чабылар,
Ойроттун малы табылар!"
Кулакка келди бир добуш,
Куп тыңдаса эр добуш, [21].

-"Үн кулагыма кайдан угулду?"-деп, эки жакты караса, эч нерсе көрүнбөйт. Байбичесинин сөзү эсине түшүп, кайра кайтууну ойлонот. Ушул учурда артынан Бакдөөлөт келип, ал да көргөн түшүн бай Жакыпка айтат. Аны уккан бай Жакыптын абалы:

Баркырады бай Жакып
Балага чукак киши экен:
"Көргөн болсоң түшүңдү,
Оңдосун Алда ишиңди!-дейт [22].

Андан ары Бакдөөлөт бай Жакыптан анын байбичеси Чыйырды кандай сунуш айткандыгын сураганда, бай Жакып ачууланып:

"Байталдан сойгун кырк-деди,
Баарын бирдей жык-деди,

Байбиченин сөзү ушул,
Малдан тойгон кези ушул.
Сен да айтасың: “Сойгун!”-деп,
Бу соолуп калган кандай кеп?!-деп, абдан нааразыланат [22].

Бул учурда бай Жакып, биринчиси, дүнүйө-сүнөн ажыроодон; экинчиси, союлган малдардын убалынан коркот. Дүнүйөсүнөн ажыроодон корк-кондугу, анын сараңдыгын билдирбейт. Бул бай Жакыптын канчалаган мээнеттин күчү менен тапкан дүнүйөсүнө күйгөндүгүн, эсепчилдигин күбөөлөйт. Ошону менен бирге акыл-эстүүлүгүн, белгилүү деңгээлде катуулугун билгизет. Ушундай ойлордон улам Бакдөөлөттүн сунушуна макул болбогон кезде:

Буркурап ыйлап Бакдөөлөт
Капшытынан кармады:
“Кырк байталды сой”-деген,
Кысынган экен байбиче,-деп [22-б.], бай Жакыпты көндүрүү үчүн жүйөөлөрдү келтирет.

Окуянын жүрүшүндө байбичесинин жана Бакдөөлөттүн сунуштарынын негиздүү экендигин түшүнө баштайт. Ары ойлонуп, бери толгонуп, акыры той кылуу чечимине келет. Тойго оболу кимдерди чакырууну, келгендерге кандай сарпай кийгизүүнү, белек берүүнү, канча мал союуну пландашып, болуучу тойго камылга, даярдык көрүүнү башташат. Бай Жакып элүү жашка чыкканча буга чейин мындай чоң маараке өткөрбөгөндүктөн, “эмне жорук баштап ийди”, “Жакып байдын көзүнө бир нерсе көрүнгөнбү?..” деген таризде чочулоолор, бир топ шексингендер, айран таң калгандар болбой койбоду. Тойдун башталышына он эки уруу кыргызды чакырган кезде катындар казактарды, маңгулдарды, калмактарды тойго чакырбай койгону-буз туура болбой калат дешип, алар менен буга чейин өйдө-

төмөн, оош-кыйыш мамилелерге карабастан, алардын тойго жамааты менен келүүсүнө кабар бердиришип, кең пейилдүүлүгүн көрсөтүшөт. Анткени, Чыйырды менен Бакдөөлөттүн ак үмүт-тилек менен чоң той өткөрүүнүн аруу ниети төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

“Мал сойсоң бала берет!”-деп,
Байбичем жүрөт делектеп.
“Той кылсаң бала берет!-деп,
Бакдөөлөт жүрөт электеп [27-б.].

Тойго келишкен урматтуу конокторго, сый тамак тартууланган соң, ар түмөн уруу башчыларын бай Жакып үйүнө киргизип, аларга бирден ичик, кымкап кийгизет. Калгандарына бирден тон, той жемекке келгендердин белдерине бирден кур курчап, акча, ал түгүл жетимдерге чейин чапан кийгизет. Тойго келгендердин баарынын көңүлүн алып, баары кубанышып, бай Жакыпка ыраазы болушат. Андан ары бай Жакып үйүндө олтурушкан абройлуу адамдар: көсөмдөргө, чечендерге, билермандарга кайрылып, аларга көргөн түшүн майда-чүйдөсүнө чейин калтырбай айтып, алардан жоруп берүүсүн өтүнөт. Буга кошумча байбичесинин жана токолунун да көргөн түштөрүн жорутат. Үйдөгү жамааттын ичинен Байжигит түштү жоруп берүүгө белсенип, “Куш болгондо баладыр” [29-б.]-деп, бай Жакып эркек балалуу болоорун, ал эр жеткенде эл-журт сураган аким, нечен кыйынмын дегендер ага “Эсеп берип эс болуп, карайт экен көзүнө” [29-б.]-деп, дүйнө жүзүн сураган, ажыдаардай айбаттуу, арстандай кайраттуу баатыр жигит болоорун мүнөздөп:

“Кара тоодой касиет,
Конот экен өзүнө.
Бадыша болуп бай Жакып,
Балаңыздын орою
Көрүнгөн экен көзүңө!”
Бай Жакып боздоп ыйлады

Байжигит айткан сөзүнө,
Байлап койгон ак шумкар
Жакыптын келди эсине,-делет [29-б.].

Ошентип тойдон кийин арадан эки жыл өтөт. Чыйырдынын боюна бүткөнүнө үч ай болгондо, ал жолборстун жүрөгүнө талгак болуп, башка эч кандай оокат-тамакка карабай калгандыгы жана абдан жүдөгөндүгү айтылат, анткени анын табылышы оңойго турбайт. Жолборс жүрөгүнө талгак болуусун, бул, алардын мурдагы көргөн түштөрүнүн мазмундук жактан реалдуулукка айлануу жараяны катары маани берүү абзел. Жылкычы Чыйырдыга "Карамерген бир жолборс атыптыр" деген кабар берип, сураганын бердиртип, аны ыраазы кылам деген кепти айтып, жылкычысын жөнөтөт. Андан соң байбичесинин улам толгоо тартуусу, жатындагы баланын чиренген, туйлаган учурларында Чыйырды байкуштун тушуккан кыйын абалдары, мисалы:

Бала туйлап кеткенде
Байбиче көзү сүзүлдү,

Белдемчинин жакасы
Беш жеринен үзүлдү,-деп сүрөттөлөт [32-б.]. Чыйырды байбиченин төрөтү жакындап, Кутубайдын катыны “Байбичең тууйт”,-деп, Жакыптын кулагына салган учурда:

Бай Жакып ыйлап каңгырап,
Бакырып ыйлап заңгырап:
“Баласы жоктон жүдөдүм,
“Эркек!”-деп, бирөө жүгүрсө,
Жарылып кетер жүрөгүм.
Айылга туруп нетейин,
Адырга чыгып кетейин,
Токтолуп туруп нетейин,
Тоого чыгып кетейин.
Алыстан айыл карайын,
Айткандан кабар алайын”-деп, [32-б.], абдан толкунданып жаткандыгын билдирип, талаалап кетүүнү макул көргөндүгүн, аны издеп таап, сүйүнчүсүн алуусун өтүнөт жана “бээм азыр тубар учур, эгер кулуну эркек болсо, аны балама энчилейин” деген ниетим бар дейт, б.а. жарык дүйнөгө келүүчү баласынын энчисин алдыртадан ойлоп, тактап коюусу, бул, бай Жакыптын өзүнчө нарктуулук касиети.

Ошентип, ак бата тоюнун акыбети менен бай Жакыптын Кудайдан ыйлап, зарлап күткөн үмүт-тилеги кабыл болуп орундалат.

Адабият

Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010.-1840б.

## Манастын төрөлүүсүнө байланыштуу сүйүнчүлөө жөрөлгөсүнүн

## таалим-тарбиялык өңүтү

*Бешиктеги баланын бек болоорун ким билет...*

***(Кыргыз эл макалы)***

Манастын алп дене, тулку бой менен төрөлүүсү бир топ адабий булактарда көркөмдүү, элестүү чагылдырылат. Мисалы:

Он бештеги баладай,
Көтөргөндө салмагы,
Берген экен Кудайым,
Берекелүү баланы [1:34-б.].

Бул өңүттө көрүнүктүү аалым-педагог Советбек Байгазиев: “...бул жерде көркөм апыртуунун элементтери, үлүшү жок эмес. Бирок бул сүрөттөөнү адабий гиперболага шылтап коюп, отуруп калууга болбос эле. Манастын туулгандагы окуя-көрүнүшү-бул манасчынын фантазиясы эмес дээр элек. Бул нерсе өтө сейрек болсо да, реалдуу турмушта кездешүүсү мүмкүн болгон көрүнүш. Маселен, 16-17-кылымдарда Кыргызстандын Тогуз-Торосунда Тобок аттуу алп бала төрөлгөн. Чоңойгондо анын боюнун узундугу 4 метрге жакындаган. Реалдуу турмушта жашап өткөн бул тарыхый, легендарлуу инсан эл ичинде Алп Тобок атка конгон. “Башына айбалта саптап алып жүргөн таягы эле үч-төрт кулач болгон, узун бойлуу, кадыресе кишилер анын белине да кол сунуп жете албаган, он сегизден өткөн соң эч бир унаа көтөрө албаган, өмүр бою жөө жүрүп өткөн, Нарын дарыясын кечсе тизесине да жетпеген, алты качырдын күчү менен ачып-жапкан кытайлардын дарбазасын бир тебүү менен быркырата кыйратып салган”-деген мүнөздөмөсүнө кошулууга болот. [2].

Аруу тилегибизге жараша буга окшогон көрүнүштөр Улуу табиятыбызда кездешип келгендигин өткөн

кылымдарда жашап өтүшкөн алп Каабаны, анын уулу Кожомкул балбанды, заман-дашыбыз, табият берешен тартуулаган зор күч-кубатка ээ, эч бир атайын машыкпаган "Таш чайнар" атыккан Нурлан Алишеровду неге мисал тартууга болбосун.

Бала төрөлгөндөгү кубанычтуу кабарды бай Жакыпка биринчилерден болуп угузуп, ага сүйүнчүлөө жөрөлгөсү башталат. Бирок бай Жакыпты издеп табуу оңойго турбайт болуучу, анткени ал "Мени издеп табыңар?"-деп, кабарды алысыраактан угууну каалап, анын тоого чыгып кеткени, же адырлап кеткени же талаалаганы белгисиз эле. Кыргыз элинин белгилүү этнографы, этнопедагогу Амантур Акматалиев "Сүйүнчүлөө" жөрөлгөсүнө төмөндөгүдөй түшүндүрмө берет: -бул-жарык дүйнөгө келген наристени жакындарына, жакшы санаалаштарына кубаныч катары кабарлоо, анын эркек же кыз экендигин билгизүү үчүн бала-бакыраны, кээде чоңдорду деле бирөөлөргө чуркатуу. "Сүйүнчү!"-деп эшиктен кирип, эркек-кызын айтканда эле, элибиз эч нерселерин аячу эмес [3].

Бул максатта бай Жакыптын атайын байлап койгон күлүктөрүн минишип, ар кайсы жакты көздөй чапкылап жөнөшөт. Баланын төрөтүнө каралашкан Сулайка үйүнө келсе, үйүндө күйөөсү Акбалтанын олтурганын көрүп, чочуп кетет да:

Абышкам, дүнүйөдөн тойдуңбу,
Атпай журт алган олжодон
Бир неме албай койдуңбу?
Сүйүнчүгө шайлаган,
Кызыр чалган бай Жакып
Кырк кара боз байлаган,
Кырк жылкыдан бирди албай,
Сенин кандай шоруң кайнаган?!
Жана байлаптыр сегиз кур атты,

Ошолордон кур калып,
Олтурушуң уяттыр!-деп кейийт [1:35-б.].

Анда Акбалта колуктусуна, Кудайга карап сүйлөсөң, менден мурда озунуп баары чапкылап издеп кетишпедиби, мен Жакыптын сүйүнчү олжосун албасам, менин жашоом өтпөй калабы, мага ырыскыны эгем берсин, азыр ат минүүгө дарманым келбей туру, канча күндөн бери каралашып жүрөсүң, канча сенин алганың?-дейт, б.а. сен деле бир жарытылуу буюм албаган чыгаарсың деп күмөнсүрөйт. Сулайка жооп катары: "Мына менин олжом!"-деп, эки элечек, бир чапанды эринин астына таштап:

"Бай Кудайга казына,
Барсаңчы Жакып кашына!"
Катыны айтып салганы,
Ага болбой Акбалта
Мойнун буруп алганы [1:35-б.].

Акбалта: "Кырк киши кетти чапкылап"-деп, элүү киши Жакыпты сүйүнчүлөп таласа, Жакыптан кайсы жан калат, алардын үстүнө мен да барсам, "өлгөндүн үстүнө, көмгөндөй болбойбу"-дегенсип, бир чети тең курбалдашы Жакыпты аяп жатса, буга кошумча "Уудан калган итке окшоп", минген атым чабууга жарабайт эмеспи деп ачуулnetwork ганына карабай кемпири тынчын койбойт. Анда:

Дөөгүрсүгөн кулдар баргандыр,
Күлүктү минип алгандыр,
Алаарын алып Жакыптан,
Тарап кетип калгандыр,-деп,
Акбалта айтып токтолот [1:35-36-б.б.].

Буга жооп катары катыны ынанымдуу кептерди бек айтат, б.а. анын сөзүнүн түпкүрүндө: "Жүгүргөн калат, буюрган алат" деген ой жатат:

"Барбаймын!"-деп, айта албай,
Бармак болду Акбалта

Катындын сөзүн кайтарбай,
Байлап койгон көк чолок
Басыгы ылдам шайтандай [1:36-б.].

Акбалта Жакыпты издеп таап, алысыраактан көрүп, ага "Сүйүнчү!"-деп бакырат. Жакып аябай кубангандан "Не дейсиң?"-деп чакырат.

Анда Акбалта:

"Айтканымды туюнчу,
Арстаным Жакып, сүйүнчү!
Карыганда байбиче
Кабылан тапты, сүйүнчү!
Жобогондо байбиче
Жолборс тапты, сүйүнчү!
Жоголордо байбиче
Жолдош тапты, сүйүнчү!
Эриккенде байбиче
Эрмек тапты, сүйүнчү!
Кайгырганда байбиче
Каралды тапты, сүйүнчү!"-дейт, [1:36-б.], б.а. Жакыптын ой сезим-делебесин козгоп, эт-жүрөгүн элжиретип, балага зарыгуу, бала тилөө, күтүү жөн-жайын кылдат эске алып, сүйүнчүлөө ырасымын орундуу колдонуусу өзүнчө баалоого татыктуу. Бул кубанычтуу кабарды уккан бай Жакып акылынан танып, көз жашы көлдөп, Акбалта жанына келген чакта, ал "Шалак этип жыгылып", кокусунан Жакыптын талуусу кармап калат. Акбалта Жакыпка карай кыйкырып көрсө, андан үн чыкпай, кыймылдатса, былк этпей калганынан, Акбалта шашып, ак калпагын колуна алып, ачык сууга барып сүзүп келип, бай Жакыптын көөдөнүнө бүрккөн учурда (б.а. элдик "Учуктоо" ырымын жүргүзгөндө), муздак суудан дене бою үркүп, чыйралып, бай Жакып башын көтөрүп, Акбалтадан сурайт: -Деги, эмне болуп кетти, сен кай жактан келдиң, келгениңде мага эмне дедиң, сенин суу

бүрккөнүң билем, менин көзүмө эчтеме көрүнбөй жатат, мага эмне болгонун билбейм, сенин сөзүң угууга кулагым абдан куштар дейт. Анда Акбалта келгенде эле сүйүнчүлөгөндүгүн айткан учурда, бай Жакып: -Перзентим эркек төрөлгөнүн сен өз көзүң менен көрдүңбү, же катындардан уктуңбу?-деп тактап сураганда, Акбалтанын айткан сөзүн бай Жакып шашпай тыңшап, ар уккан сайын бай Жакыптын көзүнөн жаш бурчактап кылгырып:

“Байбичең тууду эркек уул,
Байкасаң Жакып сөзүм бул
Баркыраган доошу
Тай чабым жерден угулду,
Олтурат элем үйүмдө,
Окшуп келип жүрөгүм
Оозума тыгылды.
Каралашкан катындар,
Кармалашкан келиндер,
Кошо жүргөн зайыптар,
Кошоматчы кишилер,
Жашы менен кары айтат,
Жалпы аламан баары айтат:
“Курсакты катуу сүздү,-дейт,
Эки колун толтура
Кан чеңгелдеп түштү-дейт,
Орогондо чиренсе
Отуздагы кишидей
Ошондо да күчтүү-дейт.
Бала да болсо мыкты,-дейт,
Байбиченин боорун
Балчыктай кармап чыкты-дейт” [1:37-б.].

Ушул кептерди укканда, абдан толкунданып, кубанып турган Жакып түрдүү-түмөн, а түгүл, тескери ойлор да анын жан дүйнөсүн бир чымылдатып өтпөй

койбойт. Анткени Акбалтанын алгач сүйүнчүлөгөн сөздөрүн ошол убакта бай Жакып эс-учун жоготуп койгон себептүү, анын эсинде калбаган болчу. Жакып Акбалтага карап, бул сенин какшыгыңбы, байбичең зордукчул, зомбучул, өткүр, канкор, анткор баланы төрөдү деп эле чынын айтсаң болбойбу; эмне, мал-мүлкүмдү, дүнүйөмдү чачаар бала болобу; байбичем деги аман калыппы?-деп Акбалтага капаланат. Анда Акбалта ачууланып, "Балам жок"-деп, зарлап, майышып, "Карам жок"-деп, кайышып жүрөсүң, балага жаңы жеткениңде:

Бай Жакып байым нетесиң?
Баладан малды жуук көргөн
Бакыл киши экенсиң,
Бекинем малга-деп жүрүп,
Бейыйман өлөр бекенсиң?!-деп [1:38-б.]

Акбалта:-Бергиң келсе,-бер, айтаарың болсо,-айт, болбосо, азыр мен үйгө кайтам,-дейт. Акбалтанын ал сөзүнө Жакып бай арсаңдап күлүп, "Мына бу алтынды алчы бир калта",-деп, буга кошумча дагы кандай сүйүнчү берээрин ачык айтып, катындардан, кыздардан, келиндерден дагы сүйүнчүлөп алгын деп, эми Ай-талаада жүрбөй, үйгө кетели да, байбиченин баласын көрөлү деген ишааратын айтып, экөө айылга кайтышат. Алар айылга жакындаганда, алардын алдынан кырк киши чыгып калып, "Сүйүнчү бай, сүйүнчү!"-дешип, айгай салышат. Бай Жакып: -Араңардан мага жакының бар, жатың бар, ар кимиңер минген атыңарды өзүңөргө сүйүнчү катары алгыла, аттан куру калганың, менден капа болбогула, бирок аларды да ыраазы кылаарын айтып, калыстыгын, кенендигин, марттыгын көрсөтөт. Калыстык, марттык байыркы ата-бабалардан бери кыргыз элинде эң бааланган сапаттардан болуп эсептелет. Мисалы, даанышман акын Молдо Нияз чыгармасында марттыкты арбын даңазалайт. Анткени, бай Жакып: -сүйүнчүнү, мени алгач издеп тапкан

Акбалта алды. Тилекке каршы, силер кечиктиңер десе деле анын сөзү жөндүү болмок. Бай Жакыптын үнүн кулагы чалып калып, Канышбек менен Канымжан аны босогодо утурлай тосуп чыгышкан учурда:

"Бешик боосу бек болсун,

Кундагың боосу кут болсун!"-деген ак бата сөздөрүн ыроолоп, бай Жакып басып үйүнө кирет:

Баласын алып болукшуп,

Байбичеси толукшуп,

Олтурган экен үйүндө,-деп сүрөттөлөт.

Жакып Бакдөөлөткө баласын ага алып келүүсүн ишаарат кылат:

Баланы Жакып алганы,

"Бала деген шубу?!"-деп,

Бакырып ыйлап калганы.

Кубанды Жакып ыйлады,

Кучакта бала туйлады.

Баланын үнү баркырап,

Айбатынан атасы

Баары бою калтырап,

Баркырап ыйлап баласы,

Жалмалап тамак карады,

Атакеси бай Жакып

Аяк-колун кармоого,

Алы келбей барады,-делет [1:38-б.].

Андан ары бай Жакып баласына кылдат саресеп салып, анын маңдайы, бети-башы, дене, тулку боюна карап, андан эр мүнөздү, алп денени, пил мүчөнү көрүп:

Жолборс моюн, жоон билек,

Жооруну калың, таш жүрөк,

Жылма кабак, жылдыз көз,

Бөрү кулак, жолборс төш-

Бөлөкчө түрү бар экен!-деп [1:39-б.], кудайым кут кылган болсо, ымыркайымдын өмүрүн сурайын, жараткан

жашын берсе, өлбөсөм, менин душмандарымдан кегимди, өчүмдү алаар бала болоор деп баласынын келечегине үмүттүү карап, аны бетинен өбөт. Ошентип, бай Жакып чоң той берүү чечимине келет.

Адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИАнын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2. Байгазиев С. Кыргыз адабиятынын тарыхы, 3-том, Бишкек, 2004, 415-б.

3. Акматалиев Амантур Сейтаалы уулу. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү.-Б.: Шам, 2000.-28-б.

4. Молло Нияз. Санат дигарасттарҮАрап тамгасындагы эски жазмадан азыркы тамгага Р. Зулпукаровдун көмөгү менен көчүргөн, китеп кылып түзгөн жана Баш сөзү менен сөздүктөрүн, кошумчаларын жазган Омор Сооронов.-Б., 1993. -176 б.

5. Колдошев М. Молдо Нияз таалими: Адеп-ахлак, ыйман сабагы.-Б.: “Айбек”, 1995. -40 б.

## Манастын төрөлүшүнө байланыштуу той берүү салтынын таалим-тарбиялык жагдайлары

Манас эсен-аман төрөлгөн соң, бай Жакып чоң той берүүнү алдыртадан ниет-тилек кылып жүргөн болчу. Анын жыйнаган эсепсиз мал-мүлкүнүн бир эле чети жөнүндө мындай:

Ошо кезде жылкысы,
Эсеп кылып санаса,
Отуз сегиз миң болгон,-[1:39]
деп айтылат.

Ушу баламдын төрөлгөнүн алыс-жакын эл-журт, калайыктын баары укту, тойдун шылтоосу менен тууган-уруктарымы, ар түрдүү урууларды чогултуу, алардын башын бириктирүү максат-мүдөөсүн көздөп, б.а. алардын

ичинен карым-катышып жүргөндөрү, катташпай калгандары бар дегендей:

Ага-инимдин баарысын,
Бир чогултуп алайын,- делет [1:39]

Анткени, ошол доордо кыргыздардын айрым уруулары ар кайсы жерде чачылып, алардын өз ара жана кыргыздардын негизги уруулары (б.а. жыйынтыктуу, топтошуп жашагандары) менен болгон байланыштары дээрлик үзүлүү коркунучунда болуучу. Алардын тушуккан мындай абалына бай Жакып ичинен зыркырап, зээни кейип:

Айылымда кыргыз аз болуп,
Кордугун көрүп кытайдын,
Конушун кошпой куруду,
Коңшу болуп маңгулга,
Кор болду Ногой уругу.
Орозду калды Ополдо,
Бай калды башкы Сугумда,
Көзкамандын балдары
Көйкапка жакын барганы,
Көрө албай бизди калганы,
Көрүндү көзгө ойлосом
Бу дүнүйө жалганы [1:40].

Жогорудагы саптар Жакыптын бир туугандары бир топ алыс жактарды жердеп калышкандыктан, алар менен болгон байланышы токтоп калгандыгын кабарлайт. Тойго чакырууга отуз кишини белендеп, аларга тойго чакыруунун чектерин даана түшүн-дүрүп, а түгүл калмактарга, кытай маңгулдарга чейин кабарсыз калбоосун дайындап, кай жерде той болоорун сурашса, “Үч-Арал”-деп айткыла дейт. Оюн-зооктуу, шаан-шөкөттүү той өткөрүүнү ниеттенип, чабармандардын эсине кошумча дагы айтат, б.а. тойго өнөрпоздор, балбандар, күлүктөрү кошо келишсин жана:

Ээрчите келсин эшенин,
Четине алсын чеченин,
Кошуп келсин кожосун,
Ала келсин аярын,
Болжоп келсин молдосун,

Мында келип өкүнбөй,
Мыктап келсин жолдошун, –деп [1:40], биздин оюбузча, биринчиден, тойдун даңазасын көтөргүсү келсе, экинчиден, тойго келген элдин, бала-бакыранын көңүл кушун көтөрүүнү, аларга кубаныч тартуулоону, алардын рухий жан дүйнөсүн байытууну, дүйнө таанымын кеңейтүүнү каалагандыгы баамдалат. Ошондой эле балбандарга, күлүктөргө кандай соорундар коюларын, кошумча дагы кайсы байгелер беленделгендигин, маселен:

Катыным бала тапканга,
Калкка берген бу бир той.
Ортосун өзүң ойлоп бил,
Отуз атка байге бар
Озуп келсе күлүгүң
Ойротто жок пайда бар!-деп, чабармандарга маалымдайт [1:40].

Тойго көп эл келээрин билип, бай Жакып дасторконду таза күтүүнү, гигиена, тазалыкка бөтөнчө көңүл бурууну дайындайт. Анткени ар кандай күтүүсүз оорулардын, жугуштуу илдеттердин очогу болуп калуусунан корккондугун айтат. Андан ары тойго камдануу жана тойдун башталышын чыдамсыздык менен күтүү башталат. Той күздүн (б.а. берекелүү маалда) бейшембисинде башталып, ошо күнү канча бээ союлгандыгы, жума, ишемби, жекшемби, айланып келип кайра бейшембиде канчадан мал союлгандыгы ж.у.с.лар баяндалат да,

Ага-ини туугандар,

Аламанды коюңар!-деп [1:41], бай Жакып туугандарына кайрылгандыгы, сабыр-каниет кылып тургула, ар-намысыңарды сактагыла, өзүңөрдү сөзгө калтырбагыла, пас экен дедирбегиле, конокторду жакшылап күтүп, нарк сактап, сый-зыйнатын көрсөтүп, узатып алалы дегендегиси:

Жети жүз очок ойдурду,
Жетимиш үйлүү кыргызын
Эт башкартып койдурду,-деген саптар тойдун канчалыгын, өлчөмүн даана айгинелейт [1:41]. Тойдо кызыл туу желбиреп, балбан күрөш оюну башталат. Алгач күрөшкө калмактан Карасман жана казактын Калдар балбандары чыгышат. Айыгышкан кармашта казак балбаны жыгат. Кармашууга маңгулдан Чокон дөө жана түрктөн Түгөлбай аттуу балбандар чыгышат. Күрөш абдан курч өтүп, аягында Түгөлбай балбан жеңип чыгат. Оюндун жүрүшүндө беттешкен тараптардын, алардын күйөрмандарынын ортосунда эрегишүү, өз ара намыс талашуу күчөгөндөн күчөп олтуруп, бир-бирин чабышууга чукулдап калышат. Маселен, кытай журтунан Күнөс аттуу балбан колуна курал алып майданга чуркап чыгып: "Түрк тукуму болгонуң, кел бери каныңды төгөмүн, жаныңды кыямын" деп катуу бакырганда, казактан:

Айдаркан чыкты айкырып,
Айбаттанып бакырып:
"Кытайдан болсоң, сен-деди,
Кылым түрктөн мен-деди,
Кызыталак капырым,
Кыйын болсоң кел!-деп,
чоң айгай башталат [1:43].
Бул көрүнүш чиеленишип:
"Тойду баштап салдым-деп,
Тозокко кандай калдым?!- деп,
Бай Жакып шашып анталап.

Түрктүн баары дүркүрөп,

Күн батыш журту күркүрөп,- деген саптар күбөлөйт [1:43]. Ошол себептүү, чукул аранын ичинде тойго келишкен ар кайсы журт башчыларын, жакшыларын, калыстарын кеңешүүгө чакырып, таймаш оюндарын эки күнгө токтотуу чечимине келишет. "Эртеси атты чапканы, байгенин башын байлады"- делип, күлүк чабуу оюну башталат. Күлүк чабуу учурундагы көрүнүштөр абдан көркөм, таамай сүрөттөлөт. Мында да мөөрөй талашуу, эрегишүү, намыстануу кайрадан жанданат:

Куралып калган көп түрк,
Кужулдаган көпчүлүк.
"Кытай алса бекер-деп,
Кызыр бизден кетер-деп,
Каңгай алса бекер-деп,
Касиет бизден кетер-деп,
Желтаман менен Суркийик

Бирөө алса экен!"-деп [1:44], абдан үмүт-төнүшүп, маарага жакындаганда Желтамандын басыгы басаңдап, Суркийик озуп чыгат. Ошентип, отуз бир атка байге коюлуп, Акбалтанын Көкчологу маарага отуз биринчи болуп келет. Той соңунда коноктордун баарын ыраазы кылып узатууга аракеттенишип, тойдун жакшы өткөнүн белгилешет.

Балага ат коюу каадасына кезек келет. "Жарык дүйнөгө ыңаалап келген балага ат ыроолоодо кыргыздарда жакшы каада болгон,-дейт Амантур Акматалиев,-чоң аталардын жолу улук эмеспи, ошондуктан: "Ата, неберелүү болдуңуз, сүйүнчү, эркек экен, кыз экен"-деп ага атайы кабарлашып, карынын карт денесин балкыткан. Албетте, бул-улууну ызаттоо, урматтоо жолун сактоо. Ата пайгамбар сабааларга жалынып, эшикке чыгып, кыбыланы карап, жоошуп жаткан теребелди айланта көз чаптырып, азан чакыра турган. Баланын атын чоң атасы коюусу-ошол

элдин салттуулугун сактоо. Андай сыйдын артында "Ушундай алпылдаган абышка болсун, көп жашасын, тукуму өссүн"-деген ак тилек, адил ой жатат [2:27].

Бай Жакыптын баласына ат коюу каадасы бир аз өзгөчөлүү сыяктанат, бирок, маанисине акыл калчай келгенде А. Акматалиевдин жогорудагы көз карашына окшош. Жакып тойго келишкен ар кайсы уруулардын акылмандарын, билермандарын, эл жакшыларын боз үйгө чакырып, алардын алты аксакалына баалуу сарпай, калгандарына бирден тон кийгизип, б.а. аларды ыраазы кылып, чоңдоруна үч сарпай чыгарат:

Кийген тону жарашып,
Бирин-бири карашып,-делет [1:45].
Бай Жакып баланы алыптыр,
Этегине салыптыр,
Ээрчий басып Чыйырды
Эки кымкап алыптыр.
Элүү дилде кызыл бул
Колуна кармап салыптыр.

"Ат коюңар!"-деп, айтып,
Ак сакал Жакып кеп айтып,
Көптүн келди астына.
"Ат асмандан дечү эле,
Жакшы ат коёр бекен?"-деп,
Көзүн салып бай Жакып,
Аяк менен башына [1:45].

Алар кандай ат коёрун билишпей, шашып, жалдырап калышканда, кайдандыр-жайдандыр бир дубана пайда болот да "баарыңар сонундап тонду кийипсиңер, бирдей унчукпай, үн катпай олтуруп калыпсыңар, жумушуңар кандай? Ободу сизден сурайын"-деп, Бердикеден жооп сурайт. Бердике: -Дубанам, ушул балага ат коюп берсең, баарыбыз-дын сообубузду алаар элең. Башы Байгур

ругунан, түбү түрктүн улугунан, бабасы Бабыр кан болот, бай Жакып деген бу киши, мал-мүлкү мол, баласыз жүрүп балалуу болду, жашы элүүдө: -Коюп берсең бир жакшы ат,

Кубангандай асман-көк!
Ат коё албай көпчүлүк
Камалып турган тушу,-деп, Бердике жагдайдын жөн-жайын баяндайт. Анда дубана, мага уруксат берсеңер, атын мен коёюн деп сүйлөгөндө, ат коюңуз!-деп баары чуру-чуу түшүшөт:

"Баш жагына "мем" келсин
Байгамбардын сүрөтү,
Ортосуна "нун" келсин
Олуянын сүрөтү,
Аягына "сен" келсин
Арстандардын боруму,
Арты кайда кетти экен
Ал үчөөнүн оруну?"
Окуп билди "Манас!"-деп,
Оозуна келди шондой кеп.
Ат коюлду-"Манас!"-деп,
"Алда Таала сактасын,
Ар балаадан калас!"-деп,
Бата кылды баарысы,
Жашы менен карысы.
"Аты жакшы болду"-деп,
Айтканда көңүл толду!"-деп,
Ата-энеси кубанды [1:45].

Андан ары Чыйырды дубананын астына алтынын, кымкабын, тондорун коёт. Дубана "Алдым дагы, бердим!"-деп кайра кайтарып [1:46], алардын көзүнөн кайып болот.

Ошентип, боз үйгө атайы чакырылган акылмандардын, билермандардын балага ат коюуда "Олтурган эрлер дегдеди, оозуна бир ат келбеди" делип

таамай мүнөздөлгөндөй, ойлонушуп, тым-тырс боло түшкөн, тушуккан абалдары, ушул убакта дубананын пайда болушу, бул, биздин оюбузча, жарык дүйнөгө касиеттүү баланын келишинин сырдуу белгиси. Дубана-мал-мүлк, дүнүйө менен иши жок аруу жан. Ушундай жан дүйнөсү таза жандын ат коюуга келүүсү, бул, ошол кырдаал үчүн мыйзам ченемдүү көрүнүш дээр элек. Демек, чоң той берүүнүн өзөктүү мааниси наристеге ак тилек, аруу үмүт, жакшы ниет менен, б.а. элестүү айтканда "Асман-Көк кубангандай!" ат коюлуусунда болуп саналат.

Пайдаланылган адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча [Текст]Ү КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2. Акматалиев А.С. уулу. Кыргыздын көөнөрбөс дөөлөттөрү [Текст] Ү -Б.: Шам, 2000.

3. Дүйшөнов Эшмухаммед. Ааламдашуу учу-рундагы адамдын ишеним-ыйманы ҮҮАдамдын туруктуу өнүгүшү-өлкөнү өнүктүрүүнүн максаты жана майнабы. VI илимий симпозиумдун материалдары.- Б.: 2013-жыл. -134-б.

4. Алимбеков Акматали. Кыргыз этнопедагоги-касы: I бөлүк: Респ. мугалим. адистик берүүчү жогорку, орто окуу жайларынын студ. үчүн окуу куралы.-Б.: 1996. -69 б.

5. Акмолдоева Ш.Б. "Манас" ааламы Ү Акад. А.Ч.Какеевдин редакциясы астында Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети.-Бишкек: Илим, 2013. -160 б.

## Бай Жакыптын баласы Манасты эмгекке тарбиялоо боюнча алгачкы кадамы

Манастын балалык кезиндеги таалим-тарбиялык жагдайлар педагогдор үчүн өзүнчө акыл калчап, маани берүүгө арзыйт. Анын жашы сегизге келгенге чейин көрүнүктүү аалым-педагог Советбек Байгазиевдин айтымында “Атасы Жакып буга чейин зарлап жүрүп көргөн ботосун башынан сылап эркелетип, жайына коюп, ыгы менен акыл-насаатын айтып, астыртан тарбиясын берип, бапестеп багып (“Эркелетип энеси, аркалап жүрдү атасы”), өстүрүп келген,”-делип мүнөздөлөт [1].

Кыргыз үй-бүлөсүндө баланы тарбиялоонун, асыроонун бир бөтөнчөлүгү, ырасында ал 7-8 жашка чыкканга чейин ата-эне, чоң ата-чоң энелердин мээримине бөлөнүп, алдейленип, бапестелип өстүрүлгөн.

Эзелки ата-бабаларыбыз баланын келечегинен абдан зор үмүттөнгөндүгү айтылып келет. Кичи-некей мотуракай баладан өзүнүн максат-мүдөөсүн жүзөгө ашыруучуну, жолун, өнөрүн улантуучуну көргөн, ниет кылган, тилеген. Андыктан балага аяр мамиле жасоо керектиги ата-эненин дайыма ой-санаасында, жан дүйнөсүндө кандайдыр сыр катары жүргөн. Ушуга өзөктөш ойду кыргыздын көрүнүктүү этнопедагогу Сабыр Иптар уулу да: “... бала-жаратылыштын эле перзенти эмес, Жараткан ыроологон шыбаганын да ээси. Илим тили менен айтсак, ал “актуалдуулук эмес, потенциалдуулук” (М.Мамардашвили). Балада бугуп жаткан ааламдык акыл да, өлбөс өнөр да, теңдешсиз күч да бар. Тегинден француздар: “Бала менен сүйлөшүп жатканда сак бол, балким, алдыңда Бонапарт (Наполеон) турбасын”,-дебесе керек деп жүйөөлөйт. Баладагы дымакты, өнөрдү, касиетти эч ким, эч качан, эч нерсе менен так өлчөп, аныктап бере албайт. Андыктан ар бир ата-эне, ар бир агай-эжей, ар бир адам аны асыл ташка айлантчу алмаз катары көрүп, аярлап мамиле жасап, алдыртан байкап-баамдап, алпештеп өстүрүүгө аракеттенүүсү керек” [4:27].

Анын жашы сегизден кичине ашкан кезде ашкере тентектиги, “ойго келбеген, түшкө кирбеген” дегендей кылык-жоруктары көзгө уруна баштайт, маселен, “кээ бир күнү караса, керээли-кечке жуунат; айрым күнү билгенин кылып кете берет; жүрүп кетет кээ бирде, бир ай да колун жуубастан; арам-адал түк билбей, ар бир түрлүү иш кылат, ага-инисин көзгө илбей; басып кетет кээ күнү, байлатпаган жиндидей”:

Кыялына келгенин
Кылбай асты койбогон.
Балдарды көрсө жыйыптыр,
Мазарды көрсө кыйыптыр [2:47].

Эл ичинде бай Жакыптын уулу жөнүндө терс маанайда ар кандай ушак-айыңдар күчөй баштайт. Кыргыздарда бабалардан уланып келе жаткан салт боюнча үй-бүлө башчысы катары ата эсептелген. Баланын күткөн адебине, мүнөзүнө, тутунган жүрүм-турумуна, кыял-жоругуна, эмгекке мамилесине карап, ошол үй-бүлөдө жүргүзүлгөн таалим-тарбиясына баа беришкен. Эл ичинде кабыл алынган, элдин түшүнүк-таанымына, көз карашына орногон, сиңген адеп-ахлак, эмгек ж.б. тарбиялар-дын эрежелери, көнүмүшкө, нормага айланган көрүнүштөрү, адаттары баланын тарбиялык деңгээлине баа берүүнүн ченеми, өлчөмү катары кабыл алынып келгендиги белгилүү. Ошол себептүү бай Жакыптын баласынын дарегине калайык ичинде айтылган түрдүү-түмөн сын кептер, анын адамдык абийирине, беделине шек кетирип, кадыр-баркына көлөкө түшүрүп, бул жагдайда анын ичинен сыздагандыгын жана абдан оор абалга кабылган-дыгын туура түшүнүү керек. Бирок, бала Манаска психологиялык көз караштa карай келгенде, ал чынында, адаттан тыш, бөтөнчөлүү касиеттерге жана сапаттарга ээ. Советбек Байгазиев бала Манасты “Ажайып бала” деп, абдан орундуу мүнөздөгөн жана буга мындай түшүндүрмө

берет: “Ажайып бала” кайсы жерде, кайсы доордо туулбасын, ар качан демейки көнүмүш чен-өлчөмдөргө сыйбагандыгы менен бөтөнчөлөнүп келген. Ал өзүнчө бир табияттын сейрек жаралчу феномени. Көрүңүзчү, бир эле жалаң дене күч-кубаты, сырткы келбет-турпаты жагынан караганда да бала Манас таңыркатпай койбойт. ...терең карай келсек, Манастын баш бербеген тентектиги анын эссиздигинен же эркелигинен, же болбосо кандайдыр бир “криминалдык психологиясынан” эмес, тескерисинче, кан тамырларында шакардай кайнаган, жан түпкүрүнөн тышты карай удургуп, октос берген албуут энергиядан улам токтоно албаган ички күчүнөн болуп жаткандыгын байкайбыз. Бала Манас мунусун өзү да билбейт. Ичтеги “буркулдап кайнаган” күчтү, буулугуп-булкунган азоо кубатты, “күйүп турган чокту” тормоздоого (ооздуктоого-М.К.) алы келбей, “бөрү кулак, жолборс төш” жаш бала көп учурда ...илгертен салтка айланган нормалардын жана эрежелердин нугунда жашаганга көнгөн катардагы көрпенделердин ушак-айыңынын предметине айланып кетип жатат”. [1:381,383,384].

Бул түзүлгөн татаал кырдаалдан кантип чыгуу керек? Биздин оюбузча, турмуштук мол тажрыйбага эгедер бай Жакып туура тарбиялык жол табат. Ал бардык сөзүн байбичесине келип айтат: -Байкасам, балаңдын акылы аз, дөөлөткө мас болуп жүрөт, тил албас болду, “эркелетип олтурбай”, мал-мүлктүн, дүнүйөнүн баркын билгизип, “сөз айтууга жатыксын, сөөгү бышып катыксын”, мал азабын бир тарттырып көрөлү; жайлоодо Ошпур деген койчу бар, ошого алты ай кой кайтарууга берели,-дейт. Бай Жакыптын бул акыл кебин байбичеси макул таап,  Манасты чакырышат. Ал мал бактыруу талабын орундатуу үчүн баласына абдан жатык тил менен өзүнүн картайып баратышына байланыштуу мал табууга алы-күчүнүн улам азайып баратканын, балам, азыр сенин

мал табар кезиң, Ошпур деген байдын койлорун кайтарышсаң, койлорубузга кошумча козуларын берет,”- деп түшүндүрөт. Бирок, айта кетчү жагдай, чынында, Ошпур бай Жакыптын койчусу болчу. Бул жагдайда бай Жакып баласынын психологиялык жана курактык өзгөчөлүгүн кылдат эске алып жатат. Бала Манас Ошпурдун атасынын койчусу экенин билген болсо, ал атасынын талабына көнбөйт болчу.

Манас атасына айрым суроолорду берип, атасынын ынанымдуу жообунан кийин барууга макул болот:

“Кой берүүчү бай болсо,
Андан не үчүн качайын
Жегениме май болсо,
Орун-төшөк жай болсо
Чоң эмесмин, баламын,
Жообуңду ата аламын,
Токтобоймун, барамын.
Байкуш болор нээтим жок,
Мал табууга барамын,
Мени коюп, атаке,
Өз алыңды карагын,-деп [2:48],

атасын аягандыгы, ага болгон урмат-сый мамилеси (б.а. анын курагын эске алганда акыл көрөнгөсүнүн купулга толумдуулугу) билинип турат жана, албетте, анын түшүнүгүнүн, акыл-эс дара-метинин жетээрлик экени байкалат.

Ошпурга келгенде бай Жакып аны менен баласынын көзүнчө эмес, жашыруун сүйлөшүп: -силерге козу кайтарсын деп алып келдим, кээде ач койгула, кээде ток болсун; “тил азар” болуп, кебиңерди албаса, урсаңар да макул, балам катыксын,-деген талабын айтып, үйүнө кайтат. Күндөрдүн биринде Манас он бир жаштагы Чегебай экөө кобурап-жобурашып, козуларды жүдөтпөй, жакшылап жайып багалы деген ой менен бадалдуу тоону

көздөй айдашат. Бир убакта каршы алдынан бөрү чыгып, козуларды качырат. Ал аңгыча бир козуну баса калып, куйругун жулуп алат:

“Бул эмине шумдук?!”-деп,
Көрүп айран калганы.
Манас туруп кеп сурайт,
Он бирдеги баладан:
“Бул эмине?”-деп сурайт [2:49].

Чегебай: -мунун аты бөрү, эркине тим койсо, козунун бүт баарын жеп, тоо жакка кете берет,-деп айгай салышып, Манас бөрүгө карай чуркайт. Бөрү болсо Манаска көзүн салып, кайраттанып күркүрөгөн учурда, Чегебай “кара бою дүркүрөп” качат. “Неге качасың, коркоксуң”-деп, Манастын кыжыры кайнап, бөрүгө чуркап жакындаганда, карышкыр козуну көтөрүп качат. Бала карышкырды кууп жөнөйт. Бала Манас тогуз жашта болуучу жана бул эрдик болбогондо эмне! Бийик тоо ичине карышкыр кирип кетип, “козунун канын кубалап” артынан Манас жетип барып караса:

Аттары бар канаттуу
Адамдан башка санаттуу,
Аргымак, бедөө минишкен,
Аземдүү тонду кийишкен,
Ак жолуна киришкен
Бир үңкүрдө кырк киши-
Бир өтөктө жык киши.
Чайдоосто чайы кайнаган,
Дасторкону жайнаган,
Албан түрлүү жемиштен
Оозго салып чайнаган.
Аларды көрүп алганы,
Жартысын жеген козусун
Жанына байлап салганы.
Козусу аман маарап тур,

Козуга Манас карап тур, [2:49-50], -

көргөндөрүнө жана козусунун тирүү байланып турганын көрүп, айран-таң калып, аларга суроо салат: -козумдун жартысы желген, каны төгүлгөн, өлгөн болчу, эми минтип бул жерде аман бойдон көрүп турганым эмнеси?-дейт. Алар: -бизди өз оюңда "бөрү" деп жатсаң керек, антип көөнүңө алба жана бизден коркпо, сени Кудай кайраттуу жараткан, биздин сөздү ук,-дешет. Бала Манас козуну бөктөрө качкан бөрүнүн түгү көк болчу, ал "ит сүрөттүү, тик кулак, бир кулач жерди бир чуркап"-деп, бөрүнү жана окуянын кандай болгонун сүрөттөп, ошол бөрүнү көрдүңөрбү, көрсөңөр, жөн-жайын айтып койсоңор,-дегенде, алар ошол бөрү болгон биз,-деп, "сиз бөлөкчө жаралган жансыз, кызыр Илияс сизди кырк күндөн бери издеген болчу, биз кырк чилтен деген болобуз; бир Кудайдын буйругун тутуп иш кылабыз, макулуктун, жан-жаныбардын баарысына жакшылыгын арнап, аларды ар дайым колдоп жүрөт:

Болсо сенде дил-деди,
Болжоп акты бил-деди.
Ак ислам динине
Азбай, балам, кир! –

деди, б.а. бала Манастын көзүнө Ааламдын кандайдыр купуялуу, сырдуу күчтөрү көрүнүп, аны Ислам динине кирүүгө жана жашоо-турмушунда туура жол тутунууну насыяттап жатышат. Анда Манас өз оюн тактоо үчүн аларга дагы суроо салат жана бул жерден бала Манастын акыл дараметинин бир топ жеткилеңдиги байкалат. Маселен, "адамдар кандайлыктан карышкырга айланып калышат. Араңардан киминердин көк бөрү болгонуңарды көрөйүнчү, анан насыятыңа көнөйүн, ушунчаны жараткан "кайда болот Кудайың?":

Үйү-жайы кай жерде?
Абалы ордун сизден сурайын,-дейт [2:51].

Кызматта жүргөн кырк чилтен каткырып күлүшүп:
“Урматы бар бул жайда,
Үй болобу Кудайда?!
Угуп турган кулагың,
“Ушу!”-деп, билгин турагын! –

дешип, жыт билген мурунуңуз да, ачуу менен таттууну ажыраткан ооз тилиңиз да, көрүп турган көзүңүз, кармай турган колуңуз, баса турган бутуңуз, ошо “Кудуреттин күчү” деп, көңүлүңө тутуңуз, көкүрөк, жүрөк, дилиңиз:

Кудаанын үйү экен-деп,
Куп ошондой билиңиз!
Кырк чилтен айта салганы,
Бир силкинип да бирөө
Көк бөрү боло калганы.
“Бирде бөрү, бирде адам,
Анык сонун экен!”-деп,
Көөнүнө бала алганы,-делет [2:51].

Албетте, бул көрүнүштөрдөн соң, бала Манастын сезим-туюмунда, дилинде, акыл-эсинде Ислам дини жөнүндө алгачкы түшүнүктөр пайда болбой койбойт. Ошентип, кырк чилтен көздөн кантип кайып болгондугу жөнүндө сөз болот. Андан ары Кутубий экөө баягы козуну жетелешип, козуларына келишет. Эми бул козуга алардын колу тийип калбадыбы, козу соо эмес:

Кой, ушуну соелу
Этин жейли, тоелу,
Ата-энебиз сураса
Аларга айтпай коёлу,- дешип акылдашышат [2:52].

Козуну союшуп, отунду жыйышып, бирок, аны жагууга от таба албай коюшат. Ошол учурда белине балта байлаган, оттугу бар жанында, бир абышка алардын жанына келип калып:

“Кандай бейбаш баласың,

Бекеринен не үчүн
Козу союп саласың?
Эне-атаңа айтамын,
Айтып коюп кайтамын!”-деп, [2:52],

Манаска катуу догурунуп, бастырарда андан оттук сурайт. Абышка жайы “Алтай тыргоот калмагы” болчу жана “үтүрөйүп бу калмак” балага оттук бербей коёт. Ошондо 9 жаштагы Манас ачууланып, чалдын курунан кармап, атынан оодара тарткан учурда, чал чалкасынан жыгылаарда, жанындагы Кутубий чалды аркадан жөлөп калып, кырсыктан аман алып калат. Абышка менен Манас кайым айтышып, Манас ага бул жерде өлүп калаарыңда кетип кал деп катуу ызааланганда, чал коркконунан, оттук, курдан айрылып, Ошпурду көздөй сумсайып, аттанып жөнөйт.

Ал арада Саламат айылынан козу кайтарыш-кан төрт бала бул экөөнүн жанына жакындап калышат. Алар төмөнтөн келе жатышып минтип кеңешишет, б.а. экөөн аябай сабап токмоктосок, мындан кийин бу козу оттоочу жакшынакай жайытка козу кайтаруудан үмүтүн үзүшүп, коркуп кетип калышат дешет. Төртөө келе калып, алардын улуусу Айнакул Манастын жанындагы Кутманды жыгып, төшүнө минип алганда, Манас болуша кетип, Айнакулду жыга тартат. Айнакул тура калып, Манаска жулкунганда, ал анын башына муштум менен коюп калат. Башка тийген катуу муштумдан Айнакул эсинен тана жыгылат. Манас ачууланып, ойлонбостон оозуңа келген кепти “оттойсуң”, өз кылганың өзүңө, жетип келип баскыдай, силерге ал эмне кылды?!-деп, аны жакасынан сүйрөгөндө, Айнакул жалынып:

“Жаным чыгат, кокуй!”-деп,
Сынганга окшойт башым-деп,
Чыкты көздөн жашым!”-деп,
Тура албады ордунан,

“Тур!”-деп, келип бу Манас
Көтөрдү анын колунан,-делет [2:53].

Калган үчөө Манаска үч тараптан куюндай чабуулга өтүшүп жабышкан учурда, Манас ызааланып:

Камтый кармап үчөөнү,
Урду жерге колунан.
Төртөө бирдей ыйлады,
Төгүп жашын тыйбады.
“Төрө мени дегин!-деп,
Козунун этин жегин”-деп, [2:54],

козунун этин шишкебек кылып, аларды этке тойгузуп Манас сыйлап, эми кардыңар тойгон соң, үйгө барып эмне кыласыңар деп:

Алты бала чогулдук,
Нак ушу жерге жатабыз,
Ашык оюн атабыз.
Аны айтып бу Манас
Козусун кошуп алганы,-делет [2:54].

Ошо түнү Манас дагы эки козуну балдарга сойдуруп, шишкебекке тоюшат. Ал эми кечээ кечтен бери айылга козулар кайтпагандыктан, Ошпур жана Саламат айылынын тургундары сар-санаага баты-шып, бу балдар адашып кетишкен го, козулардын кыйласын карышкыр кырган болуу керек дешип, адырлап, коктулап-кырдап, аттуу- жөөлүү болушуп издеп жөнөшөт. Алыс орундан Алмалуу жылгасынан караса, алты бөрү козуларды талап жүргөнүн көрүшөт. Саламат айылынын баарысы, Кадоо, Ошпур карысы, туш-туштан сабалашып, аттуу-жөөлүү бабалашып, кыйкырык-чуу салышып, жетип келип карашса, бая балдардан бөлөк карышкыр түгүл түк да жоктугун, козулар он-он беши жыйылып чогулушуп тургандарын көрүшөт. “Не кондуңар мында?”-деп, жаш балдардан сурашканда:

“Береги Ошпур байдын малайы

Ойрон кылды далайды,
Үч козуну сойду-деп,
Үйүбүзгө жибербей,
“Конуп жат!-деп койду”-деп, [2:55]
балдар даттанышат.

Балдардын бул кебин байкап, айран калган бай Саламат козуларын бөлүп саноону буюрат. Козулары эсен-түгөл чыгат. “Козу эсебин алууга мен сенден мурун озундум”, эми сен козуңдун эсебин ал,-деп Ошпурга кеп айтат. Кадоо менен Ошпурдун козулары да аман-түгөл чыгат. Жана эле алты бөрү козуларга кыргын салып жүрбөдү беле, айтор, кандай шумдук, бул көрүнүшкө баары айран-таң калышат. Чалдар чогулуп турушканда баягы Маңачар калмак келип, Манас менен болгон окуяны Ошпурга төкпөй-чачпай айтып, ага аябай арыз-данат. Мен дагы далайыңдын сазайын колуңа карматаармын деген мааниде өчөшкөнүн, кегин айтат. Анда Ошпур оттук, бычак, куруң бала Манаста болсо, андан алып берейин деп, Манасты көздөй жөнөйт.

Ошпур балага келип, мынча чаң-тополоң саласың, калмактан тартып алгандарыңды кайтарып бер, антпесең, менин абийиримди кетиресиң деп ызааланат. Манас Ошпурга одурая карап, мен ал нерселерди балдарга бөлүп берип койгом, эгер “бергин” десең:

Калаба салып көрөмүн,
Калмагыңды өлтүрүп,
Кунун байлап беремин!-деп, [2:56],

калмакка айгай салганда, ал аттана качат. Манаска Ошпур батынып кебин айта албай:

“Курган кандай бала-деп,
Мени кууратмакка бай Жакып,
Берген экен мага-деп,
Бай Жакыпка барайын,
Мунун баянын айтып салайын,

Куу баладан кутулуп,
Анан тынчтык алайын”-деп, [2:56]

бай Жакыпты көздөй жөнөйт. Бай Жакыпка барганда, алгач анын байбичеси келип, баласынын жөн-жайын сурайт. Ошпур баланын аман-эсен экенин, бирок билгенин кылып жүргөнүн, анын өз оюна койсоң, козуң менен коюнду такыр түгөткүдөй, кайра өзүңөргө албасаңар болбос, аз күндөр ичинде аксакал Ошпур өлдү деп угаарсың!-деген сөздөрдү айтып, өтө наалып кирет. Анын сөзүн эстүү байбиче аңдап-билип, бай Жакыпка барып: -жалгыз баламдан кутула албай жүрөсүңбү, бассам-турсам муунум бошошуп, балам кетпейт санаамдан?! Балам Алтайдын арбын элинде, калмактын калың жеринде жүрөт, шол жердеги калмак деген арамдан көп чочунам, көңүлүмдө алаң бар, алып келгин баламды”,-деген сөздөрдү сүйлөп салат. Аңдап-байкап бу кепке Жакып макул болуп, эртеси күнү, бала Манастын кунанын алып:

“Баламды алып келейин,
Байбиченин колуна
Соо-саламат берейин,
Ошпур байым жүргүн”-деп, [2:56]

жолго чыгышып, ошо күнү кечинде Ошпур байдын айылына жетип барышат.

Атасы Жакып кеп айтып:
“Айланайын каралдым,
Бери келгин-деп,-айтып,
Козу бакпай коюпсуң,
Бир айча да болгон жок,
Бир түндө үчтөн союпсуң.
Урупсуң кары калмакты,
Калмак ойлоп кетиптир,
Мени бир балаага салмакты!”
Бай Жакып айтып салганы,-делет [2:57].

Бала ата кебин угуп: -корголоп, качып жүрүп күн көргөндөн көрө, катылышса көрөрмүн; Алладан каза жетсе, кандай болсо да өлөрмүн; калмактан мени кач дебеңиз атаке, өзүңүз үйгө кайтыңыз,-дегенде, бай Жакып: -баласын козу кайтарууга малайга берип койду деп, энең алды эсимди, эми куру барганда, энең мени жөн койбойт, мага тынчтык кайда?-деп:

Бай Жакып турду майышып,
Баласына кайышып,-делип айтылат [2:57].

Келүүсүнүн жөн-жайын, энесинин сөздөрүн айтып, анын сар-санаа тартып жүргөндүгүн бала-сына жатык тил менен түшүндүргөндө бала Манас:-“Барбаймын”-деп айта албай,

Ата сөзүн кайтарбай
Бармак болду баласы,
Жакыптын тынды санаасы,-деп, [2:57],

экөө үйүнө кайтышат. Мына ошентип, бала Манасты козу кайтарууга Ошпурдун колуна тапшы-рып, атасынын башта ойлогон мүдөөсү аткарыл-дыбы? Карап көрөлү. Биринчиден, Манас шериги Кутубий менен козу кайтарып жүрүшкөндө бир чилтен алардын көзүнө бөрү болуп көрүнүп, ошол бөрү бир козуну бөктөрө качканда, анын майтарыл-гыс эр жүрөктүүлүгүнөн улам, козунун тамчылаган канын кубалай бир асканын боорундагы үңкүр сыяктуу немеге барганда, адамдарды жана козусу-нун аман-соо байланып турганын көргөндө, алар Манасты ак Ислам динине кирүү сунушун айтышып, бала Манастын алардын келтирген жүйөөлөрүнө ынанышы, бул, Манастын көз карашында, дүйнө таанымында алдыда болуучу, күтүлүүчү жагымдуу өзгөрүүлөрдүн, туура багыттануунун алгачкы түрткүсү, башаты болуучу; экинчиден, чал калмак баланын козуну союп алганын көрүп, Манасты “бейбаш!” деп үтүрөңдөп, чатак салган көрүнүш; бул учурда чал калмак оболу айгай салбай,

үтүрөң-дөбөй,  аларды опузалабай эле, бала Манас андан сураган оттукту берип, козуну эмнеликтен сойгону-нунун жөнүн жумшак тил менен сурап, алардын бул жоругунун туура эместигин жүйөөлүү түшүндүргөн болсо, бала Манастын да тиешелүү түрдө урмат-сыйлуу мамилесине татымак жана балдардын көз алдында абышканын кадыр-баркы артмак; үчүнчүдөн, Саламат айылынын төрт өспүрүм  баласы Манас менен Кутубийди аябай токмоктоп, козу кайтарууга ылайыктуу жайга экинчи келгис кылууну чечишип, жаман ойдо келишип, алардын улуусу Кутубийди жыгып, төшүнө минип алып токмоктой баштаганда, Манас болушуп, ал экөө мушташа кетишип, Манас башка коюп калганда, ал эсинен тана жыгылат. Калган үчөө Манаска  үч тараптан ага жабыла катылышкан учурда, үчөөн тең ошол замат жерге катуу чабат. Төртөө тең кармашта жеңилгендерин моюндарына алышат. Бул жагдайда бала Манастын балбан билек күч кубаты, эрдиги даана көрүнөт. Ошондой эле анын жан дүйнөсүнүн аруулугу, кечиримдүүлүгү, ичине кек сактабаган, б.а. балалыктын баёо, таза сезимдерине чулганган адамгерчиликтүү сапаттары да ачык байкалат, анткени, ал төртөөн коркутуп-үркүтпөй, качырып, кубалабастан, тескерисинче, аларды жанына тартып, алар менен элдешүүгө, достошууга аракет-тенип, алардын башын бириктирип, аларды аябай шишкебекке тойгузуп, эми үйгө барганда не, ушул жайда эле түнөп калгыла, оюн ойнойлу деп,  аларды тойгузууга дагы эки козу сойдурат жана алар бир аз эс алсын деген ойдо түн ичинде Манас өзү да козу кайтарат; төртүнчүдөн, “кечээ кечтен бери балдар да, козулар да жок, же бөрүлөр кырып салдыбы?”- дешип, Саламат айылынын тургундары ызы-чуу салышып, издешип жөнөшүп, кайсы бир дөңсөгө чыгып карашса, алардын көзүнө козулар жана алты бөрү көрүнүп, кыйкырык салышып жете келишсе, баягы бөрүлөр түгүл

түк да жок, козуларды санай келгенде (алар абдан шексинген болуучу?!), саны түгөл болуп чыгат; бул, албетте, бала Манас табияттан бөлөкчө касиеттүү жаралган жан экендигин күбөлөөчү белги болуучу; ага дейре төрт бала да Манастын үч козу сойгондугун шаша-буша дегендей ушактоого, арызданууга үлгүрүшкөн болчу; Манасты Кудай колдоп, ал жөнүндөгү Саламат айыл элинин ушак-айыңдарын төгүндөп жатат жана чынында, Манас алар ойлогондой эмес болуп чыгууда; Манастын баатырдык мүнөзү атасы келип, аны үйгө алып кетүү өтүнүчүндө байкалат, б.а. калмактан мени кач дебеңиз, атаке-деп жатат; бирок, энесинин сар-санаа чегип, жүрөк-боор эти сыздап, бушайман түшүп жүргөнүн айтканда бала Манас ойлонуп, ата сөзүн кайтарбай, үйгө кайтууга макул болот жана бул кырдаалда анын тунук акылга эгедерлиги, энесин аяган сезимталдыгы көрүнөт.

Адабияттар

1. Байгазиев С. Окутуунун жана тарбиялоонун философиясы,[Текст]| С.Байгазиев.- Б.: "Алтын тамга", 2012, 379-б.

2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча. [Текст]. КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев.- Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

3. Байгазиев Советбек «Манас» эпосундагы баланы эркин тарбиялоо философиясы. [Текст]. - Б., 2012. -8-9-б.б.

4. Сабыр Иптар уулу. Улуттук билим баалуулуктары тууралуу [Текст]Ү Сабыр Иптар уулу ҮҮ Билим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү: абалы жана келечеги. V илимий симпозиумдун материалдары.-Б.: 2013-жыл, 100б.

5. Бакчиев Т.А. Манас таануу: Жогорку окуу жайлары үчүн окуу куралыҮ Республикалык “Манас” жаштар ордосу.- Б.: “Кут Бер”, 2012. -164 б.

6. Поливанов Е.Д. Киргизский героический эпос «Манас»: Исследования и переводыҮ Сост., подгот. текста, вступ. статья М.А. Рудова; вступ. статья В.М.Плоских.- Б., Фонд «Сорос-Кыргызстан», 1999. -128 с., ил.

7. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп.-Б.: «Турар», 2011. -604 б.

8. Эпос «Манас» и эпическоё наследие народов мираҮ Тезисы международного научного симпозиума, посвященного 1000-летию эпоса «Манас», Бишкек, 27-28 августа 1995 г.- Б.: «Кыргызстан», 1995. -208 с.

9. Акмолдоева Ш.Б. Духовный мир древних кыргызов (по материалам эпоса «Манас»)Ү Кыргызский государственный национальный университет. - Б.: «Илим», 1998. -268 с.

## Бала Манастын Ошпурдан айылына кайткандагы кездешкен турмуштук жагдайлардын таалим-тарбиялык таасирлери

Бала Манас ата сөзүн кайтарбай, соңку учурда энесинин абдан убайым чегип жүргөнүн туура түшүнүп, атасы экөө Ошпурдан келе жатышып, он чакты калмак Жакыптын жылкычысы Ыйманды жылкыларын, кулундарын кошо кууп, токмоктоп жаткандарын көрүшүп, буга айран-таң болушат. Аларга бай Жакып жетип барып эмне болуп кеткендигин сураганда, алар Жакыпка одураңдап, октолуп жооп беришет жана жылкычынын ыйын, анын бети-башы чамбылала кан болгонун көрүп, Манас таңыркап, малдын кимге тиешелүүлүгүн, калмактардын бу байкушту сабоо себебин атасынан

сурайт. Жакып “бул жылкылар меники”,- деп баласына чынын айтып, калмактар жерин коруган турбайбы, мен алардын отоо жайыттары үчүн жылкылардан бөлүп берем; бирок, ошого да ыраазы болушпай, минтип кууганын карасаң деп айта салат. Ал аңгыча калмактар жарылдашып бай Жакыпты курчап алышат да, Жакыптын оозун аңдышып, андан осол сөз чыкты дегиче, аны урууга даяр турушат. Ал арада алардын Кортук деген башчысы Жакыпты сөгүп да жиберет. Кортуктун кемсинткен жаман сөзүн бала Манас анчалык аңгара бербей, “атаке, бул эмине?” деп сураганда, Жакып:

“Айланайын балам-деп,
Анын несин сурайсың,
Аябай азап тартууга
Азыр турат бабаң!”-деп,
Оозуна Жакып алганы,
Он калмактын бирөөсү
Озунуп келип Жакыпты
Оройго камчы салганы.
Башына камчы чабылды,
Тебетей чаңы кагылды.
Тегеректеп он калмак
Бай Жакыпка жабылды,- делет [1:58].

Жаш Манас атасынын аянычтуу абалын көрүп, урушууга камынып, укуруктун учун кармап, калмактардын соңунан качырып кирип, Кортукту кубалап келип, укурук менен анын как төбөсүнө согот. Кортук ошол жерден жантаслим болот. Анын калган тогуз жолдошу катуу коркушуп, шалдайып туруп калышат. Алар баланы кармап, үйгө алып барып кыйнайлык жана калмактын баш-аягын жыйнап, бай Жакыптын дүнүйөсүн түк койбой талап кетип калалык,- дешип, кармайлы деп, “карап турган Манаска, кайгайлашып жабылышат”.

Калмак кармоого белсенгенде, Манастын укуругу колунда, “бир Кудай өзүң колдо-деп”:

Карап турбай жаш Манас
Карсылдаша кеткени.
Чапканы түштү чалкадан,
Урганы түштү узундан,
Урушкан менен калмактар
Аман калбас ушундан, - делип, [1:58], Манастын толуп-ташкан кайраттуулугу, күч-кубаттуулугу, эрдиги баяндалат.

Жакып бул кагылышты токтотуу үчүн арачалап бакырып:

Менменсиген калмакты
Беш-алтоон кубалап
Бел ашырды жапырып.
“Бери токто, балам!”- деп,
Бай Жакып барат чакырып,-[1:59], калмактын айылына жакын калышат жана баласынын өмүрүнө коркунуч келишинен корккон атасы айгай салат. Жакыптын үнүн угуп, баласы аттын оозун тартып токтойт жана артынан атакеси келип калат. Бай Жакып:- Айланайын каралдым, ойлонгун, азыр сага болушаар, сени корголоор, сенин таламыңды талашаар, кызырлуу кыргыз элиң, Түркүстан жайык жериң жок, буга кошумча бала Манастын жаштыгын, али жетиле электигин аяп, эскертип:

Балтыр этиң толо элек,
Балбан чагың боло элек.
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр чагың боло элек, [1:59], ошондуктан, көзүңдү ач, өзүңдү токтот, учурда алды-артыңда сага күйөөр жок, калмактар, кытайлар мени, сени соо койбойт, “өлбөсөң өчүм аларсың, кетпесең кегим аларсың”,

калмактын башчысын өлтүрүп, мени абдан жаман абалга койдуң деп:

Жүргүн кайра жөнөйлү,
Калмактарды көрөлү,
Кантер экен капырлар,
Кааласа кунун берели”- деп бай Жакып кайра бастырат. Анда Манас: “Эй, атаке, кун дегениң эмине?”- деп сурайт. Жакып: - Каза тапкан эр үчүн өлтүргөн тарап кун төлөөрүн, кун-деп, айыбына санап мал алаарын, алардын шартына көнбөгөн учурда, аз кыргызды талап-тоноорун жана экөөбүздү да соо койбостугун түшүндүрөт. Анда баласы атакесине, алгач калмак сизге катылбадыбы, балээни алар баштап жатпайбы, эми аларга кун бергенде, мени кудай урбайбы! Атаке, жылкыңдын эсебин уксам, саны кырк миң болуптур:

“Калмак өлүп калды-деп,
Кааласа алар малды”- деп,
Кайрат айтты Ыйманың,- деп [1:60]:
Калмакка кыргын саларда
Кайтарып мени тыйганың,
Ырасын айтсам сөзүм бул-
Ырысымды кыйганың!- дейт.

Мындан бала Манастын тайманбастыгы, баатырдык мүнөзү ачык көрүнөт. Анын үстүнө Манас атакесине, коркуп жүрүп бирөөдөн, жалынып жүрүп бирөөгө мал-мүлк жыйганда не, андан көрө:

Арбытып айыл жыяйын,
Аманат жанга бир өлүм,
Намыс үчүн кыяйын.
Короого коңшу жыяйын,
Корксо да жанга бир өлүм,
Арбак үчүн кыяйын,- дегенинен, [1:60], бели ката электигине карабастан, ар-намысты туу тутаарын, уюштуруучулук баалуу касиетин баам-доого болот. Андан

ары Манас өзүнүн түпкү тегинин кимдигин атасы бай Жакыптан сурайт. Бул жагдайда анын ой, акыл-эс, аң сезим, мекенчил сезимдеринин башаттары туура нукта өсүп-өнүп, жетилип келе жаткандыгы байкалат. Жакып өз ата-тегинин жөн-жайын, тарых-таржымалын таасын, дааналап айтып берет. Мунун өзүндө чоң таалим-тарбиялык өрнөк жатат деп ойлойбуз. Оо, балам, уругуң кыргыз-түрк деп баштап, чоң атаңдын аты Ногой, ал кезегинде кан болуп Кашкардан тартып көп жерлерди бийлеп турган, калмак-кытайга колдон намысты бербеген киши болгон, биздин элден оомат кеткен мезгил болду, Эсенкандын тушунда кытайлардын ичи тардыгын көрүп калдык:

Эсенкандын элинен
Элүү жүз миң кол келди,
Чаап түштү талкалап
Биз караткан көп элди
Эндекей жатып эзилдик,
Кенебей жатып кесилдик.
Байкабай жатып малындык,
Башыбыз торго чалындык:
“Бар Кудай, жанды койгун?!-деп,
Жараткан!”-деп, жалындык.
Кыргынды кытай салганы,
Кыйла жан өлүп калганы.
Кытайдан качып кыйла жан
Балам, Багдатты көздөй барганы.
Баштатан минтип чачылып,
Бабаңдын ичте арманы,- деп баяндайт [1:60].

Бай деген бир агаң бар, ал Ополду жердеп калган; Орозду аттуу агаң бар, Алайды жердейт деп угам; Жакып деген өз атаң, жардылыктын, жокчулуктун айынан, көп тентип, азаптуу күндөрдү өткөрдүм; Үсөн аттуу агаңды көрүүдөн үмүтүм үзүлдү, ал Кытайдын Даңгир деген

жерин жердейт шекилдүү жана анын Үсөн аты жоюлуп, ордуна Көзкаман койду деп уккан жайым бар; Көзкамандан жети уул бар жана алардын аттарын толук атап берет. Ногой деген бабаңдын эр Шыгай аттуу иниси бар, анын уулу Жапак, алыскы Жеркендин күн батышындагы Жамыра тоосунда мал багат, ошентип:

Балам, чачылган сенин тууганың,
Менин чамам кетип турганым,
Капилет жерден эр өлүп
Карыганда менин курганым!”-
Кан Жакып айтып болгону,
Кайышып бала толгонду,- делет [1:61].

Ошол учурда, баягы, бөрү болгон кырк чилтенди эстейт жана “бел-белди карап элеңдеп”, талаага көзүн салып, аларды издеп, калмакты өл-түрүп, шайтандын ишин кылдым деп өкүнүп турган чакта кызыл байрак көтөргөн кырк киши көрүнөт; бөрүнүн колдоосун өтүнгөн кыргыздын байыртан келаткан ишеними жөнүндө Г.Т.Жамгырчиева: “...Орхон-Эне-Сай жазууларында кыргыз жана башка түрк элдери тарабынан тотем катарында урматталган жаныбар илбирс менен карышкыр жана башка жаныбарлар айтылат. Бөрү байыркы түрктөрдүн тотеми болгонун И. Бичурин белгилейт. Ал эми бул салттуу түшүнүк “Манас” эпосторунда да колдонулат. ... Манастын көк бөрү болуп кубулган кырк чилтенге жолугушу, анын батасын алып, дамамат колдоого ээ болуп жүрүшү өңдөнгөн мотивдер байыркы тотемдик ишенимдин эпостун жалпы мазмунуна, көркөмдүк деңгээлине, образдык системасына белгилүү таасир тийгизген”,-деп белгилейт [2:14-15]; Кыргыз тилинин сөздүгүндө: тотем-кээ бир элдерде уруу башчысы жана анын колдоочусу катарында диний сыйынуу предмети болгон айбан (кээ бир учурларда өсүмдүк ж.б.)

[3:1203]; бала кубангандан каткырып күлгөндө, бай Жакып көзүн салып:

“Элсиз, күнсүз болдуң-деп,
Не көрүп балам күлдүң?- деп,
Өлтүрүп эрди сойдуң-деп,
Өкүнүчкө мени койдуң!”- деп,
Жакып бай сөзгө алганы
Жакыпка жооп айтканча
Жабырлашып кырк чилтен
Балага келип калганы,- делип [1:61], бала менен амандашышат жана аларга бала Манас калмактар менен жолдо болгон окуяны айтат. Жаш бала, силер “Кудай!” дегин деп айткан болчуңар, мен азыр “Кудай болсоң колдо!- деп жалынып-жалбарып турам дегенде, чилтендер баланы алдыларына чакырып, кайгырбай, балам көзүңдү жумгун дешип, ал көзүн жумганда, анын кулагына курандан келме угулат. Бала алды-артын караса, анын көзү жеткен жердин баарында көпкөк темир кийинген көп аскер курчап тургандыгын, ал аскерлердин кашында агала сакалдуу, алтын таажылуу бирөө турганын жана Манастын көзү жумулуу, ошол чилтендерден кеп сурайт:

“Көк темир кийген көп аскер
Бу кимдики?”- деп, сурайт.
Анда чилтен кеп айтат:
“Аңдатайын-деп, айтат,
Ак буйругу биздики,
Аскердин баары сиздики.
Башыңа дөөлөт конор - деп,
Өлүп жаткан калмактын
Баласы жолдош болор - деп.
Бу Манжурия элинен
Сенин башың үчүн келинген.
Жолдош болгон баласы
Манжудан келген эл үчүн

Манжыбек-деп, атанат.
Каратоко калкы бар,
Кайраты толук каркыбар.
Алгын кабар сөзүмдөн,
Атасы өлдү өзүңдөн
Эртели-кечти эки убак
Баласы чыкпайт сөзүңдөн
Кармаарыңа кол болуп,
Казатка чыксаң жол болуп,
Көрөрүңө көз болуп,
Көкүрөгүңө эс болуп,
Жоголгон калмак карасы,
Кудаанын күчүн карачы,
Жоролошуп өзүңө,

Жолдош болот баласы,- делет [1:62], б.а. Алла-Тааланын кудурети, колдоосу менен өлгөн калмактын баласы Манастын болочокто эң жакын жолдошуна айланаары жөнүндө белги, аян берилип жатат. Жайнаган жылкы малыңды жайып айдап, калмактын айылына берип сал, андан соң Алла-Тааланын эмне буйругун көрөсүң дейт. Ошол замат алардан Манас сурап калат: -Алтын таажы башында, аскерлердин турган кашында, ал ким?- деп: Алар: -Азыр он беш жашта, анын агасы Бай деген, “жалпы түрктүн журтуна, жарыгы тиер ай!”- дешип, көзүңдү ач!- дешет. Манас көзүн ачса, атасынын үйүн көздөй качканын көрөт. Кырк чилтен көздөн кайып болот жана бала карыптыкты сезип, кайгыргандан көзүнөн жашы тыйылбайт. Ээн талаа, эрме чөлдө калып, жанында атасы жок. Манас жылкыларды калмакка айдап барып берүүнү чечип, Ыйман абасын жүргүн деп, экөө айдап жөнөшөт. Жылкычы Ыйман “Өлгөн калмак жерине, өчөшкөн-дөй барасың”, сен жаштык кылып жатасың, бир кордук көрүп калбайлы,- деп кооптонот жана Манас:

“Коруган жери кайда?- деп,

Коркпой ылдам айда!”- дейт [1:63].

Атасы бай Жакып:- Балам, бакырсам тилди укпайт, оюна келген кепти сүйлөп, оолуккан бойдон кетти; ажына, жиндер мойнуна минген го, болбосо анын жоругун кандай түшүнүүгө болот. “Байкуш болуп бүгүлүп, баласынан түңүлүп”, б.а. “ушундай баланын барынан жогу” дегендей байбичесине келип абдан даттанат. Баланын энеси Чыйырды күйөөсүнүн минтип энтелеп айтканына абдан наалып, Алла-Таала мага ушундай мээнеттүү бала берсе кантейин, баламдын карраанын мага көргөзсөң боло, аны ээн талаага таштап салганың эмнеси?- деп, баласынын эсен-амандыгын ойлогондо эненин жаны жай таппай, чый-пыйы чыгат.

Чыйырды Камбарбоздун үйүрүнөн Бозтайлак атты кармап минген кезде, муну Жакып байкай калып, чыгып, “Минесиң кайда атты?- деп, чылбырдан кармаганда:

Чымырканып Чыйырды,
Чылбырын сууруп алганы:
“Байкуш болгон мен!- деди,
Баладан тойгон сен!- деди,
Өлүүбү-тирүү билбейсиң,
Өчөшкөнсүп балага,
Баланы таштап талаага
Өзүңдөй жүрчү ким дейсиң?!”- деп [1:64],

байбиче баланы издеп чыгат. Кордук көргөн калмактар үйлөрүнө барышканда, калмактар жагалалап буркурашып, жалпы баары чуркурашып, айгайлашып, айыл башчыны өлтүрүп, кыргыздар кордук, зордук көрсөтүштү, жанагы Жакып деген чалын колго тийсе өлтүрүп, малын тартып алалы,- дешип, калмактар бири-бирине кабар айтып, бат уюша башташат. Калмактардын уюшуп жатканын Саламаттын иниси Сарбан аңдап-билип, бай Жакыпка келип, мен түрк уругу болгон соң эч

чыдабадым, эртең шашке-түш ченде, сизди калмактар чаап алууга камынып жатышат,- дейт.

Кабарды уккан соң Жакып бай абалдын абдан оорлугун туура түшүнүп, “оңдурбас жумуш болуптур”, калмактар намыстанышып, баары жапырт даярданышкан турбайбы, өзүм баштап өлсөм мейли эле:

Мал-мүлкүмдү алса экен,

Балам аман калса экен!- деп [1:65], Жаратканда тилеп, кейип, чукул коргонууга даярданууну белендеп, Акбалтага, Бердикеге кабар айтууну, Дамбылданы эстеп, Саламат менен Ошпурга салам айткын деп, казак-кыргыз бир тууган, “калмак камап жатканда”, кантип чыдап жатат үйүндө?! Карабек казак бийине кабар сал:

Наймандан Жоро баатырга айт,

Шашкеге калбай ылдам кайт.

Коңурат Байбак карыга айт,

Айдаркан деген тың бала,

Как ошого тийип кайт!”- деп [1:65], Сарбанды кабар айтууга чаптырат. Сарбан ары-бери чапкы-лап, баарынын сай-сөөгү сыздагыдай, жүлүнгө жеткидей кылып, ар-намысын ойготуп:

Түрк уругу барсыңбы?!

Баарың дүңкүйүп жатып алдыңбы?!

Байгур уулу барсыңбы,

Баарың баш көтөрбөй калдыңбы?!- кабарла-ганда, казак, кыргыз, кара түрк сапырылып: “Кыжыл-даган ит калмак, Кайдан бизден өөдө!”- дешип:

Найзанын баары шоодурап,

Азамат көзү жоодурап,

Бел байлаган жигиттен

Беш жүзү чыкты бөлүнүп,

Беш атанын уулунан

Белгилеген байрактан

Беш-алтысы көрүнүп.

Беш-алты жүз кол менен,- делип [1:65], кармашка даяр тургандыгы айтылат.

Эми Чыйырдынын жөнүн билсек, анын көзүнүн жашы “көл” болуп, жылкыларга жакындаганда, баласы чыгып калып, энеке сага не болду, “ыйла-гандай түрүң бар, эки көзүң шишипсиз, атамдын атын минипсиз”, “айтчы, энеке, сырыңды, сиз бир немени билипсиз!”-деп, энесинин кейиштүү, сар-санаа чеккен, жүдөө абалын көрүп, чочугандай сураганда, Чыйырды бай Жакыптын үйгө кантип түнөрүп келгендигин, баласынан түңүлгөндүгүн, даттангандыгын айтып, “аның үчүн энекең, ашыгып келген тушу”-дейт [1:66]. Энеси баласынын аман-дыгына сүйүнүп, жүрү үйгө кетели дегенде, жылкы-чы Ыйман баланын эсине түшүп, кырга чыгып кыйкырып Ыйманды чакырып, өз жаныңдын аман-дыгын ойло, калмактар келип калышса, каалашса

жылкыларды алышсын, жолдошторуңду алып, бешөөң болуп алыңар, айдаган жылкыңар канча?-деп:

Кажылдаган калмакка
Урушкан менен шо жерде
Түк келе албас алыңар".
Манас айтып турганы,
Жылкычысы Ыйманы
Манаска моюн бурганы:
"Сегиз миң беш жүз жылкы"-деп,
Санатын айтып турганы,-делет [1:66-67].

Андан ары "Жүр кетели, энеке"-деп жолго чыгышат. Алар жолдо келе жатышканда баягы өлгөн калмактын сөөгүн алууга жөнөшкөн жети калмак алардын жолунан чыгып калат. Бул катын эмне кылып жүрөт деп алар таңданышып, "Тарбын деген бир калмак" Манасты таанып калып, калган алтоону айтып билдирет. Мындай болгон соң, энеси экөөн кармап, айдап алып кетели:

Эми Көкө теңир бериптир

Көөп жүргөн баланы,-дешип [1:67], бирөө төөдө калып, "Алтоо барды ат коюп, ат койсо да бат коюп", балага жакын барганда, карыганда, көз катканда көргөн жалгыз эрмегим деп, байбиче зарлап ыйлайт. "Кайгырбачы, энеке", алтысы эмес, алтымышы кел-бейби,-дейт, баласы. Алтоонун бирөөсү Манастын атынын чылбырына колун сунганда:

"Колуңду сунба, капыр-деп,

Кой, өлөсүң акыр!-деп [1:67], Манас аттын чылбырын тартат жана муну көрүп энеси Чыйырды чыңырат. Калмак кайрадан кол салганда, эр Манас жаалданып анын далысынан кармап көтөрүп, катуу урат. Анысы да ошол замат өлгөнүн калган бешөө көрүшүп, балага катылууга даай алышпай качып жөнөшөт:

Азабын артык тартышып,
Берки калган беш калмак

Эки өлүктү төөгө артышып:
“Бу бурут кандай бала?!-деп,
Жок белем буга дабаа-деп,
Бир кишинин үстүнө
Жана бир киши өлтүрүп
Кетишине кара!”-деп,
Калмактар кайра кайтышты,
Кажылдашып барышып,
Көргөндөрүн айтышты [1:67-68]. Энеси менен баласы үйүнө келгенде бай Жакып баласын көрүп бакырып, сени жоготуп, эс-акылымдан танып, сенден түңүлүп, кайгыда калган болчуумун; энең экөөң көргөндө көңүлүм жайланды, калмактар эми кандай каршы ишти баштаар экен деп, эсим чыгып, туш-тушка чаптырып, элге кабар айттырып, алардан коргонуунун аргасын издедим дейт. Ал арада байбичеси баласы менен жолдо келе жатышкандагы болгон окуяны айтканда, аны угуп, бай Жакып ачууланып, оңбогурлар мага кызыгып калышкан экен, “кыргыз дагы кыйла журт, кырылышып көрөйүн”, бешенеге жазганын көрөм, балам өлбөсө “өчүмдү кийин алар” деп, кайраттанат. Баласынын айбатын да атасы байкап турат:
Өлгөндү албайт эсине,
Өртү күйүп көзүндө,

Эр өлтүрдүм бүгүн-деп,

Эгер албайт эсине,-делет [1:68], б.а. теңсин-беген, көзүнө илбеген, текеберленген, күнөөлүү, жаман ойлуу душмандарга карата багытталган бала Манасты сыпаттоо, баалоо катары түшүнүү негиздүү. Мындан Манасты жүрөгү мерез, таш боор экен деп түшүнбөө керек.

Калмактар намыстанышып, эр өлгөн айылга жети жүз калмак жыйылып, анын айылы кайда деп, биротоло талоону, түрктөрдү түгөтүүнү белсенишип:

Кунду кандай кылабыз,
Буга куугунду кандай салабыз?
Айыпты кандай алабыз,
Айып алдык-деп тим болбой
Азапка кандай салабыз?
Бай Жакып менен баласын
Бирөөн жутуп албасак

Адам болбой калабыз!"-дешип чамынышып, акылдашышат [1:68]. Ал аңгыча катындардын "Баягы Манас дагы бир калмакты өлтүрүптүр" деген ачуу кужулдашкан, чыркыраган үндөрү угулат. Калмактар Жакыптын "айылын талап алмакка" белсенишип, курал-жарактарын даярдашып, таң сүрүлгөндө жолго чыгышат. Кайыңдуу өзөндө кайнап жаткан жылкынын караанын көрүшүп:

"Бу да Жакып малы-деп,
Буйрук бизге баары-деп,
Чабуул коюп калганы,
Эки миңден, бир миңден

Эңшерип тийип айдады,-делет [1:69], жана булардын тополоң-тозун көрүп, жылкычысы Ыйманкул жылгага кирип бекинет. Ушул учурда алтайлык калмактар менен манжуулук калмак-тардын ыркы келишпей, алардын ортосунда чоң чыр чыгат. Анткени, өлгөн эрлер манжуулук калмактан болчу. Ал эми алтайлык калмактар

ач көздөнүшүп, сараңдыкка “жеңдиришип”, жылкыларды өздөрүн көздөй айдай башташат. Буга манжуулуктар наара-зылана, өлгөндөр бизден болсо, силерге эмне болду, силерди мында насибиңер айдап келди, бай Жакыптын жылкысы аз болгондо сегиз миң, баарын биз алсак, азабын манжуулуктар тартса дейсиңер, мындагыларды “Адамсыңбы?!” дебейсиңер, же айт-кан тилге көнбөйсүңөр, өкүмдүгүңдү койбойсуңар:

Бай Жакыптын жылкысын
Баарын алсаң тойбойсуң!
Байкасаңар болбойбу,
Ээсиз калган бу малдан
Эки миң алган тойбойбу.
Эптүү алсаң болбойбу!”
Аны айтып акырып,
Айыл башы Атакул,-делип [1:69],
Жанына батса Жакып бай
Алы келбей калса да,
Арызга бир күн барбайбы,
Азапка бизди салбайбы,
Артык алган жылкынын
Азабы бизге калбайбы,
“Кунуңду качан алдык?”-деп,
Алтайдан келген калмактар
Куйругун сыртка салбайбы!”-деп [1:69-70],

ойлонушуп, алардын “Дөгөн деген башчысы, эл бийлеген жакшысы” бакырып, айдалып бараткан жылкыларды артка кайтарууга жандалбастаганда:

Алтайлык келди акырып,
Домабил деген башчысы

“Токтотпо!”-деп, бакырып [70], экөө катуу кайым айтышып кетишип, Домабил атына камчы уруп, “качырып барып Дөгөнгө” айбалта шилтеп, алардын артынан манжуулук жана алтайлык калмактардын ортосунда

айыгышкан чабышуу башталат. Чабышта Домабил баштаган кол үстөмдүк кылып, аябай мыкаачылыктарын көрсөтүшүп, аларга дагы эки жүз аскер кошулуп, анын жалпы аскери сегиз жүзгө жетип, манжуулуктун баарысы “кара жанын калкалап”, эстери чыгып качышат.

Ал арада түрктөн бай Жакыпка жардамга жөнөгөн кол да жакындап калганын жана “мынча аскер келдик-деп” Жакыпка кабар беришет. Таң атканда бай Жакып болуп башында, Акбалтасы кашында, алтымыш киши аттанышып, “аксакал Жакып шаттанып”, жылкыга бармак болуп, жолго чыгышат.

“Барам ата, мен да!”-деп,

Ак сур бышты токунуп [71], Манас да кошулуп жөнөйт. Жылкынын жайылган жерине барып, Жакып көзүн салып, калмактардын арбын колун көрүп, алар “аламандап ат койсо”, алы-чагынын жетпестигин түшүнүп:

Бадалдуунун оюна

Бай Жакып токтой калганы,-делет [71]. Ошол учурда баягы өлгөн Кортуктун Шакум аттуу баласы “уруштан чыгып бөлүнүп”, бай Жакыпка келип, көз жашын көлдөтүп, аттан түшүп, баш уруп:

“Алтайлык түпкө жетти-деп,

Айылымды талап кетти!-деп, [71], болуп жаткан каргашалуу окуянын жөн-жайын айтып:

Кырганы жатат алтайлык,
Кыйлабыз өлүп тамтайдык.
Жайытта жаткан малыңды
Жалгызын койбой айдады,
“Артык алба малын”-деп,
Айтып шорум кайнады.

“Аяйсың-деп, бурутту”, [72] деп мукактап, сиздерге коңшу, аралаш тууган болоюн, “айылыңа барып коноюн”:

Кокус өлгөн атама

Козуңду да албай коёюн!

Ажалдан өлгөн атама,

Албастан кунум коёюн!"-деп жалынып, түзүлгөн оор кырдаалдан чыгууда акылмандыгын көрсөтөт. Ушул убакта Камбардын уулу Айдаркан алты жүз кол менен "байрактары делбиреп" бай Жакыпка көрүнөт жана Жакып айгайлап, бачымырак жүрө койгула,-деп чакырат. Ошентип, "антип-минтип чогулуп, жети жүз сексен кол болот":

Ошол колдун ичинде
Ортоктош болгон нойгут бар,
Кызыр чалган Жакыптын
Кызматын көргөн кыргыз бар.
Аркасы тийген найман бар,

Коңшулаш жүргөн коңурат,
Үйүрлөш жүргөн үйшүн бар.
Аралашкан алчын бар,
Аргындан Каракожо бар,

Ата уулудан кошо бар,- деп айтылат [72]. Жакып баланын акылдуулук менен айткан муң-зарын туура кабылдап:

Агып жашы бурчактап
Зарлап карап турат-деп, бала бизге:
Аралаш тууган болом-дейт,
Айылыңа келип коном-дейт,
Аңдаңарчы балдар?!-деп,

Бай Жакып айтып салганы,-делип [73], Жакып кеңешип, алтайлык калмактар "таңда күнү бизди да, талкалап кетер кокус-деп", кооптонуусун билдирип аларга чабуул коюуну чечишет. Бул жөнүндө:

Көргүн Манас баланы:
Көк найза колго алганы,
Астындагы сур кунан

Атына камчы салганы
Башка сөзгө карабай,
"Манастап" ураан салганы,
"Манас, Манас, Манас!"-деп,
Ошо жерде баатырың
Чабуул коюп калганы,-делет [73] жана "Айгай-лаган ызы-чуу, айгай кулак тундуруп, тозоңду тоодой сапырып", Домабил баштаган калмактардын шорун катырышып, кыйла кыргын салышат. Манастын колунун айбатына туралбай, калмактар-дын жан алакетке түшүп качуусу жана бала Манастын эр жүрөк баатырдыгы төмөндөгүдөй:

Өйдө салып калмактар
Өрүп кетип баратат,
Көрбөгөндү алтайлык
Көрүп кетип баратат.
Астында Манас жаш бала
Баштап кетип баратат,
Карагай найза сүңгүнү
Калмактардын жонуна
Аштап кетип баратат.
Кара жанын жаш Манас
Карыштап кетип баратат,
Астындагы ак сур ат
Арыштап кетип баратат,
Алтайлык качып ар жакка
Жапыстап кетип баратат.
Сегиз жүз келген алтайлык,
Төрөсү өлүп Домабил,
Төрт жүз он үч кишиси
Төгүлүп каны далдайды,-деп сүрөттөлөт [73].

Калмактын эстүүлөрү "Эми оңбойбуз мындан!"-деп билишип, "Асты качып үркүшүп, Алтайды ашып дүргүшүп", айрымдары колго түшүп, Жакып "Балам, бери

токто!”-деп, байрак булгап чакырып, атын чымын-куюн чаап, баласына жетип Манасты токтоткон соң:

Андан ары кубалап

Алтайга киши барбады,-делет [74].

Кортуктун уулу “Кут болсун, Манас төрөм!”-деп куттук айтып, ага Жакып атасы кубанып, кайра тартышат. Кыргында манжуу калмагынан кырк төртү өлүп, алардын өлүгүн жыйнашып, аза күтүшүп, өкүрүп ыйлашканда, аларга казак, кыргыз барышып, кайрат айтышат. Калмактардын карысы, силерге журт, тууган бололу:

Ырайыңар артыкча

Көрүнөт жакшы көзгө-деп,

Ынаныңар сөзгө-деп, [74], бай Жакыптын кашына баарысы келишип, “Өлүктү кандай кылсак?”-деп акылдашышат. Бала Манас “Баары-ңарга эп болсо, Мен бийлеген кеп болсо”, бизди тууган көргүлө да, жерди казып, өлүктү баарын бирдей көмгүлө” дегенде, макул табышып, жерди терең оюшуп, өлүктөрдү көмүшөт. Бай Жакыптын жылкычысын чакырып:

“Кары-куру бээден,
Как  баш болгон аттардан
Төрт жүзүн айдап кел-деди.
Атасы өлгөн балага
Арада өлгөн калмакка,
Аларга бөлүп бер!”-деп буюрат [74] жана Жакып жылкысынан жыйырма үчүн алпарып, жыйынга союшуп, казак, кыргыз, калмагы тоюнушуп, жыргап жатып калышат. Жыйында манжуудан келген журтка атасы өлгөн баланы бий көтөрүшөт жана алар алашка тууган болдук деп жар салышат. Бай Жакып көрөгөчтүгүн, камдуулугун көрсөтүп, казак, кыргыздын баарына, баягы Дөгөн карыга да: -Алсаңар менде мал, ар түлүгүм бар, алтын менен зар, барымды менден алгыла, бирок, балама көзүңөрдү сала жүргүлө!-деп аскерге келген адам-дарды, бий көтөргөн баланы, баарын бирин койбой жүргүлө деп, өзү баштап айылына алып барып:
Жетимиш үйлүү тууганы
Бүгүн жети жүз колду кондурду,
Жеп-ичкен жактан болтурду,- делип [1:75], эртесинде шашкеде элдин баарын жыйып, аксакал-дарына ат мингизип, калгандарынын баарына аруу жакшы тон кийгизип, аман-эсен болгула,- деп, аттандырып кайтарат. Ошол учурда Манастын жашы он бирге чамалаган болот.

Жогоруда баяндалгандардан төмөндөгү тыя-нактарды чыгаруу мүмкүн: биринчиден, бала Манастын адилетсиз мамилеге каршы турган баёо, таза табияты (мисалы, калмактардын жылкычы Ыйманды басынткан, аны адам катары санабаган мамилеси), алардын күч колдонуусуна жана оройлугуна намыстанып, өздөрүнө жараша күч менен жооп кайтаруусу, коргонуусу; экинчиден, алтайлык калмактар менен кармашта Манастын баатырдык мүнөзү, сапаты ачык көрүнөт; үчүнчүдөн, манжуулук баланын, калмактардын

карысынын силерге журт, тууган бололу деген өтүнүчтөрүн туура түшүнүп, баалап, кеңешишип, өздөрүнүн бооруна тартуусунан ( өткөн мезгилде алардын ар кандай терс, өктөм, тең санабаган, текебер мамилесине карабастан), аларга мал бөлүп берип, урмат-сый көрсөтүүсүнөн, балама көзүңөрдү сала жүргүлө!- деген суранычынан бала Манастын атасынын көсөмдүгү, кең пейилдүүлүгү, уюштуруу-чулугу, чыныгы эл башчылык баалуу сапаттарга эгедерлиги көзгө урунат.

Адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. С.Орозбаковдун варианты боюнча [Текст]Ү КРУИАнын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2. Жамгырчиева Г.Т. “Манас” эпосунда байыркы диний түшүнүктөрдүн архаикалык мотив катары кездешүүсү [Текст]Ү Г.Т. ЖамгырчиеваҮҮ Ош: Ош мамлекеттик университетинин Жарчысы, 2014, №2. -11-15-б.б.

3. Кыргыз тилинин сөздүгү [Текст].-Б., 2010. -1460 б.

4. Акмолдоева Ш.Б. “Манас” ааламыҮ Акад. А.Ч.Какеевдин редакциясы астында Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университети. -Бишкек: Илим, 2013. -160 б.

# Эсенкан менен Нескаранын өспүрүм Манасты издегендеги жагдайлардын таалим-тарбиялык өңүтү

Эсенкан падыша Жакыптын аябай чоң байлыгы бардыгы жөнүндө кабар угуп, анын мал-мүлкү, дүнүйөсү ушунчалык мол болгон менен элүү жашка келгенге дейре бала көрбөй зарлап, байкуш болуп куругандыгы, мына бала жүзүн көргөндүгүнө алты жылдын жүзү болгондугу жана баланын атын Манас койгондугу, Манас эр жетип чоңойгондо ааламга бүлүк салып, чоң Бээжинди басып алуусу мүмкүн деп шектенишип, кандын акылмандары, аярлары азыртан “бар тамырын кыркууну акыл-дашат. Эсенкан ойлонуп, айтылган маалыматтарга, бир чети, таңданып, элге кеп айтат: -катыны ушун-дай эркек бала төрөптүр деп эле жаңы туулган баладан азыртадан коркуп, алардын калкын бүлдүрүп, өзүбүздүн элди дүрбөткөнүбүз туура болбойт; же алар туу көтөрүп, кулак тундуруп чуу салбаса:

Андай кылбай, а көрө

Аңдап ишти кылалык,-дейт [1:77].

Эсенкан өз казынасынын асылдарынан, буюм-тайымдарынан төөлөргө жүктөтүп, Алтай, Орто Азия журтунун ой-тоосун аралап саттырып, соода кылдырып, ошол эле кезде, алардын элинин көз карашын, мүдөөсүн байкаштырып көрүүнү, Манас мага маалымдалгандай эр бекен, алар бизге каяша кылып, кол салуу оюнда бардыгын билүүнү дайындайт, б.а. чалгындоону буюрат.

Б.Максүтовдун “Айкөл Манас баяны” деген аталыштагы китебинде Эсенкандын Манасты кармап келүү буйругунун мазмуну төмөндөгүдөй: “Бир жерин көгала кылбай, бир жерине тамга салбай, жанын кыйнабай, тирүү кармап алып кел. Кызыталак канкорго кыздан тандап алып берип, тукум алып калалы”,-деп

айтылат [2:44]. Буга кошумча бул китепте кырк нарга алтын, күмүш, буюм-тайым, кездеме артылып жөнөтүлгөндүгү тууралуу кеп болот. Бирок мындагы берилген ойдун  мазмуну жалпы жонунан Сагымбай Орозбаковдун айтымындагы ой менен ажырым бербестигин белгилөө орундуу.

Бээжинден чыгышкан соодагер-кербендер беш ай жол жүрүшүп, Алтай тоонун бир оюна келишкен учурда, ал жерде Манас жоролору менен "Ордо оюнун" ойношуп, оюндун кызыгына батышып, шаңдүү күлкүлөр жаңырып жатышкан болот. Соода-герлердин төөлөрү, эшектери ордонун чийининин ичине киргенде, четтегилер "Төөңөрдү тышка тарткыла!" деп кайрылышат. Бирок чүкө тийсе эмне болмок эле деген ойдо ага анчалык таназар, маани беришпей, төөлөрүн четке алышпайт. Дагы кошумча, биз кан кишилери болгон соң, Манастын колунан эмне келмек эле дегенсишип, буларды теңине албагандай түр көрсөтүшөт. Манас томпойду черткен кезде, бир сака зуулдап чимирилген бойдон төөнүн бутуна тийип, анын бутун сындырат, ал эми бир эңке астынкы эшектин бутуна чакчып, эшек жыгылат. Ушул кезде улуктан келген кытайлар аябай ызааланышып, Манасты кармоого жулкуну-шуп жабылышат. Манасты жоролору коргошуп, алар (б.а. калмактар, сарттар, кытайлар) менен карсыл-дашып, кармаша кетишет. Алардын башчысын Манас бекем кемерден кармап, "Көтөрүп жерге бир уруп", чилдин башын жулгандай, башын жулуп алат:

Башчысы мунун өлгөн соң
Баягы турган жигиттер
Баары коркту сумсайып,-делет [78].

Ошентип, калмагын, кытайын өлтүрүшүп, кырк беш төөгө артылган казынасын олжолоп алышат. Сарттар болсо, алардын жандарын кыйбоону өтүнүшүп, аябай жалынып-жалбарышат. Манас атасы Жакып байды,

Акбалтаны алыңар, Бердикеге кабар бериңер, Ошпур менен Саламат баары келип калсын деп, сегиз кишиге жылкы миндирип, туш-тушка чаптырат. Эртеси күнү бешимде Жакып бай жана Акбалта менен Бердике эмне болуп кетти деп кооптонушуп, "Дагы Манас тим жатпай, ким менен кылды уруш?!"-дешип, чакырылгандардын баарысы жыйылып келип калышат. Алар кырк беш төөнү, төөлөргө артылган казына-дүнүйөнү, самсаңдап, сумсайып турушкан он сартты көрүшкөн соң, өз ара акылдашышып, сарттардан сурап көрөлү, бул мал-мүлк, дүнүйө кайсы калктыкы, ушунча дүнүйөнүн артынан алар издеп чыкпай коёбу, алсакпы же албасакпы, мүмкүн, кайсы жерден келсе да, "Как жайыңа баргын!"-деп:

Карап турган сарттарды

Кайтарып жолго салсакпы?!-дешип [80], оболу сарттардан маалымат угууга кулак төшөшөт. Сарттар аларды Эсенкан, силер сооданын тилин жакшы билесиңер, ток-ачкага бекемсиңер, беш-алты жылга кызмат кылып берүүгө чакырып алдырганын, кан айткандан кийин "барбайбыз" деп айта албадык, төөлөрдү камдатып, казыналык малынан төөлөргө дүнүйөсүн жүктөтүп, алты кытайды башчы, он калмакты кошчу кылып, урматтап сый көрсөтүп, жол жүрөөрдө кептин башын ачты, б.а. кайсы жерлерге бараарыбызды, тоолоруна, дарыя-өзөндөрүнө чейин айтып, ошол аймактарды калмак, түрк элдери жердегенин. Түрк элинин ичинде:

Аты Жакып эр бар-дейт.

Баласы, атын-Манас-дейт,

Бабалары алаш-дейт, деп [81], алардын ою (б.а. алаш элинин) чындап эле бузукпу, кандайлыгын бирөөлөрдүн көзү менен мында келип айтпастан, өз көзү менен көргөндөрүн гана байкап, аңдап, айтып келүү тапшырмасын берет. Сарттар андан ары болгон окуяны көргөндөрүндөй айтышат. Манаска айбаттанып

катылышкан он алтыбызды ал өлтүрдү, ал эми бизди эмне кыларын билбей турабыз, бирок:

Түндө бизди кондурду,
Конок кылып оңдурду,-делет [82].

Сарттардын сөзүн кунт коюу менен тыңдаган бай Жакып аябай бушайманга түшөт. Ал келишкен көпчүлүккө кайрылып, өзүңөр ойлонуп көргүлө, улгайган чагымда, минтип, балам мени азапка салат окшойт дейт.

Эсенкан болсо, алар менен беттешкен аман келбеген, Эсенкандын дүнүйө-малына тийгенибиз туура болбойт деп кейип-кепчийт:

Карап турган ага-ини
Кандай кылсак эп болот,
Калбайт деймин тукумум,
Бу кандай кыйын кеп болот?!”
Муну айтып Жакып бай
Муңайып турду бир далай,-делет [1:83].

Анда Акбалта кайрат айтып: -Кудай башка салганын көрөрбүз, кытай келип бизди качан кырып салар экен деп, илең-салаң болуп күтүп отурбай дүнүйө, малды алып туралык, “Беш айлык жолдо Бээжин бар, Бээжин бизди не кылар?!”, б.а. бир топ алыс жайгашканын эстетип, мына, алты зубун калмактын аз болгондо төрт жүзүн балаң Манас өлтүрдү, андан бери алты ай чамалуу убакыт өтүптүр; эмне, калмак келип кырып салдыбы, көп сабыркабай, сар-санааны коюп, курулай кейүүнү токтотолу дегенде, анын сөзүн олтургандардын баарысы оң көрүп кубатташат. Эр Манас атасына ачууланып “Атаганат атаке, акылыңыз канаке?!”-деп [1:83], кууганың дүнүйө, мал-мүлк болуптур, анын түбүнө кантип жетесиң, ошол мал-дүнүйөңдөн айрылуудан коркосуң; коркуп жүрүп, ушундай кор жашоого көнүпсүң:

Калмак, кытай биригип
Кастыгы менде турбайбы,

Калмактан коркуп калтырап,
Кытайдан коркуп кылтылдап
Жүрсөм Кудай урбайбы!-делет [1:83] жана ар кандай сөздү дөөрүбөй, төөлөрдү бөлүп алыңар дейт. Кырк беш төө жүк малды, он сартын бөлүп алышып, жыйынга келгендер олжого тунуп калышат. Баягы жилиги сынган кызыл нар бай Жакыпка калат жана аны ошол жерде союшат. Ушул учурда Манас он эки жарым жашта болот. Бай Жакыптын бир учурда бир топ алыс, ыраакта жайланышып, күн кечиришип калышкан Орозду жана Бай деген эки агасы болгон. Ороздунун он баласы болуп, балдары кичүү кезде, Орозду кан катары абдан абийирдүү, кадыр-барктуу киши болот. Бирок балдары чоңойгондо алардын ортосундагы өз ара ымала, ынтымак ыдырап, ырк качып, бири-бири менен жоолашуу, катылышуу күчөйт. Байга да ыкыс, сес көрсөтүшүп, кысымга алышып, кубалоодон жана Байдын жылкыларын karaктоодон кайра тартыш-пайт. Ал эми Байдын улуусунун аты Бакай, кичүүсүнүн аты Тайлак деген эки уулу болгон. Күндөрдүн биринде Бай чоң уулу Бакай менен кеңешет. Бай өз сөзүндө:
Өз туугандан жат болуп,
Өсөбүзбү сарт болуп?
Ороздунун балдары
Өмдүгүн койбойт ар качан,
Өзөккө түшкөн дарт болуп,-деп [1:85], иниси Жакыпты издөөгө бел байлаганын, ойлонгонун, ал жалгыздыктан зарлап ыйлап жүрөбү, өлүүбү же тирүүбү, аны билейин; ага жолуктураар бекен, бир Кудайдан тилейин дейт. Анын кеңешин баласы Бакай тыңдап, макул көрүп: “Барыңыз, ата!”-деп, укканыма караганда эли бай, малга жакшы, жери жай деген оюн айтат. Бай жолго чыгып келатып, үчүнчү күндө түш ченде бир чөлдө арык казылып жаткан жерге келет. Арык казылып жаткан эл

ары-бери өткөндөрдү кармап, “өзүнө арык каздырып, атын союп салчу экен”. Бай да дал ошол абалга кабылат. Арыкты каздыртып иштеткен Басаңкул аттуу сарт, ал эми арык ээси Нескара дөө болот. Нескараны колдогон алты шайтаны, элүү балбан дөөсү болуп, алардын “эртели-кечти эки убак, азгырып айткан сөзү бар, ишенет анын сөзүнө” делип, алар Нескаранын көзүнө Чабдар ат болуп көрүнүп, төмөндөгүдөй кеп баштайт: -“Алтай тоону жердеген, түмөндөгөн жылкы бар”, ошол жылкы-ларды бери көздөй куусаң, ошондо арканан “Ногой!” деген чуу салып кубалайт, ошо чуунун ичинде азыр күчкө толо элек, быйыл он үч жаштагы Манас деген бала бар, ошол жылкылардын ээси Жакып аттуу чал, Жакыпты коюп, баласын куткарбай кармап ал, азыр анын “балтыр эти толо элек, балбан чагы боло элек” дейт. Нескара алты миңден ашык кишиге баш болуп, жогорудагы ойду ишке ашыруу үчүн жолго чыгат. Дал ушуга удаа Жакып атын минип, малы менен баласынан кабар алуу үчүн Кулан-Жайлоо белине жөнөйт. Жолдо Нескараны жана анын арбын колун көрүп, мындай болоорун күтпөгөндөн Жакыптын эси чыгып, кооптонуп “Бул эмине шумдук?!”-деп, аларга көрүнбөй жашырынып калат. Бирок алардын кандай максат менен жортуулга келишкенин билүүгө шашат. Бирөөлөрдөн сурагысы келет. Суроочу киши жолукпайт. Ошол аскерлердин арт жагынан бир карааанды элес-булас көрөт. Бу “Жалгыз-жарым жан экен, мээнеттүү мендей чал бекен?”, анын “Ким экенин билейин, кебин угуп тилейин”-деп, ал чалдын баяны,-минген атын союшуп, өзүн арыктын чекесиндеги кумга көмүп салышат. Абдан чымыркаnып, аракеттенип, кумдан суурулуп чыгат. Бай Чабдар ат айткан сөзүн шашпай угат. Алар “Арбып-дарбып дүрбөшүп, аттан, болгун, жүр!”-дешип, жөнөшкөн соң, Бай көмгөн жерден чыгып, алардан качып кутулууга камданат. Бир колотто алты качыр, төрт эшек калганын

көрүп, этегине конок салып, эптеп качырлардын бирөөн кармап алат. Арык казгандардан элүү-кырк адам калып калган болчу, бирок алар Байды көрбөй калышат. Качыр кармап жүргөндө, алар Байдын карасын көрүп калышып:

“Кайдан келген адам-деп,
Келген экен бир жактан
Бу ууру кылчу арам-деп,
Кууп кармап алам!”-деп,
Кужулдашып келатыр,
Азы бала, көбү чал,
Аңгемесин көрүп ал,-делет [1:89].

Чал алардан качып, бир кырaңга чыгып, аны кубалаган экөөн-үчөөн таш менен кырдан уруп жыгып, Бай аргасы жоктон ошол аскерлердин артынан наалып жолго түшөт. Ошентип бай Жакып бир тууган агасы менен жолугушуп, бири-биринин ал-жайын, аманчылыгын, ата-тегин, балдарын сурашканда, алардын айрылышканына алтымыш жылча убакыт өткөнүн, бир-бирин эстегенде кусадар болуп сагынып, ыйлап, көз жаштарын төгүп көлдөткөн учурларын, бири-биринен улам сурап, жообун угуп, маектешип, эки чалдын эзилише сүйлөшкөнү, чер жазышканы баяндалат. Агасы Жакыптан баягы жалгызыңдын аты ким деп сураганда, Жакып:

“Жалгыз көргөн бир балам,
Жардам берсин бир Алдам,
Аты Манас!”-деп айтканда [1:92], аны уккан соң Бай, Нескаранын Манас деген баланы өлтүрөм дегени эсине түшө калып, инисине ошо сен көргөн алты миңдей колу менен Нескара дал Манасты өлтүрүүгө ниеттенип чыкканын ынанымдуу айтканда, муну уккан соң Жакыптын:

Зирилдеди жакасы.
Аттаналы, чабалы,
Айылды ылдам табалы,

Ары-бери камданып,
Адам жыйып алалы!
Аны ойлонду Жакып чал,
Ашыкканын карап ал,-делет [1:93]. Бай Жакып бардык жамааттарына ылдам кабар айттырып, Нескарадан коргонууга жетиштүү кол топтоого үлгүрөт. Ал эми Нескараны ээрчиген алты миң аскер адашып кетишип, "Бай Жакыптын Кең-Арал, аягы менен өтүшүп", барып, Маңгулдун журтун басышат. Маңгул журтунун Жайсаңбай аттуу байынын жылкыларын тийип алып качышат. Биздин жылкы-ларыбызга тийгендер кимдер дешип, маңгулдук-тардан беш жүз адам жыйылып, "Ат салышып акырып, айгайлашып бакырып", кимдерди жоолоп, кимди издеп жүрөсүңөр?-дешип айгай салышканда, арык башчы Басаңкул:
"Бай Жакыптын баласы,
Кайда болот айтыңар,
Байгур уулу Манасы?
Издегени шол-деди,
Шону издеген кол!"-дегенде [1:94], маңгулдар Манас, Жакыптын бу кезде турган жерин айтышат жана Жайсаңбай айгай салып, мурунтан калган кегиңер болсо айткыла, биздин жылкыларды алып, бизди азапка салбагыла деп, ушул өтүнүчтү аскер башчы бегине айтуусун өтүнөт. Басаңкул уккан кептердин жөн-жайын Нескарага айта барганда, Нескара шекшинип, ошол Жакыптын өзү болуу керек, башкада анчалык мал болбойт, андан көрө ага "Жылкыңды берем-деп, туруп, жылуу-жумшак кеп уруп, бортоңдогон бу чалдын, өзүн кармап аламын"-деген акыл сөзүн айтканда, Басаңкул макул табат. Басаңкул Жайсаңбайга келип, сенин жылкыңды айдабайлы, кайра кайтарып берели; сенин бизге кылган кызматың, Манасты таап, кармап бер!-деп

суранат. Жайсаңбай башын чайкап, өңү кубарып, бала Манас баатырды:

Кармап берер каруум жок,
Айдап берер алым жок,
Жылкы түгөл жыпжылас
Айылымды чаап кетсең да

Кармап берер табым жок!-деп [1:94], Басаңкулду жайма-жай карайт. Ошондо Басаңкул Жайсаңбайды кармоого чамынганда, ал атына камчы салып, бура тартып колун көздөй качып жөнөйт. Басаңкул анын артынан кууп келген учурда, Таноо аттуу калмак Басаңкулду колок менен атат жана ал "коркурап барып жыгылып", өлүп жатып калат. Ачууланган Нескара Жайсаңбайга жөнөп, аламан уруш салат жана Жайсаңбайдын аскерлери Нескаранын колунун мизин кайтарганда, каарданган Нескара алты миң аскерин бирдей тең чабуул койдурат. Көптөп чабуулга чыдай албаган Жайсаңбай тоого качып жөнөйт. Алар: "Кыз-келинин кармашып, дүнүйөгө жармашып, олжолорун талашып, орчунун сен алдың,-деп, ороңдошуп сабашып",-деп айылды бүлдүрүшүп, талоонго алышып жана:

Олжону арбын алышты,

Оңуп жыргап калышты,-деп айтылат [1:95]. Бирок, Нескаранын аскерлеринин кайтчу жолу буулуп, торолгон болот. Ошондуктан:

Эми жолдон көрүп ал

Кулак тунган көп чууну,-делет [1:96]. Ошентип кытайдын Даң-даң деген балбаны менен калмактын Күнөс балбаны жекеме-жеке сайышка чыгышат жана Күнөс Даң-даңдын колунан каза табат. Буга арданып кыргыздардан Көкчө баатыр кармашууга жөнөп калат. Көкчөнүн атасы Айдаркан баласына бакырып, Даң-даңга жеткирбей тосуп, сен али кичүүсүң:

"Балтыр этиң толо элек,

Балбан күчүң боло элек,
Жүрөк этиң толо элек,
Жүткүнөр кезиң боло элек,
Койгун, балам, барба-деп,
Жолобогун ага!”-деп,

Айдаркан айтып салганы,-делет [1:98] жана аны көрүп эр Көкчө: “Атамдын кеби акыл-деп, андай болсо макул-деп” атын бура тартат. Айдаркан менен Даң-даң кармашып, Даң-дан каза табат. Кытайдын Көдөң аттуу балбаны Айдарканга каршы айкырып түшкөндө анын айбатына чыдабай Айдаркан качып калат. Анда Аккуланы моюндап, Манас бакырып чыгып, жеткен жерден Көдөңдү бир заматта көмө жанчып өтөт. Жекеме-жеке чыккан кытайдын дагы эки балбаны эр Манастын колунан каза тапкан соң, аларды көрүп чыдабай, арданган бойдон Нескара мусулман жакка бет алып, чабуулга өтөт. Бирок Манастын айбатынан сестенип, Нескара Чабдар атын камчылап, өз аскерлерин айланта качууга мажбур болот. Ошо кезде Нескаранын жашы он тогузда экени айтылат. Качып баратып Нескара Манас менен беттешкени жаңылыштык болгонун, өкүнгөндүгүн билдирип, калкын муңайтат. Манас Аккуласын минип катуу кубалап:

“Жер түбүнө жетсе да,
Бээжин түгүл бер жагы
Кен-Тоого кирип кетсе да
Артынан Манас жетем-деп,
Же өлтүрбөй, же өлбөй

Кантип кайра кетем?!”-деп [1:101], белге жакындаганда, бай Жакып Манасты араңдан зорго токтотуп калат, б.а. Манас кызуу кандуулук менен Нескараны кубалап кете бергенде, Манастын өмүрүнө коркунуч туулуп калуусу мүмкүн эле. Нескарадан калган колдун баары калтырап, “Кара көзү жылтырап, жан соогаттап буркурап; жалпы баары чуркурап”, төрт жүз

отуз сарты, калган кытай, калмагы: “Катылбайбыз эми!”-деп, колдорун төбөгө көтөрүшүп, эсен-аман калуу үчүн жалынып-жал-барышат. Манас жесирдин баарын бошотуп, акыл кебин айтып, баарынын өзүнө тиешелүү болгон мал-мүлкүн, дүнүйөсүн алууга буюруп, үч күн ыйла-дыңар, мына азаттыкка чыктыңар деп көңүлдөрүн көтөрүп, кубантып, алардын кайсы аймактарды жердөөсүнүн ылайыктуулугун айтып, эгер жоо келсе кабарлашып туралы, бирге бололу деп:

Эсенкан эгер соо койбойт,
Эл деп бизди ойлобойт.
Көптүгүнө салганда
Көк найза салса бойлобойт,-деп [1:102], эскертет. Андан ары Манастан баары кеп сурайт:

“Алда, Алда!-дей бердиң,
Кудай, Кудай!-дей бердиң,
Ал эмине?”-деп сурайт [1:102]. Анда Манас Ислам динин тутунуп, кандайча “Кудай” деп калганынын таржымалын, анын Кудайга болгон бекем ишеними аны кыйын-кезеңде ар дайым колдоп жүрөөрүн сезгенин аларга айтканча, аларды да Ислам динине кирүүгө үгүттөйт. Алар Манастын бул сунушун макул табышат. Нескаранын аскер-леринин ичинен бузуктук, ырайымсыз иш кылган-дарынын, катын-кыздарга катылгандарынын сексен алтысын аябай катуу жазалашат. Колго түшкөн алты миң үч жүз колунун аты-тонун, курал-жарагын, баарын алып:

“Аман-деди-жаныңар,
Алты миң үч жүз саныңар,
Качып кетти каныңар.
Баарыңарга эп болсо,
Мага кара баарыңар!”
Манас айтып салганы,-делет [1:103].

Төрт жүз сарты, эки миң үч жүз киши калмак түркү (б.а. алар өзүлөрүн “калмак түркпүз” дешкени) жана үч миң алты жүз кытайы жан соогатташып, жалдырашып, көп азап чеккендерин айтышып, кара жанын эсен-соо коюуну өтүнүшүп, Манаска кошуп алууну суранышат. Алардын арзуу-тилектерин эр Манас кабыл алат. Мында дагы бир көңүлгө алчу жагдай жүз берет. Нескарадан чабылып чыккан маңгулдардан Үйшүн, Үмөт аттуу аксакалдары, Жайсаңбай, Үр эрендери жан жабыла Жакыпка келишип:

Этегиңдин алдында
Эл кылыңыз бизди-деп,
Эндекей жүрүш болбойт-деп,
Нескарага окшогон
Эр келсе эсен койбойт!”-деп [1:104], кошулуп, эл-журт болууну өтүнүшөт. Буга кошумча Күнөс балбандын агасы Күлдүр жайсаң өзүнүн он төрт жаштагы Чаганбай аттуу жалгыз баласын Манаска жолдош, алашка жоролош болсун, бул, эл болгон-дун белгиси,-деп суранат. Ошентип, күүгүм кирип, а күнү жатып калышып, эртеси таң атып, жарык болгондо:

Жалпы аламан баарысы,
Жашы менен карысы
Жалпы баары турушту,
Кылалы-деди, жумушту,-делет [1:104]. Эл-журт аксакалдары, эл мыктылары, азаматтары, баары жыйылышып:

Атагы Бээжин жер деген,
Адам уулу жеңбеген
Аты угулат бу жерге,
Аны Алтайдын журту көрбөгөн.
Анын баары жоо болду,
Алакандай алтайлык
Алар асылса кайдан соо болду?!
Өлүп калсак кырылып,

Бир чуңкурга тололук.
Тирүү болсок жыйылып,
Бир дөбөдө бололук.
Уктуңарбы баарың?-деп,
Улуу-кичүү, карың!"-деп,
Анда бата билбеген,
Ак динине кирбеген,
Мөндү, мөндү, мөндү-деп,
Эки колун төбөгө
Эл көтөрүп калганы.

Эсине эгем салганы, [1:104-105], Эр Манас шондо кеп айтып: -бул баарыбыздын жалпы антташкан, шерттешкен шартыбыз болот; кимде-ким ушул антынан, шертинен жанган болсо, Кудайдын кусуру уруп кетсин!-деп, мага угуза айткыла дегенде, укканынын баарысы "уруп кетсин Кудай!"-дешип, чуркурашып калышат. Антын, шертин кылышып, ал жерден тарашат жана "Тууган болду душманы",-делет. Арадан алты ай өткөн соң эр Манас он төрткө толот.

Жыйынтыктап алганда, жогоруда баяндалган окуялардын жүрүшү төмөндөгүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүндүк берет:

- Манас чоролору менен эч нерседен бейкапар өтө берилүү менен бүт ышкысын коюп, кыргыздын улуттук "Ордо оюнун" ойноп жатышкан учурда, төөсүн ордонун чийининин ичине киргизип, соодагерлердин көзгө илбеген, теңсинбеген, тоотпогон мамилеси, өспүрүм Манасты ардантып, анын ар-намысына тийген көрүнүш болот;
- Манасты кармамакка алардын алтоосу жулунуп-жабылышканда, алар менен катуу кармашып, Манас баатырдыгын көрсөтөт;
- Бул окуядан соң Манас жылкычысын чаптырып, атасы Жакыпка, Акбалтага, Бердикеге, Дамбылдага, б.а.

жамааттын баары келип калсын, “Манастын тапкан дүйнөсүн, байкап бөлүп алсын!”-деп, калкына кабар салдырат; Жакып бай кырк беш жүктүү төөнү, алардын алдында турган сарттарды көрүп айран-таң калат, ушунча дүнүйөнүн, малдын артынан издеп чыкпай коёбу деп, жашоо-турмушка көзү каныккан Жакып бир топ муңайып туруп, акыл токтотуп иш кылууну айтып, мал-мүлкүнүн камын, элинин коопсуздугун, тынчтыгын ойлойт; анда Акбалта чал кайрат айтып, кеңеш салат: -кытай качан келип, бизди кырып салат экен деп коркпой, олжону алып туралык, мындан илгери да көптөгөн кармаштар, уруштар болуп келген го; алты зубун калмактын аз дегенде төрт жүзү балаң Манастын колунан каза табышты, андан бери алты айга жакын убакыт өтүптүр, кана, келип алардын кырып салганы, “Кудай салса көрөрбүз, жазганына көнөрбүз”-дегенде, олтургандардын баарысы: “Оң сөз!”-дешип калышат; бул сөздөргө удаа эле эр Манас атасына ачууланып: “Атаганат атаке, акылыңыз канаке?!”-деп, малдын, дүнүйөнүн артынан кууп жүрүп, ач көз, сараң болуп калгандыгын, “Коркуп жүрүп, кор болуп, корлукка көнгөн экенсиң!” деген кеп айтып, капаланып, корккондон басмырланып жүрбөй эркиндикте, азаттыкта жашоого үндөйт;

- Нескара дөөнүн аскерлери менен Манастын колунун кармашында, баатырлардын жекеме-жеке сайышы көңүл буруугa арзыйт; биздин оюбузча, эр сайышка ортого чыгууда, кайсы бир тараптын баатыры сайышка чыгып, бөлөк тараптын баатырлары сайыштан баш тартканча (б.а., же калбай калганга дейре), уланып, ошондо жеңиш мөөрөйү сайышка чыккан тарапта болот жана мында кармаштын адилет чечилүү эрежеси жатат;
- Нескара дөө качып кеткен соң, анын алты миң үч жүз колунун (аскеринин) айрым сандагысын кылган кылмышына жараша жазалап, калгандарынын Манастын

журтуна кошулуп эл болууга болгон чоң өтүнүчүнө макул болуп, аларды Ак Ислам динине моюн сунууга (б.а. бир ишенимди тутунган эл болууга) үгүттөп, бата берилип, антташып, шерттешип, берген антын бузбоо талабы, бул, өспүрүм Манастын уюштуруучулук сапатын, калыстыгын, жетик акылдуулугун мүнөздөйт.

Адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст].ҮС.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият инсти-туту. ҮҮТүз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2. Эсенкан Манасты кармап келүүгө он миң колду жибергени [Текст]Ү Айкөл Манас баяны: 1-китеп. 5-бас. ҮҮАдаб. жаз. чык. Б.Максүтов.-Б.: "Турар", 2013. -220 б.

3. Муратов А. Кыргыз эл педагогикасы: табияты, таралышы жана тарыхы. 1-китеп. –Б.: "Турар", 2011. -604 б.

4. Алимбеков А. Кыргыз этнопедагогикасы: 1-бөлүк.-Б.: 1996. -69 б.

# Манастын алгач кан шайланууу баянынын таалим-тарбиялык сабактары

Тоонун көркү таш болот,
Боло турган азамат,
Он бешинде баш болот.

***Жеңижок***

Атактуу жазуучу Ашым Жакыпбектин "Теңири Манас" романында: "Жайдан күзгө оогон бир күнү Манас аймагынан сексен төрт улан чогултуп, салбырынга чыгууну көздөдү. ...шатыра-шатман жүрүп калышты",-деп жазылат [1:93]. Аталган романда "Балдардын алды жыйырма беште, эң кичүүсү Манас он үчтө",-делет. Бирок Сагымбай Орозбаковдун варианты боюнча жазылып алынган "Манас" эпосунда:

Асты бардыр жыйырма беш,
Аяк жагы он беште,

Алар болду кеңеште,-делип [2:120], Манастын курагы он беште делүүдө. Эгер улуу ойчул-акын Жеңижоктун жогорудагы ыр саптарынын мазмуну менен салыштырып, саресеп салсак, анда ошол учурда Манастын курак жашынын он бештегиси жүйөлүү болууда. Анткени акын Жеңижок, мүмкүн, ыр саптарында Манастын курагын да көңүлгө алган болуу керек. Салбырынга аттанаар күнү Манас атасынан жылкыдан үч быштыны карматууну, экөөн эки жолдошуна мингизип, бирин бош коштотуп аламын деп суранганда, атасы баласынан акыл калчап иш кылуусун, этият болуусун өтүнүп, “Керек болсо үйүрү менен айдагын,аралдым, бул мал-мүлктү сен үчүн жыйгамын”,-деп:

Камбарбоздун үйүрүнөн
Карматып бешти бергени.
Үчөөн үч жолдошко мингизип,
Экөөнү жалаң жетелеп,
Жолдоштордун артынан
Жете келген энтелеп,- делет [2:120].

Сексен төртү Чаркастандын оюна, агын суунун боюна, бадал токойдун ачыгынан ыктоо жай таап, чатырларын он-ондон айыл кылып тигишип, айлана тегеректе ит агытып, куш салып, бөрү-түлкү алышып, оюнга абдан канышат. Алтынчы күнү чогулуп отурганда, - Ашым Жакыпбектин романына көз чаптырсак, Манас мындай кеп айтат: -Баарыңар мырза балдарсыңар. Топурашып башы жок жүрө бербей бирөөнү ак тердикке чайкап, хан көтөрүп алсакчы, анан аны улук көрүп, айтканына көнсөкчү. Ким минип келген атын союп берсе ошону хан көтөрөлү да, айылга барганда элге жарыя кылалы. Кана, атуулдар чыккыла, мартың болсо сойгула, бакылың жөн койгула. Бу кеп тамаша эмес чын болсун, бирөөнүн атын алдап жегендей болбойлук...

Манастын кебин жөндүү көрүшүп, бир тобу жаалдап колдоп кетишет. Оболу кандык манжудан барган Шакумга сунушталат. Анда ал:

“Өз атымды жойгомун,
Алтайлык камап жатканда
Манаска нөкөр болгомун!”- деп [2:121], моюн толгойт. Ошпурдун уулу Назарбекке атыңды сойгун да, элге башчы бол!-деп камалашат. Ал: -Мен сегиз жашымда эле Манастын ат кошчусу болуп алгамын,-деп четке чыга берет. Жамаат Саламат-тын уулу, улуту кыргыз Айнакулду арага алганда, ал: -Көбүңөргө сөзүм бар, Манастын күчү менен кайратын көрүп калган көзүм бар:

Көкүрөктө эсим бар,
Баарыңарга эп болсо,
Манасты төрө кылууга
Ынтызар болгон кезим бар,- деп [2:121], Манасты төрөлүккө сунуштайт. Анда Айдаркан уулу Көкчөнү: -Сен хан боло турган жөнүң бар, ата-бабаң атактуу-тектүү, өзүң эрсиң. Ушу сен ылайык-сың...[1:94]. Ал кичине ойлоно калганда, арада Каракожо баласы Калдарга:

Калдар мырза баланы
Кан көтөргүн, балдар!-деп
Камалаша калганда [2:121], ал: -Мени камалабагыла, кан болуучу алым жок,-деп артка чегинет. Озунуп Көкчө кежейип кеп айтат: -Ой, ары жок балдар, алты күнгө чыдабай напси деген балаага алдырганы турасыңар. Мазак кылган сөзгө макоо атын соебу? А көрө бугу-марал таппасаңар, кекилик-улар атып жумуруңарды толтуруп чыдабай-сыңарбы! Анда Аскардын уулу Жабагы ачууланып: -Сары-Арканы жайлаган, сан казакты айдаган башкы атаң Барак кан болгон. Чоң атаң Камбаркан бар, өз атаң Айдаркан. Минтип артка кеткениң башкага жарашса жарашмак, сага жарашпайт. Бабырабай сой атыңды,-деп демитет. –Ой, Жабагым, бекер жаткан мал барбы, мага

өчөшкөн, өйдөлүк сөзүңдү кой да, чын эр болсоң өз атыңды сойчу,-деп Көкчө этегин кагынып туруп кетет. Көкчө анткен соң күлкү-шаң менен кан шайлоо жөрөлгөсү улана берет. Күлдүрдүн уулу Чалыга жабышышат, балдар. Анда Чалы: -Бая Нескара келген тушунда, эсим чыгып, не кыларды билбей, алашка коңшу болуп, Манаска кошчу болгон жайым бар. Азыр кан болорго менин алым да, акым да жок,-деп жөнүн айтат. Андан соң тыргооттордон Деркенбайга кезек келет: -Тыргоот деген улуу журт, жетээрлик бай турасыңар, азаматыңар шайма-шай. Союлса бир тай союлаар, жөө калсаң мага учкашып жүрөрсүң, атыңды сой,-деп аба жара күлкү жаңырып, ага жабылышканда:

–Улук болоор жайым жок деп Деркенбай качып кутулат. Жана тыргоот калкынан келген Аңгирдин уулу Конойго, “Атыңды сойсоң болор-деп,

Артыкча арбак конор-дешип, ага карашканда: -Атымды сойбойм акыр”-деп, Ал айта электе безенди,-делет [2:122]. Баары болбой кетенчиктеген соң, Манаска кезек келет.

“Сексен төрттүн ичинде
Сен экенсиң кичүүсү.
Эсеп жетпейт малыңыз,
Элден бата алыңыз,
Урматтап улук кылалы,
Айтканга көнө калыңыз.
Уругуң түрк алашы,
Урматтуу Жакып баласы.
Сен кандайсың, мырза?”-деп,
Эл ортого алышты [2:122].

Анда Манас: -Алтайлыктан арбының, каңгай-лыктан канчаң, манжулуктан баарың барсыңар, бир атыңды союуга батына албай качтыңар, бир жылкыңды союуну кандайдыр “мазак” катары кабылдаганыңар да бир топ;

ошентип, ар жанды козгодуңар; бул жерде акылмандар кошо бар, өзү, деги, баарыңар макул көрсөңөр, атын союп кан болуу, адам угаар кеп эмес,-деп:

Кийик издеп, аң уулап
Чаркастын келдиң бетине,
Талгак болсоң баарыңар
Бир жылкынын этине
Ат минбесем коёюн,
Алып келип жыгыңар,
Аккуланы соеюн.
Аккула жандан кайранбы?
Ач болсоңор табайын
Аманат жанга айланды".
Аны айтып жаш Манас,
"Алып келип бер жакка
Аккуланы союңар:
"Атын сойбойт экен"-деп,
Ойлонбосун оюңар"-дейт [2:123]. Манастын айтканын уккан Чегебай ордунан ыргып тура калат да: - Аккула арык, эти жок, аны сойгонубуз уят; өзүңөр көрүп турасыңар, арстан Манас баланын, атын сойбос нээти жок; менде кан Жакыптын колунан карматып минген бир боз бышты бар, ал абдан семиз мал:

Берсе Манас бегиңер,
Бекерге кетпей кебиңер,
Соеруңар чын болсо
Аккуланы коюңар,
Боз быштыны союңар,
Байрак байлап, туу кылып,
Кашыңда Манас баланы
Кан көтөрүп коюңар!"-деп суранат [2:122]. Чегебайдын айтканын макул табышып, боз быштыны көпчүлүк союшуп, этин сегизге бөлүшүп, этти жешип, жыргап калышат. Манастын мени жөн коюңар деп

качканына карабастан, аны камалап кармап алышып, ак тердикке салышып:

“Каныбыз!”-деп, дүркүрөп,
Кан көтөрүп алганы.
“Кан нөкөрү бизбиз!”-деп,
Кашындагы боз балдар
Каткырып күлүп калганы, -делет [2:123]. Андан соң эр Манас: -Кудай колдосо, айтканыма баарын көндүрүп алаармын деп, ал күндүн эртеси:

“Кан көтөрүп салдыңар,
Качкан менен болбодуң,
Камалап кармап алдыңар.
Өкүмүм экөө болбосо,
Өзүңөр аман кетпессиң
Өз көңүлүм толбосо,
Жарлыгым жалган болбосо,
Жаныңды тирүү кетирбейм
Санаада ишим толбосо.
Баарыңарга эп болсо,
Бакырың билген кеп болсо,
Түлкү, бөрү алдык,-деп,
Түнү-күнү сүйүнбөң,
Үмүтүң үзгүн үйүңдөн,-деп, өз өкүмүнө, жарлыгына жана алардын аткарылышына, бардык нерсеге олуттуу көз караш менен караарын алдыртадан билдирет. Ашым Жакыпбек Манастын кан көтөрүлгөндөн кийинки сөзүн минтип аяктайт: -Мындан ары Алтай тоонун Аңыртын ашабыз, Оркун дайранын Марал-Кечүүсүн жакалап, кайгуул чалабыз. Элибиз турган аймактын чеке-белин капилет келчү жортуулдан сактап турбасак болбос.

Сексен төрт жөкөрү ашып-шашып чатырларын бүктөшүп, кош-колоңун артынышып, Манаска катар бастырбай куйрук улаш жүрүшүп, Аңырттын белин ашты, арага бир конуп, андан нары арбын жол басты. Сексен

төрттүн ичинен узак жолго чарчанып, күңкүлдөгөндөр да болду. Бирок хан Манастын каары күн сайын күчөп чыгууда, бет келип каяша айтчу жан даабады. Күнү бою тынбай жүргөн соң Оркундун боюна жетти. Жаңгел токой апай төш жер экен. Кылымдап өскөн түптүү чынарлары дүпүйөт, бир чынардын башында баренденин миң уясы бар окшойт. Куштар сайрап безенип, нарытан өйүз-бүйүз терең жарга камалып, урган таштай толкуп аккан Оркундун шарына оболу көнбөгөн кулак тунгудай. Жар жайыкталып, суу жайылып аккан жерин Марал-Кечүү дээр экен. Токой четине чарчап барган берендер аттарын аса байлашып, көрпөчөсүн төшө-нүп, ээрлерин жазданып жайнап жатып калышты. Марал-Кечүүдөгү аңчылык олжолуу болду [1:95-96].

Ошентип, макаланын мазмуну боюнча төмөн-дөгү тыянактарды чыгаруу мүмкүн. Биринчи-ден, Манас мурда да көңүл санаасында катып жүргөн болуу керек, кийин сексен төртү салбырынга чыкканда ошол оюнун чындыгына көзү жетип, арабыздан бирөөн кан кылып шайлап, анын айтканын угуп, нускасына көнсөк, анда жамаатта өз ара түшүнүшүүнүн, биригүүнүн кырдаалы орноп, жамааттын аракеттери жөнгө салынып, жамаат иреттүүлүктүн, тартиптүүлүктүн, жооптуулуктун нугуна бурулаарын алдыртадан байкап жатат. Экинчиден, алты күн конушуп, соңку күндөрү аң уулоо анчалык олжолуу болбогондуктан, Манастын сунушу, б.а. кан болуучу уландын өз жылкысын союуга кебелбей макул болуусу керектиги айрымдарын артка кетенчиктетти; бул күтүүсүз сунуш, ырасында, кан болуучу уландын марттыгын, айкөлдүгүн, чечкиндүүлүгүн сыноочу жагдай болуучу; кээ бирлери бул шартты кандайдыр азил-тамаша катары кабылдашып, тамашага чалгандар да болду (мисалы, эр Көкчө); бирок Манас коюлган шарттын маанилүүлүгүн, келечектүүлүгүн жетик түшүнүп, кайраттулугун, жогорку

ар-намыстуулугун көрсөтүп, өзүнүн канаты, жан шериги-аты Аккуланы союуга көрсөтмө берип жатат. Үчүнчүдөн, сен кан болууга ылайыктуусуң деп сунушталгандардын бир нечеси (алар, чынында, кандыкка татыктуу болуучу), өз талапкерликтерин алып коюшкандыктары, эл-журттун жүгүн тартып кетүү, көтөрүү түйшүгүн, жоопкерчилигин терең ойлошуп, жетиштүү аң сезимдүүлүгүн көрсөтүшкөндүгүн белгилөө абзел. Төртүнчүдөн, кандыкка сунушталгандардын арасын-да бөлөк улуттардын өкүлдөрүнүн да болуусу (мисалы, манжудан барган Шакум, тыргооттордон Деркенбай ж.б.), кайсы улуттун өкүлү болбосун татыктуулугун, жарамдуулугун баалоо аракети, бул, нукура гумандуу, демократиялуу мамиленин үлгүсү болуп саналат. Бешинчиден, кан болууга татыктуу-суң деп көрсөтүлгөн айрымдар, мага караганда Манас татыктуу дешип, мурунку айткан сөздөрүнө бек турушуп, б.а. мырзалыгын көрсөтүшүп, элдин эртеңин ойлошуп, өздөрүнүн жогорку адеп-ахлак сапаттарын, акыл-эстүүлүгүн көрсөткөндүктөрүн белгилөө зарыл. Алтынчыдан, Манас кан көтөрүлгөн соң, элдин тынч, сак, бейпил жашоо-турмуш кечи-рүүсүн башкы орунга коюп, чек араны көзөмөлдөө чечимине келип, кошунуна жарлыгын айтып, чек араны кайтаруу боюнча алыс жолго аттанышат.

Адабияттар

1. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас: Роман [Текст]Ү Ашым ЖакыпбекҮҮ Сүрөтчүсү Т.Курманов.- Б.: “Кыргызстан”, 1995. -560 б.

2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]ҮС.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият инсти-туту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

# Алгач кан көтөрүлгөн соң Манастын баатырдыгы

Ашым Жакыпбектин романында: -Эсенкан баягы жылы кырк беш төөгө алтын-күмүш мал, тубар, пул жүктөтүп кербен курап, алты ишбээни башчы кылып, аларга уйгурдан он сарт, калмактан он кошчу берип:

-Соода кылып келесиңер, чет-жакабыздагы элдердин бизге көөнү кандай экен, түкшүмөлдөп, изилдеп билесиңер,-деп жөнөткөн эле, андан бери канча жыл өттү (бирок, Сагымбай Орозбаковдун вариантында андан бери алты жарым жыл өткөндүгү так айтылат), кеткен кербендин дайыны өчтү. Ошонун дарегин издегиле, Алтайды аралап, баягыда асыл таш менен ак буудайын жүктөп келип, ырымга кула тай сурап, жаңы конуш сурап, журтуна бийлик сурап кеткен буруттар кандай жатыптыр, ошолордон Манас деген бир балээ чыгат деп Жаңгир маземди алды эле, ошонусу чын бекен же калп бекен, аны билесиңер, андан көңүл тынч болсо Орол тоону оодара кыдырып, кайра Кашкарга, Жаркен менен Котонго, андан өтүп Анжияндагы Алоокеге жолугуп, жоголгон кербендин дайынын издейсиңер. Андан кабар чыкпаса Самарканга чейин барып кайткыла,-деп Нуукер деген баатырын башчы кылып, тогуз жүз аскер кол жөнөткөн [1:96].

Мына ушул тапта Нуукер колу менен Уркундун өйүзүнө келип калышып, бир убакта Нуукер аркы жээкте сайрандап жүргөн топту көрүп, аларды байкап карап:

“Алтайлыктын адамы
Алдыман чыгып калды”-деп,
Нуукер балбан кубанды,-делет [2:125]

жана алардын баарын бирин калтырбай мында айдап келгиле, “барбайм!” деп моюн толгогондорун жүндөй сабагыла!-деп буюруп, жүз адамын жөнөтөт. Жүз аскер

жээкке келип караса тоодон мөңгү бузулуп, Уркун суусу кочкул жошолонуп, капкара болуп көрүнүп, аябай күргүштөп кирип турган кези экен. Ар кимдин жаны аялуу. Буруттарга жеткиче бу суудан бирибиз калбай агып өлчүдөйбүз деген кабар айттырып, жүз башчы бирөөн кайта Нуукерге жиберет. Барган кишиге Нуукер катуу октолуп: -Суудан коркпой, жалтанбай өткүлө!-деп буюрат. Алар агымы оргуштап күркүрөгөн Уркундун суусуна киришип, ар кимиси ар жерде өрдөктөй болуп сүзүшүп, ат жалдагысы эптеп аркы жээке жармашып, ат жалдатканды билбегени ат-паты менен агып кете берет. Жүз балбандын сексени бери жакка эптеп өтүп, жыйырмасы агып өлөт.

Манас сууну жээктете кароол койгон болчу. Кароолчулар көргөнүн бачым түрдө Манаска келип: -Дайраны жүзчө адам кечти, алар кылыч, мылтык, бар жарак менен куралданган:

Улугу буйрук кылбаса
Ушу сууну ким кечет?
Өкүмөтү болбосо
Өлүмгө туура ким кирет?-дешип [2:126],

алардын абдан кооптуулугун белгилешип, кан Манаска даяр туруусун айтышат. Манас жолдош-торуна: -Аттарыңарды мингиле, алардын сөзүн, өзүн, мамилесин тыкыр аңдагыла, эгер душман көрүнсө, бириңер жалтактабай, кырылышка киреси-ңер!-деп эскерткиче, Нуукерден барган сексени буларга жетип келишип: -Элиңер алтайлыкпы, деги кайдан келдиңер, багып жүргөн малыңар көрүнбөйт, тиккен багыңар жок, соода кылчу пулуңар жок; бүркүтүң бар, кушуң бар, аң уулап келгенсиңер го? Салтанатыңар, турум-турпатыңар кан өңдүү, кандай жүргөн жансыңар, сапарга келген жан өңдүү көрүнөсүңөр; бирок, кылыч, мылтык бар жарак боюңарда көрүнөт; кыла турган жумушуң оюңарда

көрүнөт, жөнүңөрдү айткыла!-дешип, шектүү карашып, басмырлашканда, Манас:

“Өөдө-төмөн сөзүңөр
Өкүм менен жүргөндөй,
Ким болосуң өзүңөр?
Кийик издеп, аң уулап,
Жүргөндү көргөн көзүңөр”-деп [2:126]

аларга суроо салганда, жүз башчысы:

“Каканчындын калкыбыз,
Кандай өлүм келсе да
Качууну билбейт наркыбыз!
Аскер башчы Нуукери
Алыстан көрүп силерди:
“Айдап кел!”-деп жиберди.
Аттаныңар, жүрүңөр
Астына барсаң канымдын
Аман калбас бириңер!”-деп өкүмдүү керсейет [2:126].

Дагы Манас:-Кана, Нуукерден келген баатыр-лар, кабарыңды угалы, кандай ишиңер бар; алтайлыктарга асылган түрүңөр бар көрүнөт, аларда ким деген душман кишиңер бар?”-деп тике сурайт. Алардын башчысы териге түшүп, бала туруп, чокчоңдоп одоно сүйлөгөндү буга ким коюптур, “Өлөсүң, ылдам баатыр!”-деп өкүмдүү айкырат. Ага арстан Манас кыжырданып: “Айдап барчу сенсиң!-деп, Мына, барчу кишиң менмин!”-деп, Айкожо берген Ачалбарс менен анын башын ыргыта чабат. Мындай “ойго келбегендей, түшкө кирбегендей” көрүнүшкө тигилер ооздорун ачып дендароо боло түшкөндө, белен турган эрендер “Манастап!” ураан чакырышып, жабыла ат коюшуп, бирин калтырбай ойрон салып, кырышат:

Ошо келген жүз киши
Он үчү өлүп дайрадан,
Сексен жети мында өлүп,

Жалгызы тирүү калбады-делет [2:127].

Ошентип Манас нөөкөрлөрү жана Нуукер колу менен өзөндү бойлой өйүз-бүйүз болушуп жатып калышат. Нуукер жөнөткөн жүз кишиси эмне болду?-деп, алардын келбегенине абдан кыжаалаттанып, кейишке түшөт. Ол өйүздөгү кытайдын колу ачыгыраак орунга конгондуктан, дээрлик көзгө көрүнүп, ал эми бул жээктеги мусулмандар токойдо болгондуктан, булардын санынын канчалыгы аларга билинбей, аңдаса көзгө илинбей; түн болгондо карасаң, ар кайсы жерден от көрүнүп, анча-мынча ат көрүнүп, канча экенин биле албай, кыжаалаттанып Нуукер дөө санаадар болуп жатып, саргарып таң атат. Таңда алар урушка барабандарын кагышып, кернейлерин тартышып, сурнай үнү такылдап, айгай салып кытайлар, суугa киришет, салпылдап; терек, тал кыйышып, тегеренгис төрт сал кылышып, ар бир салга эки жүздөн байланы-шып, суугa бөлөк-бөлөк кирбестен, суунун жайын билбестен, токтолбостон баары жапырт киргенге кептеле түшкөн суунун оргуштаган катуу агымы толкуп күчөп, салдар бири-бирине урунуп, түйшүкккө салып, ортодо урунуудан жүз ону өлүмгө учурайт. Бир канчасынын аттары өлүп, өзүлөрү тирүү, жөө жээкке чыгышат. Калган алты жүз токсон желдетине Нуукер дөө айгай салып: -Жанагы жүз кишимдин кайдалыгын жана алтайлыктын канча жан экенин билгиле; атка минип ар тарабын чалгындагыла, анча-мынча жоо көрсөңөр качырбай кармап алгыла!-деп буюрат. Нуукер кечээги жүздү жайлаган немелер токойдун ар жерине катып койгон буктурмалары болбосун деп, колун бөлүп апай беттин токоюн туш-тушунан курчатат, улам кысып аралап, орто жерде кең жайыктан балдарга туш болушат. –Кайсы калктан уругуң? Кай жер болот турагың? Кечээги келген жүз киши кайда?!-деп Чаң-Чаң деген бирөөсү атырылып, шашыңкырап сурайт. Анда Манас ачууланып бек айтат: -

Башкы атам Байгур бек болгон, түп атам уксаң Түбөй кан, түк калбастан кырылган сүрүшөм деген канча жан; көп жерди алган Көгөй кан, көбү жерге көмүлгөн көсөмсүгөн канча жан; чоң атам аты Ногойдур, өзүмдүн атам Жакып бай, айтканымды уккун жайма-жай; аркы атам бар-Алаш-деп, атым менин-Манас; тим жүргөн жанга тийсеңер силердин да каныңар суудай чачылат!-дейт. Аны укканда ызааланып кытайлардан Кымкар деген бир балбан кылычын сууруп, кыйкырып алдыга чыгып: -Кыйын болсоң жекеге!-деп бакырат. –Манас, кийик уулап, тим кетпей, киши өлтүрүп тамтайдык; эрегишип койбо-дуң, катылышып койбодуң, каканчынды жеңил ойлодуң, сенин зарпыңдан эми минтип алаш кырылаар бекен; мага жат эмессиң, бөлөсүң:

Жаман жоого катылдык
Жайсыз жерден өлөрсүң,
Жайнай качып жөнөлсөк
Жаман бизди көрөрсүң!-деп

Айдаркан уулу эр Көкчө наалыш кылып күбүрөнөт [2:128-129].

Анда Манас акырая жай карап, ачуулана: -Көөсөрлүк кебиңди кой, жер Көкчө.

Арбын-деп, алардан коркпочу:
Алты жүз кытай келгенге
Алдырайсың каласың,
Акылыңдан танасың,
Айта берсең ушинтип
Азамат үшүн аласың.

Азыр качып бергенде ошондо кырылбайлыбы! Жүрөгү жоодон кала элек жаш балдар жалтанса эле курубадыкпы! Менден жашың улуусуң, Жок жердеги сөздү айтып, Жобоп келип турупсуң!”-деп [2:128-129], Манас жаалданып, кылычын сууруп, жекеге өзү чыкмак

болгондо Айнакул жылоодон алып: -Баатыр, кан болгон соң тим тур!-дейт.

Манастын сөзүнө ардана түшкөн Көкчө атына камчы салат. Кымкарга маңдайлаша берген жерде эр Көкчө аны найза менен көмкөрө саят. Аңгыча арадан Болжоң деген баатыры мылтыгынын милтесине от коюп, мелжеп чаап келатат. Найзачан турган Көкчөнү көмөлөтө атып салбасын деп, Манас андан озунуп:

Аккелте менен бир атып,
Ойрон кылып салыптыр.
Аттан түшүп далп этип,
Жер кучактап жалп этип,
Болжоң баатыр өлгөнү,-делет [2:129].

Аны көргөндө Нуукер атына камчы салып, чыдай албай акырып, чымырканып бакырып, Нуукер жөнөп калат. Быяктан Аккуланы алкытып (ал эми Ашым Жакыпбектин “Теңири Манасында” эр Манас Торучаарды алкытып деп айтылат), эр Манас чыгып айкырып, Нуукер дөөгө бет алып, маңдайлаша калганда:

“Баатыр Манас нетти?-деп,
Не балаа болуп кетти?-деп,
Мен түшкөндө майданга
Сен каяктан жеттиң?-деп,
Эмине болуп кеттиң?”-деп,
Эр Көкчө айтып салганда,
“Кытайдан Нуукер чыкты-деп,
Уктум эле мурунтан
Кылымдан ашкан мыкты-деп,
Аны көрүп алдым-деп,
Ачыды сага жаным-деп,
Ан үчүн келип калдым-деп,

Эр Манас жооп айтып [2:130], ага жакындай бергенде бу турган эки баланы көзүнө илбеген Нуукер балбан мылтыгынан ок атпай, найза сунуп сайышпай, кылыч алып чабышпай жетип келип, Көкчөнү ээрден сууруп кеттип, боорунан мыжыга кармап, алпарып ташка чабууга обдулду. Ошондо Манас артынан жетти да Нуукерди айдалыдан апчый алып, Көкчө экөөн тең аттан жулуп ат жалына басып, ала качып, сексен төрт жоролоруна жетип барды. Балдардын баары алая карап калыптыр. Көкчөнү бошотуп алалы десе, анын колу Нуукердин карчытына жабышкан бойдон карышып калыптыр. Көкчөнү бошотуп алды да Манас Нуукерди жерге бир чаап, ал ооналактап тургуча кылычын сууруп алып, желке талаштыра башын кыя чапты.

Жаш баладан мындай шумдукту көргөндө кытайлар ланнатына сыйынып, апкаарый кыйкыры-шып, аламан чабуул салышты. Бериден Манас менен Көкчөнүн эрдигинен демөөр алып калган сексен төртү “манастап” ураан чакырып, ач кыйкырык, куу сүрөөн менен жалтанбастан каршы чыкты. Айбалта башка шакылдап, найза төшкө такылдап, төбөдө кылыч жаркылдап, мылтык үнү тарсылдап (М. К.), кадимки кызыл кыргын болду.

Баатыр Манас бакырып жоонун бир капталын жиресе, эр Көкчө айкырып тиги капталын эңшере оюп кирип жүрөт. Сексен төрт баладан жетөө жарадар болгон экен, Айнакул аларды кошко жиберип, кайра кирди согушка. Аз болсо да сексен төрткө дем берер, сүр кошор Манас, Көкчө баатырлары жүрөт алдыда. Нуукерден ажыраган кытайлар ач кыйкырык, куу сүрөөн чууга, көз ачыр-бай ызылдаган жебелерге, “манастаган” ураанга туруштук бере албай аздан соң сүрүлүп артка чегинди, жанталашып суугa бой урду. Артта жетпей бараткан жөөлөрү арт этектери баштарына жабылып, өңгүрөп өкүрүп, алар кирди суугa. Суунун бети өрдөк толгон көл бетиндей чаарала болду. Далдайып ташка кептелип жатканы бар, тебетей-лери бөлүнүп, тегеренип агып бараткандары бар. Суугa жетпей калганы же батына албай корккону токойдун черине житип-житип кетишти. Чаңырып жүргөн Чалыбай кырк атын айрып калыптыр, ал баратат арсаңдай күлүп. Кытайлар болсо сегиз жүзүнөн эки жүзү кутулуп, көбү суу топойго баштары тыгылып жатып калды.

Олжого түшкөн жылкы көп, курал-жарак андан бетер. Сексен төрт бала олжону тең бөлүшүп, алгачкы эрдигине таноолору дердеңдеп, эртеси айылга кайра жол тартты. Мына ошол согуштан кийин Манас канкор деген атка конду,-дейт Ашым Жакыпбек [1:98-99 ].

Жыйынтыктап айтканда, Манастын эр жүрөк-түүлүк, баатырдык сапаттары, биздин оюбузча, төмөндөгүлөрдөн көрүнөт:

- Нуукердин 690 аскери дайрадан эптеп өтүп, анын тапшырмасы боюнча токойдун ар кайсы булуң-бурчтарын тыкыр чалгындап көрүшүп, улам тегеректеп кысып келишип, токойдун орто жеринде жайыктан Манастын жан-жөкөрлөрүнө туш болушат; Манастын колунун салыштырмалуу аз санда экендигин алар аңдап байкашат; бирок, кайсы бир буктурмада Манастын жашырынган

кошумча колу болуусу мүмкүн деген өңдүү шектүү, арсар ойлордон да алар куру эмес болуучу; алардын Чаң-Чаң дегендин дөгүрсүгөн, шашыңкы сүйлөгөн суроосуна Манас ачууланып, жети атасын атап, тегинин өз мезгилинде эл үчүн аткарган кызмат-тарын, касташкан жоолор менен кантип кармаш-кандагы улуу эрдиктерин "айтканымды уккун жайма-жай" деп баяндайт; бул баяны, бир жагы, касташкан жоого кандайдыр сес көрсөтүүгө багытталса, экинчи чети, өз колун маанайы суздоо, ындыны өчүү, коркуу сезимдеринен арылтып, аларды шердентүү болчу; касташкан, жайнаган колду байкаган эр Көкчөнүн: -Манас сенин буларга кайрыган катуу жообуңдун, зарпыңдын айынан баарыбызды бирибизди соо калтырбай кырабы, баарыбыз ушул жазмышка дуушар болобуз го, Каканчындын калкын жеңил ойлодуң, бүт алаш кырылаар бекен?-деп күмөндүү күбүрөгөндө, ага Манас: -Менден жашың улуусуң, кайдагы болбогон сөздү айтып, акылсыздык кылба, билесиңби, бая, алты миң аскер кол менен Нескара капыр келгенде да бизди Кудай сактаган,-деп ар-намыстуу, кайраттуу болууга чакырат; чынында, намысы ойгоно түшкөн эр Көкчө алгач жеке кармашка чыгат; Нуукер дөө жеке кармашка чыккан кезде Манас: -Нуукердин мыктылыгын илгертен уккан жайым бар, аны көрүп алдым, ачыды сага жаным, ан үчүн келип калдым, сен коё тургун деп, Нуукер менен катуу беттешип, анын башын жулуп салат; ошол замат алардын жети жүздөй чамалуу аскери менен сексен төрт жаш уландын ортосунда айыгышкан карсылдашкан уруш башталып, бул зор урушта Манастын тоодой кайраттуулугу, майтарыл-гыс тайманбастыгы, эрктүүлүгү, арстандай эр жүрөктүүлүгү, баатырдыгы даана көрүнөт.

- Манастын "канкор" деген атка конгондугун сөздүн оң маанисинде түшүнүү керек; анткени, "алтайлыктарга кыргын салам, тамырын кыркам, чилдей тозутуп, таратам

деген арам ойдо, жаман ниетте катуу тийген, кагып-силкип текебер мамиле жасаган алгач өздөрү катылган душманды дааналап аңдап-билип, алардын канын топон суудай агызып жаткандагысы...; бул оюн Манас аларга, оболу, өзүнүн жети атасынын таржымалын баяндаган учурунда эле эскерткен болчу; ошону менен катар болуп өткөн окуя кийинки кол салчу душмандарга да каймана түрдө алдын ала көңүл алчу сабак болсун дегендегиси.

Адабияттар

1. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас: Роман [Текст]Ү Ашым ЖакыпбекҮҮ Сүрөтчүсү Т.Курманов.- Б.: “Кыргызстан”, 1995. -560 б.

2. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]ҮС.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият инсти-туту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

3. Алимбеков Акматали. “Манас”-салттуу педагогикалык билимдердин көөнөрбөс булагыҮ Шоокум, сентябрь 2014-жыл, №09 (97). -8-б.

## Жамы журт Манасты кан көтөрүүсүнүн сабактары

Нуукер дөөнүн жоосун айыгышкан урушта жеңген соң, Камбарбоздун үйүрүнөн бай Жакып тогуз боз бээ байлап келип чалдырды. Айылына келгендин үчүнчү күнү эр Манас Алтайдын аймагын жайлаган ар түрдүү уруунун акылман, кайратман деген башчыларын чакырып:

“Алтайда жаткан эл-деди,
Аяк-башын жыйналтып,
Эсебиң канча, бер!”-деди,
Эл жыйылып келгени.

Башка уруктан маңгул бар,
Баатыр Жайсаң даңгыл бар,
Күлдүр, Калдар беги бар,
Манжурия журтунан
Бала Мажик беги бар,
Баштатан Дөгөн кары бар,
Андан бөлөк быякта
Алтайлыктын баары бар,
Алчын, үйшүн, найман бар,
Аргын Каракожо бар,
Абактардын ичинде
Айдаркан баатыр кошо бар.
Кыргыздардан Саламат,
Кыпчактардан чечен Таз,
Ногой уулу бай Жакып,
Нойгуттардан Акбалта,
Тотудан барган Токтоо бий,
Лөкүштөрдүн Өмүрзак,
Өзүбектин Дамбылда,
Өткүр чечен Абдылда,
Өз тууганы Акымбек,-делет [1:132].

-Баатырлар акыл ойлогула, бизди туш-туштан жоо курчап турат, алар бир күнү душмандык кылар!-деп Бердике ары-бери басып безилдей баштайт.

Акылмандар баарысы жыйылышып олтуруп, баарына тамак тартылган соң карыя Жакып:

-Канча кастык кылдык. Эми Эсенкан жөн жатпас. Ажыдаардын куйругун басып алдык көрүнөт. Өлүү болсок бир чуңкурда, тирүү болсок чогулуп бир дөбөдө болчудай ынтымак куралы. Түндүгүбүз Аңгир, Энесай, Шибер, батышыбыз Орол тоо, түштүгүбүз азырынча Алоокенин таман астында жаткан Ала-Тоо, Талас, Анжыян, Самаркан-ушул аймак бүтүндөй ата-бабабыз жоодон коргоп, мекендеген жер экен. Бир жакадан баш,

бир жеңден кол чыгарсак, камдуу болсок, өзүбүз ээлеп турарбыз. Акбалта баш болуп согушка кайнап өскөндөр жетилип келаткан балдарыбызга согуш өнөрүн үйрөтсө. Кенчилер кен казып, усталар узанса, каруу-жарак чыңаса. Мал курусун, жаман-дыгына алса бир күнү ит-куштун оозуна же жутка кетчү, алаканга сузган суудай чууруп жоголмокчу мүлк. Аскер курасак, минерине ат, жээрине эт, ичерине сүт белен. Баш кошо албай бириндеп жүрсөк бирден басып, күнүбүздү таң атпаган түн кылар, ургаачыңды күң кылар, эркегиңди кул кылар, зайыбыңды тул кылар. Эмесе, өкүмү болбой өнүкпөйт, башчысы болбой маарыбайт эл, баш-аламан жарыбайт эл. Жарактуу киши зар болбойт, хандуу киши кар болбойт. Отурган журт эп көрсө баарыбыздын башыбызды бириктирер хан шайлап алсак, жардыгына моюн сунсак, кыңк этпей кулдук уруп, айтканын аткарып турсак,-деп оюн ортого салат [2:100]. "Жакшы кеп!"-болду дешип, бай Жакыптын орундуу пикирин жактырышып, айрым-дары күңгүрөп, калгандары дүңгүрөп калышат. Ал жерде топтолгон улуу-кичүүнүн баарысы:

Кана, чыгыңарчы каныңар,
Чыгым тозор жаныңар,
Чынданыңар баарыңар,
Калп айтпаган чыныңар,
Казатка чыгар тыңыңар,
Кандыкка бириң чыгыңар!
Беттешкен жоого белдүүңөр,
Белдешкен доого демдүүңөр,
Өткүр, чечен тилдүүңөр,
Өкүмөт жөнүн билчүүңөр!"-дешип [1:134], эрен-дерден кимдир бирөө "Мен кан болууга жараймын!" деп, чечкиндүүлүк көрсөтүп ортого суурулуп чыгуу-сун күтүшөт. Жогоруда коюлган милдеттерди, шартты аткарууга, элди башкаруучулук наркты сактоого

дараметим жетет деп кимдир бирөө чык-пай, акылдашып калышат. Бул абалды кылдат байкаган сексен төрт жаш уландын ичинен Айнакул озунуп, ак сакалдуу карыялардан ага сөз берүүсүн өтүнөт:

-Чеге коштоп барган боз быштыны сексен төртүбүз согуш алдында Арал жерде сойгонбуз, Манасты кан көтөрүп койгонбуз, калганыбыз бүт ага нөкөр болуп алганбыз!”-деп ал болгон ишти төкпөй-чачпай айтып берет. “Каныбыз Манас болду!”-дешип көпчүлүк макул көрүшөт.

Заматта нары жакта Камбаркан небереси Көкчөнү жемелеп кирбеспи:-Сенин Манастан каериң кем? Бир тайды аяп калкка маскара болдуң. Атаң экөөң адамдан да, малды жакшы көрөсүңөр. Мына, башынан Кудай багын ачкан Манас атын союп, кандыкты кыргыз алып кетиптир,-деп катуу ызааланганын кулагы чалган, сергек Акбалта: -

-Капалууңар, кан кылбайбыз дегениңер, көөдөнүңөрдөгү сөздү ушул жерде ачык айткыла; кан аталган соң, аны кылбайт элек деп артынан ар түрдүү кептерди чыгарчу болбогула, айылыңдан арман, ичиңде арман калбасын, айткыла?-деген кезде, жыйынга арстан Манас жаш бала басып келип: -Алдымда агам жок, артымда иним али жаш; Кудайга шүгүр, мал-мүлк жагынан менде арман жок; бирок, башыма мүшкүл иш түшсө, сууруп алаар азаптан тууганымда дарман жок; атам Жакып карып калган, ата-бабалардын өткөн тарыхында өз ара бirимдик ыдырап, алардын тагдыр азабына күйгөн жайым бар:

Казак, кыргыз бир тууган,
Кан болуучу жан болсо,
Бирөө чыксын бел бууган.
Талаада бир ат сойдум-деп,
Кан көтөрүп койдуң-деп,
Өз напсыма тартпайын,

Тоодой токонаалатты
Өз мойнума артпайын.
Калмагың бар, маңгул бар,
Казагың бар, кыргыз бар,
Каңгай менен тыргоот бар,
Бел байлаган болсун-деп,
Мени боштоп койсун"-деп,
Бала Манас айтат кеп,-делет [1:135-136]:

-Айткан сөзү ырас. Калайык кан кылууга ылайыксың өзүң,-деп журт дуулдап калат.

Өңгөсүнүн баарысы кандайдыр кандыкты бир-бирине кыйбай, б.а. куру намыска алдырып талашып-тартышпай, журтту Кудай сыйлады делет. Көпчүлүк эл: -Манас кан болууга жаштык кылса, Жакыптын дүнүйөсү, турмуш тажрыйбасы мол; андыктан карыса да Жакыпты кан көтөрүп алалы, кабылан Манасты душманга кайрат кылаар баатыр коюп салалы!-дешкен жүйөөнү туура көрүшөт. Ал аңгыча намыстанган эр Көкчө Айдаркан менен Камбаркандын ачуусунан чыдабай, жергедеги казак-тын жемесине чыдабай, жетип келип: -Кандыкты Жакып атабыз алдыбы? Баатырлыктын мансабы Манасына калдыбы? Көбүңөргө эп болсо, акылга кеңеш сураймын, төгөрөктөгү эл-журт туура көрсө-ңөр, төрөлүктү сураймын!-деп элге жар салганда, казактардан эр Көкчөнү төрөлүккө баары жайыла колдоп, көрсөтүшөт.

Андан ары кан көтөрүү аземи башталып, алты кулач ак кийизди астына салышып, агала сакал Жакыпты Акбалта менен Бердике жетелешип алышып, калган көпчүлүк аны кармалап сүйрөгөндө, "көтөрбөңөр мени"-деп, Жакып кебин баштайт: -Өзүңөр билесиңер, канчалаган түмөн дүнүйөм болсо да, ошол мал-дүнүйөм көзүмө көрүнбөй, арманым сай-сөөгүмдү сыздатып, бала деп көп ыйлап-зарладым, чөгүп-чүнчүдүм. Мени карыганда кан бол дегениңер туура болбойт, кан жумушу

көп болот, элдин убал-сообун ойлоо керек, каралдым кашымда турса, сен кан бол дегениңер куру сөз болуп калат, кан болууну мага кыйган чечимиңер ырас болсо, анда баламды кан көтөргөнүңөр эп болот!-деп Жакыптын бурчактаган жашы тыйылбай, ал буркурап ыйлап жиберет. Бул, ырасында, илгери кордуктун азабын тарткан байкуш чалдын жүрөгү жибип элжиреп, кубануунун ыйы болуучу.

Канткен менен аземдин шаңына жандана түшкөн эл, казак, кыргыз камалап, калмак, маңгул жабылып ак кийиздин үстүнө бай Жакыпты салы-шып, баласы Манас баатырды, аны да ак кийиздин үстүнө жанаша отургузушуп, ак кийизди көп журт көтөрүп, жети кадам басканда:

“Болду, балдар, болду!”-деп,
Жеткилең Жакып карыя
Жерге түшүп калганы.
Жеке Манас баланы
Көтөрүп алып көпчүлүк,
Алиги турган жыйынды
Жети айланып барганы,
Жергесинде калайык:
“Жеттик мүдөөбүзгө”-деп,
Кужулдашып калганы.
Кан өкүмүн тийгизди:
“Кан таажысы ушу”-деп,
Эр Манастын башына
Жыгалуу бөрктү кийгизди,-делет [1:137].

“Жыгалуу бөрк” (Кан жыгасы башында)-(ир. джегэ)-падышалык мансапты билгизүүчү баш кийим-ге (таажы) тагылган белги деп чечмеленет [3:74].

Ошондо Жакып ойлонуп, токсон бээ сойдуруп, тогуз күнү той берип, жергесинде кыргыздар кызматына турушат. Ордо үй тигилип, кан белгиси-туу саялы дешип, ногойдон калган бай Жакыптагы кызыл тууну аштап

оболотушат. Ушул өңүттө Ашым Жакыпбектин романында Көк Туу обого көтөрүлгөнү баяндалат. Анын жөнү мындай. Бай Жакып өпкөсү көөп алактап, кайда катып жүргөнү белгисиз, сыныкууктун учуна байланган кызыл желек көтөрүп чыга келсе болобу. Буурул сакал Акбалта калч-калч титиреп, ителги көздөнө чекирейе түштү, булдур-сунун бүктөй кармап, Жакыптын башындагы орою түшкөн калпагын жапшыра чапты.

-Ата-бабаңдын каны ургур Жакып!.. –Журт элейип токтоп калды, Жакып делдейип катты. –Сен ата-бабаңдын төгүлгөн кызыл канын Манаска туу карматкың барбы?! Таласта төгүлгөн кан, бетиңе чүркөө болуп жабылган кызыл чүпүрөктү унуттуңбу?! Отко ташта мобу кызыл чүпүрөгүңдү! Таластын кароол чокусунда жалпылдап турчу, Теңир менен оболош Көк Тууну унуттуңбу?! Орозду баатыр чоң атаңын Көк Туусун унуттуңбу?! Манас бала, хан Манас-Теңир уулу. Манастын Туусу Теңир менен оболош шаңкай Көк Туу болмогу. Көк Туу көтөргүлө! ...Ак байбиче кеменгер апа Чыйырды көк жибекке оролгон түйүнчөктөн, кайдан, качан белендеп койгонун жан билиппи, узуну эки кулач, туурасы бир кулач шаңкай Көк Тууну желбирете төбөсүнөн бийик көтөрдү да, Акбалта авасына берди. Акбалта Көк Тууну алып, жигиттер жерге койбой дагы деле кармап турган ак кийизде дардайып жаткан Манастын маңдайына тийгизди, эринине тийгизди, анан береги жигиттер кармап турган ак баканга аштады. Ак Ордонун босогосуна жалпылдаган Көк Туу орноду [2:102-103].

-Көк Теңирдин Көк Туусу Манас-деп “Манастап!” ураан чакырышып, рухий биригүүнүн кудуреттүү илеби, керемет күчү, баарын кайрат-тантты көрүнөт. Ак Ордодогу аземдүү салтанатты Ашым Жакыпбек мындайча баяндайт: -...Ак Ордо алыстан караган жанга көктөн түшкөн кут болуп көрүнөт. Анысы ырас-Ак Ордо кут

Ордо. Айла-насында жуук чапырашты бөлөк өргөө жок, бирок, үн угулар арадан баштап айлана тегерек конгон ак өргөөлөр жашыл шаңдуу боордо ардакталып коюлган ак тукум айыл болуп турат. Ак Ордонун эшигинен кырк кадам созулган аралыкка эки туш сайылга асабаларга тагылган көк жибек салкын желпинчек тартылган, желпинчек бүткөн эки бурчта эки кызыл асабалуу эки найза сайылган. Желпинчектин асты Ордонун оозуна чейин жети кабат кытай килем төшөлгөн. Ордонун өз эшигине жеткичекти кандай баатыр болсо да эки тизеси калтырачудай.

Ордонун ичин көргөн жан Чыйырды апанын акылына, Жакып байдын бүйрөлүк аракетине тан берер: төрдө усталарга эбактан жасатып койгон алтын далы, алтын кош чыканак, эки чыканактын тумшугунан жолборс менен көкжал бөрүнүн баш кейиптерин алтындан чулу уюткан жасаттары бар алтын так... Манасты бир колтуктан Акбалта, бир колтуктан Камбаркан жетелеп, артынан Жакып атасы ээрчип: ак байбиче Чыйырды апа алдыда жол аластап арча түтөтүп барышып, тактысына отургузушту. Сыртта калың эл абажарып ураан чакырып, манастап турушту...

Алоокеден азап тартып андаалап, алыстан куулуп келген кырк курам журт ушинтип хандуу болду. Жакып бай маңдайы жарыла кубанып, токсон кызыл-боз бээ сойдурду... Байге чабыш, эр эңиш, жамбы атыш оюндар кызып, түнкүсүн таң аткыча кыз-келин менен боз уландар оюн куруп, ыр ырдап, кыргыз айылынын өчкөн оту тамды, өлгөн жаны тирилди, оюн-тамаша, шаң менен тогуз күн дегенде той тарады [2:103-104]. Той учурунда алтайлыкты санаса, баш-аягы болуп саны токсон алты миң болот. Чоң той тарап, кыргыздар кандуу журт болуп, элдин бакдөөлөтү көтөрүлгөн, кыргыз элинин келечек тагдырында

маанилүү орунду ээлеген зор тарыхый өнөктүк болгондугун белгилөө зарыл:

Кан көтөргөн Манаска
Кайта айланып келиңиз.
Таажы кийди кан болуп,
Кызматына турганы,
Кырк төрт жигит жан болуп,
Аскери токсон миң болуп,
Айтканы журтка дүң болуп,
Айкожо келип пир болуп,
Көргөн душман көңүлү
Көөдөн кара кир болуп,-делет [1:137].

Жогоруда баяндалгандар төмөндөгүдөй корутундуга келүүгө мүмкүндүк берет. Биринчиден, Манастын Нуукер дөө менен болгон кармашынын баянын төкпөй-чачпай угуп, кээ бири баягыда Нескара дөө келгендеги урушту да эстерине алышып, тегере-гибиз бүтүндөй душман-жоо болду, алар көптүгүнө, кастыгына алса, түрк уругунун бирин соо калтырбай тукум курут кылат өңдөнөт деп, турмуштун көп азабын башынан өткөргөн тажрыйбалуу бай Жакып абдан кооптонусун билгизип, бул маселеде чоң кеңеш куруу чечимине келет; бай Жакыптын өзөктүү ою жыйылган эл-журттун арасынан татыктуу бирөөсүн кан көтөрүү болуучу, анткени, ал өз оюнун тууралыгын төмөндөгүдөй жүйөөлөр менен бекем-дейт: а) журттар ар кайсы жердеминтип башаламан чачкынды жүргөндө жарыбайт да, өнүкпөйт; кандуу журт болсок, кандын өкүмүнө көнсөк, өкүмүн аткарсак, журттардын ичиндеги тартип чыңалып, журттун биримдиги орноп, душманга жооп кайтарчу дем, шыктануу, күч, кайрат пайда болот; б) журттун биримдиги андагы ар бир адамдын өз ара анттануу, шерттешүү шартына бекем турганында, ыйык тутканында, маселен, душмандар кол салса, кайрат-танып жооп кайтаргандай бололу, кокустан өлүп калсак, бир

чуңкурга тололук, а эгер, баарыбыз тирүү болсок, бир дөбөдө бололук:

Бели катуу бирөөңдү
Бек көтөрүп коёлук!
Кайраты бар бирөөңдү
Кан көтөрүп алалык,
Калкка кабар салалык,
Капыр келип кол салса,
Каруу-жарак асынып,
Каршысына баралык!"-дейт [1:134];

"Тирүү болсок чогуу бир дөбөдө бололук", б.а. "дөбө" деген бийик жер болгондой, туш-тушка азып, чачылбай, качпай, кагылып-согулбай, ийилип-бүгүл-бөй, ар-намысты, ариетти туу тутуп, биригип бийик бололу, ал эми өлүү болсок бир чуңкурга тололук дегендин мааниси, биздин көз карашыбызда, бул да биримдикти туюнтат, душманга катуу кайрат көрсөтүп, өлсөк да бөскө, тайыз болбой бир чуңкурга толгудай бололу, чыныгы мырзаларча, эрендерче татыктуу өлөлү дегендик; экинчиден, кеңеште кан болуучу адамга коюлуучу шарт да айтылат (б.а. кандай адам кан болуусу керек?), алсак, ал талапкер чынчыл, калыс, согушта эр жүрөктүү, кайраттуу, кармашта балбан, белдүү, сүйлөшүүдө курч, чечен, элди башкаруунун жөнүн, элдин көйгөйүн, жашоо-турмуш акыбалын жакшы билген акыл-эстүү жан болуусу керек; үчүнчүдөн, Камбаркандын катуу капалангандыгын кулагы чалган, сергек Акбалта жыйылган журтка кайрылып, кимиңердин өкүнүчтүү сөзүңөр, ичтеги арманыңар болсо, бул же тигил талапкер татыктуу эмес десеңер, ушул жерде ачык айткыла,-деп аксакалдык калыстыктын үлгүсүн көрсөтөт; төртүнчүдөн, Камбаркандын капалуу сөзүнө көңүл бурган Манас да, кан болууну жандалбастап талашкан жайым жок, менден бөлөк татыктуу бирөө кандыкка көтөрүлсө, мен аны колдоймун деп, маселеге

карата Манастын кенен көз карашын, токтоо, сабырдуу мамилесин белгилөө абзел; бешинчиден, кеңештин жыйынты-гында кан көтөрүү маселесинин туура, калыс чечилгендигин белгилөө зарыл, б.а. татыктуунун татыктуусу Манастын кан көтөрүлүүсү жана казактардан эр Көкчөнүн төрагалыкка шайлануусу; бул өнөктүктүн дагы бир баалуу жагы, Кыргыз мамлекеттүүлүгүн куруунун башаттары ушинтип башталгандыгын күбөлөйт; алтынчыдан, кан көтө-рүлгөн Манасты Ак Ордого такка отургузуу аземи (шаан-шөкөтү), салтанатынын өз-өз орду менен шаан-шөкөттүү да, бир караганда сүрдүү да жогорку деңгээлде өткөрүлүүсү, бул, эл-журттун коопсуз, жай турмушу үчүн буга дейре бир нече жолу эрдик көрсөткөн баатыр  Манаска болгон элдин терең таазиминин, бийик урматтоо, кадырлоо, баалоо, кубануу, ишеним сезимдеринин белгиси болуучу.

Адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]Ү С.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият инсти-туту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2. Ашым Жакыпбек. Теңири Манас: Роман [Текст]Ү Ашым ЖакыпбекҮҮ Сүрөтчүсү Т.Курманов.- Б.: “Кыргызстан”, 1995. -560 б.

3. “Манас” эпосунун сөздүгү [Текст]Ү түзгөндөр: Э.Абдылдаев, А.Акматалиев, Б.Садыков, Р.Сарыпбеков. Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясы, Адабият жана искусство институту. – Бишкек, 1995. – 172 б.

4. Алимбеков Акматали. “Манас”-салттуу педагогикалык билимдердин көөнөрбөс булагыҮ Шоокум, сентябрь 2014-жыл, №09 (97). -8-б.

## Кан Манас жортуулга аттанаарда жолунда кезиккен элдерге Ислам динин насыяттоо менен байланыштуу жагдайлар

Манас кан көтөрүлгөн соң, кийинки болгон окуялардын жүрүшүн аңдап, билип, бу кытай бизге кекенгенин, катылганын койбоду, кытай оңбочу болду деп, Бакыр уулу Байматтын атка минүүсүн жана Алтайга кабарлап баруусун буюрат. Ал жердеги түрк, алаш уулумун дегендердин баарынын аскерге келүүсүн, акылман карылар, билермандар да кошо келсин деп тапшырма берет. Жортуулга баруу учуру келгенин Манас мындайча белгилейт:

Жарагым каркап толуптур,
Менин жанчышар кезим болуптур.
Элиме душман толуптур,
Менин эңишер күнүм болуптур.
Айылыма душман толуптур,
Атышар күнүм болуптур!-дейт [1:177].

Бир кезде Манастан кек, өч алабыз деп атайы келишкен кытай аскерлери ногой калкы булгар-лыктар менен он төрт күнү атышып, алардын кайра качуучу жолун Манас тосуп алган соң, кытайлар ортодо камалып, сегиз күн токтоп калышат. Бул учурда бардык болгон аттарын союп жешет. Он үч күн дегенде мусулмандардын колу орчундуу көбөйгөнүн көргөн кытайлар не кыларды биле албай, эстеринен танышып:

Бирин бири жарыптыр,
Бир убакта караса
Бир неме калбай калыптыр.
Өз билгенин кылышып,
Өжөр жайыл капырлар
Өзүн өзү кырышып,

Кылыч, мылтык, бар жарак
Калыптыр жерде калдырап,
Чарайна, соот, кыягы
Жерде жатыр шалдырап.
Өлөрүн билип өздөрү
Торгун, тубар асыл бул
Кийимин өрттөп коюптур.
Күлдөрү жатыр үйүлүп,
Тамеки жатыр түйүлүп.
Кылычы жатыр кылайып,
Сүңгүлөр жатыр сулайып,
Түпөгү менен булайып.
Бычагы жатыр, кыны жок,
Кыягы жатыр, кылы жок,
Денеси жатыр, жаны жок,
Өлгөн кытай саны жок!-деп айтылат [1:178].

Булардын курал-жарактарын олжолоп алы-шып, Манас аскерлерди абыдан жыйып, Каңгардын бийик тоосунун капчыгайында кытайлардын колу токтогон болуу керек деп болжолдоп, алардын тек-жайын, санын билүү үчүн:

Бууданга камчы салганы.
Буруштагы жол менен,
Мубакүлдүү сыр найза
Кармап алып кол менен,
Аркар жүрбөс кыр менен,
Аскар бийик тоо менен,
Аралап өтүп баратыр
Эчки баспас зоо менен.
Аккула минип шашыптыр,
Өлдүм-талдым дегенде
Өзөндүн башын ашыптыр,-делет [1:181], б.а. Манастын абдан кылдат, байкатпай чалгындоого аракеттенгендиги мүнөздөлөт. Манастын көзүнө кенен

жашыл шиберлүү жайкалган жайыт, ал жайытта оголе көп жылкылар жайыла оттоп жүргөндүгү, ал эми “кулундары куюгуп, кунандары жарышып, куйругун сыртка салышып”, жылкы-лардын өлчөөсү аз болгондо кырк миңдей деп болжолдойт. Бу жайылган мал кытай, калмактыкы өңдөнөт, жылганы көздөй үркүтүп, малдын көбүн айдап кетүүгө аракеттенет. Ал аңгыча акырып, “Айдаба!”-деп бакырып, алтымыш менен жетимиш жаштын арасындагы бир адам, ак сакалын жайкалтып, кубалап кыйкырып жөнөйт. Ал адамдын: -Атаңдын аты ким эле? Өзүңдүң атың ким эле?-деп айбаты катуу кыйкырыгын уккан Манас: -Менин түбүмдү, ата-тегимди сураганына караганда, бул киши түрк уулунан болуп жүрбөсүн деген ойго кетет. Чалдын ачуулуу, орой мамилесине Манас да өчөшүп, туталанып, каяша жооп кайтарат. Чал калбаны баштап, качырып келип Манаска найза урганда, Манас атынан учуп кете жаздап, илгери-кийин мынчалык шашпагандыгын эстеп, экөөнүн ортосунда найза сайыш башталат. Качырышып бул экөө каршы-терши өтүп кетишет да, Манас баатыр Аккуланы бура тартып, атына камчы салып:

“Баабедин!”-деп бакырды,
“Манастап!” ураан чакырды.

Манастап айгай салган учурда, бая өткөндө чоң той берилип, жаңы төрөлгөн наристеге “Манас” деген ат коюлган болчу, ошол Манас болуп жүрбөсүн деген ой кылт дей түшөт, аксакалга. Чынында, бул чал Манастын таятасы эр Эштек болуп чыгат. Манаска Эштек бакырды:

“Кагылайын каралдым,
Бери келгин!”-деп чакырды.
Оңо турган чал эмес,
Оңой-олтоң жан эмес,
Сурайынчы жайын-деп,
Султан Манас ойлонуп,

Жанына жакын барганы.
Жайы-көйүн сурап баланы,
Жакыптын уулу жаш Манас
Жайын айтып салганы,
Ошо жерде угуп эр Эштек
Оодарып аттан алганы,
Ой-бойду бийик салганы,-делет [1:182]. Андан ары Эштек: -Сени бапестеп, алдейлеп чоңойткон атаң, энең, эл-журтуң эсен-аманбы? Бул жерге кандайча келип калдың? Аркар баспас кырларда кантип басып жүрөсүң? Бул жайга бөлөк жан түк келбейт дечү элек. Кытайдын жазийрасынан кол мол чыгып, Канар тоого таянып, Булгар жерибизден бул орунга качып келдик, кытайлар бизди кууп келип курчоого алышты, бала-чака биригип алар менен он төрт күн уруш салдык, минтип камалып турганыбызга кырк күнчө болду деп:
Кагылайын каралдым,
Кайдан келип калганың?
Каран калган жылкыны
Кайдан көрүп айдадың?
Манас деген атыңдан,
Атка минген затыңдан,
Кебете-келбет боюңдан,
Акылга терең оюңдан,
Аман болсоң, жалгызым,
Ар иш келер колуңдан.
Аттанганың, мингениң
Алда!-деп, жолго киргениң
Бүгүн болсо каралдым,
Айдаган жылкың бир канча,
Айдаганың айдап кет,
Алып көөнүң жайлап кет!
Акжолтой Манас болуп жүр,
Айдап жылкы оңуп жүр,

Не кармасаң кыз кармап,
Олжолуу Манас болуп жүр!
Акжолтой болсун жолуңуз,
Алган жылкыңды айдап кет,
Уялбасын колуңуз!-делет [1:183], б.а. Манаска жолукканына жүрөгү элжиреп, ага ак дилинен чыккан каалоо-тилегин айтып, батаасын ыроолоп жатат. Анда Манас: -Бир да тайды албаймын, жаман атка калгым келбейт, сиздер жоодон коргонуп жатканда мени Кудай урбайбы, жылкыңарды айда-сам дейт. "Жакшы болду таята, жакындан чыгып калганың"-деп, жоону өзөнгө камаган турбайсызбы, жоонун асты жагынан сиздер атып, аркасынан биз атып, ортого жоону алыппыз, биз атышкан жоонун баарын кытай экен деп, сиздер да бизди кытай экен деп ойлоп, жөнү жок бир бирибизден коркуп, кейишке кенен батыппыз, сиздин жакшы балаңыз бар экенин уккам, Жамгырчы таякем кана?-деп Эр Манас сурап калат. Эштек баатыр кеп айтат:

"Эртең менен Жамгырчы
Кытайды байкап келем-деп,
Кеткен бүгүн",-деп, айтат [1:184]. Андан ары Эштек кытай менен жакын арада болгон окуяны баяндайт. Б.а. балам кытайдын пейили бузулду, түрк уулун түгөтөбүз деген ойлору жаман, начар ниетте алардын аскерлеринин жыйылгандыгынын кабарын алып, шашып үч жылганы өрдөп качтык, колоттун оозун тосуп, ойрон болгон кытай менен так он төрт күн атыштык:

Билбей калдык бул иттин
Эмине кылып жатышын.
Жаңыдан бизге келгенде
Каптады эле катуулап,
Күчөдү эле та-талап,
Күрмөлбөгөн санталак.
Эки миң төрт жүз кишибиз

Ашыгышып анталап,
Мылтыктарын октошуп.
Милтелерди чоктошуп,
Так он бир күн болгончо
Астын бууп токтошуп.
Жасоосуна бөлгөнү,
Билбейбиз канчасы өлгөнү.
Он бир күнгө жеткенче
Бу турган булгар журтунан
Чыканак жерге салбады,
Чырым уйку албады,
Катын менен балада
Эч бир тынчтык калбады.
Эл карაанын көрдүк го
Эми арман калбады,-дейт [1:184-185]. Эштек кебин улап, кызыталак кытайдын катылганы солгун-даганына, урушууга келбегенине төрт күн болду, урушуудан жадап, жүдөгөндөй көрүнөт, жүрчү балам, кыр-кырлап абайлап бастырып, кытайдын кантип жатканын көрөлүк, "Келди бекен Жамгырчы? Кебин угуп каналык"-деп, көрүнөө жерге барып карашса, карга-кузгун учуп-конуп жайнап жүргөнүн көрүшүп айран калышат жана бир да баскан жан көрүнбөгөнүн, алар кырылып калган өңдөнөт:
Кырдан көрүп каткырып,
Кыраан Эштек күлүптүр,
Кырылган экен капыр-деп,
Кыйдылык менен билиптир [1:185]. Чынында кытайдын жүз он бир миң аскери ортодо тосулуп, камалып калгандыгын билишип, алар гайырлык менен өзүлөрүнүн жандарын өзүлөрү кыйышкан болчу. Кытайдын күтүүсүз мындай кырылганына айран-таң болгон Манастын чогулган үч жүз миң колу алардан калган курал-жарактарды, жабдык-тарды, буюмдарды талашып, сүйүнүшүп олжолоп алышат жана алардын айрым

куралдарынын мыкты жасалгандыгы төмөндөгүчө сүрөттөлөт:

Камыш экен найзасы,
Тарамыш менен чаптаган,
Желим менен каптаган,
Ташка чапса сынгысыз,
Жакшы экен сүңгүсү,- делет [1:186]. Эртеси Тунук-Булак деген жайдын башында аксакал-дардын, акылмандардын, элдин баарын жыйып Манас кеңеш курат. Бу кытайлар кыйынсынып, бизге катылганын, камаганын, урушканын койбоду, бизди кытай эл дебейт, эшигин ачсаң кел дебейт, Эсенкан деген бирөөнү кан көтөрүп салгансып, алар эч кимди көзүнө илбей калды, аз жылдан бери кан чыгып, ааламдын баарын үшүн алып коркутат, кылык-жоругун карасаң Теңир launch уургандай түрү бар:

Теги-жайын сурасаң,
Теңир ургур түк билбейт,
Айтсаң билбейт а түгүл
Арам менен адалды,
Аз жылдан бери бизге ойлойт
Аябаган залалды,- [1:187], ошондуктан, эл-журтубуздун ар-намысына доо кетип жатат, намысыбызга келели:

Алаш экен атабыз,
Арбак урган кытайга
Аттанбай кантип жатабыз,-деп чакырык салат. Алардын байыркы түбү бизге тууган экенин моюндарына алышпайт, шайтан тилине азгырылып, туура жолдон адашып азып жүрүшөт, арам менен адалдын айырмасын алардын чаташтыргандары төмөндөгүчө мүнөздөлөт:

Азезил айткан боюнча,
Аларга арам чычкан жок,
Чычкан, чымын баары адал,

Жылан-курттар дагы адал,
Ит менен доңуз ага адал,
Кескелдирик, кумурска,
Кез келгендин баары адал,
Башы курсун кытайдын
Маймыл, борсук дагы адал.
Кашкулак менен суурду
Казанына куурду,
Жебесек жанга залал-деп,
Жер үстүндө кыбырап
Жүргөн-турган адал-деп,
Билбейбиз кандай экенин,
Жылкыны арам-деп коёт,
Арбак урган кытайга

А кандай болуп билинген?-деп [1:188], аянбастан аларды ак жолуна салалык дейт эр Манас. Алар баскынчылык кылып үч ирет келди, карап турганыбыз жарабас, эгер динге кирбечү болсо, калкынын баарын кыралы!-деп бекем эркин билгизген Манас батаа айтууга алаканын жайып:

Ушу сөздөн жанганды,
Убададан танганды,
Төбөсү ачык көк урсун,
Төрт чарыяр көп урсун,
Төшү түктүү жер урсун,
Арбагы бийик эр урсун,
Ак байгамбар пир урсун,
Аты Кызыр тирүү урсун,
Кырк чилтен кайып эр урсун,
Кылым турган эл урсун,
Каусул Кыяс кошо урсун!
Укумунан тукумун

Немесин койбой тоздурсун!-дегенде [1:189], уруулуу журт көп алаш, карыя Эштек, атасы Жакып бай,

аксакалдан Айдаркан, азар түмөн “канча жан “Оомийин!”-деп күңгүрөп, кол көтөрүп дүңгүрөп:

Бата кылып болушуп,
Жүзүн сүртүп коюшуп,
Кош башына бир бээ
Коштоп келип союшуп,
Өзөндүн баары толушуп,
Өз алдынан болушуп,-делет. Ал күнү конуп жатышып, эртеси күнү акылдашышат, б.а. жортуулга бели катуу, бек айбат жарамдуулар, эрегишкен душманга эр азаматтар барышсын. Ал эми кары-картаңды, чабалдарды, балдарды, кыз-келиндерди убара кылбайлы, алар эгин айдап, мал багышсын деген пикир айтылганда, “Кандай барбай калам?!”-деп, жаш-карыдан чыр чыгып, нараазылана калбалашканда, Дагалакты алууну оңой көрбөгүлө дешип, эстүүлөр абалдын жөн-жайын ынанымдуу түшүндүрүшүп, отуз миң адамды кайтарат жана эки жүз сексен миң кол жортуулга барууга даярдалат.

Бул учурда Эштек тар жылганын (капчыгай-дын) ичинде үркүп-бозуп, кагылып-чабылып, качып келип жайланышып калган булгар элин, анын кийинки тагдырына кооптонуп, Манастын журтуна кошууну самап, көчүрүүгө аракеттенет. Бирок Жамгырчы бул ойго макул эместигин билгизип: -Жылганын оозу туюк тар экен, бирок ары жагына өткөндө отуз миң үй болсо да кенен, ал эми кырк миң үй кысылышып жайгашкыдай жер, жайлоо бар болуп жатат, аштык айдап, мал багууга ыңгайлуу, “тар-тар десе мейли,-деп тарлыкпайлык, “Ый артын-да күлкү бар” деген нуска кепти эстейли, эң алдынкы үй-бүлөлөрдө жыйырма миңден, кембагал деген-деринде бир миңден айдаган жылкысы бар, бул да болсо Кудайдын берген мүлкү, ырыскысы, ар коштон бирден киши алайын, аларды эрчитип алып байларга салык салайын, “антип-

минтип элимден отуз миң жылкы алайын, орчун колдун союшун бүгүн берип салайын”-деп, жортуулга аттанган колдун азык-түлүгүнө ушинтип жардам берүү бүтүмүнө келет. Тарак казак калкында Ыраман аттуу тааны-мал киши болгон. Ырамандын Сарылбек деген баласы болот. Сарылбек деп ат коюлушунун себеби, андан мурда төрөлгөн алты агасы турбай, жашында каза таап, Ыраман байкуш болуп бүгүлүп, ыйлап жүрүп, соңку каза тапкан баласынан кийин арадан алты жыл өтүп перзенттүү болот. Ошол Сарылбек кан Манаска чоро болгондон бери үч жылдын жүзү болуп, жашы он бешке толуп, ырчылык өнөрү жана чечендиги менен жогору бааланып, “Ырамандын Ырчы уул” атына конот. Эр Жамгырчы Ырамандын Ырчы уулун өзүнө чакырып, аны ээрчитип, ага мындай кеп айтат:

“Колду аралап жар салгын,
Кош башына бир киши
Даярлансын!”-деп, айтат.
Ырчысы атка мингени,
Кош башына кыдырып
Жар чакырып ийгени:
“Жээндери келиптир

Кош башына бир бээ
Таякеси Жамгырчы
Сыйнатына бериптир,-делет [1:191]. Ырчы уул: -Кудай жалгап, мусулман олжолуу болсо, берилген сыйнатты көңүлдөрүнө алаар, б.а. ыраазычылык менен кайтараар маанисинде айткандагысы (албетте, кайтарган кезде экинчи тарап да чын дилден ыраазы болушу керек), а эгер, кытайдан кыргын таап жеңилсек:

Чын ушул алган жылкыңдын
Чын дүйнөгө барганда

Сыңар чака доосу жок!”-муну айтып ырчы жарды журтка салганы делет [1:191], мындайча айтканда, ыраазы болуп бергиле, силерди Кудай колдосун, сообу тийсин, чын дүйнөгө барганда аскерлердин моюнуна карыз катары илинбесин дегени.

Ошо күнү конушуп, эртеси таңкы намазды эрендердин баары окушканы төмөндөгүдөй сүрөттөлөт:

Колун сууга салышты,
Кол дааратын алышты,
Бутун сууга салышты,
Бут дааратын алышты,
Сакалдарын тарашып,
Кыбылага карашып,
Чапан, чепкен алышып,
Жайнамазга салышып,
Көпчүлүк журт күңгүрөп,
Окуп намаз болушту,
Алакан жазып, кол ачып
Бата кылып коюшту [1:191].

Андан соң бай Жакыптын агасы Бай деген жол баштап, кан Манас жортуулга аттанат.

Кеп соңунда Манастын Ислам динин үгүттөөсүнө байланыштуу доцент Эшмухаммед Дүйшенов: “Манастагы Ислам динин үгүттөөнү – Кыргыз руханий байлыгынын жаңы ачылышы катарында карообуз керек. Кыргыз эли үчүн Манастагы системалуу түшүнүктөрдүн керемет кудурети артылып, ар бир сөзү алтындай уютулуп, Улуу Кыргыз сөз казынасын жараткан, кунуна баа жеткис мындай үгүттөө-адеп-ахлакты, айкөлдүктү ишеним-ыйманга ынандырып, бир Аллахка ишенүү биздин руханий байлыгыбыз болгон “Манас” эпосунда айтылгандыктан, ал биздин журтчулуктун эң аздектелген казынасы болуу керек”,-деп эң келечектүү жана баалуу көз карашын айткан [2:178].

Ошентип, баяндалган макаланын мазмунун жалпылоо катары төмөнкү тыянактарды келтирүү мүмкүн:

- Манастын эр Эштек таятасы менен табышканы жана Эштек Манастын ата-тегин, анын өзүнүн аты кимдигин сураган учурда, бул адам менин түпкү тегимди сураганына караганда ал киши түрк уулунан (б.а. менин боордошум, тууганым) болуп жүрбөсүн деген ойго келүүсү; Манастын бул ою чындык болуп чыгат;
- Тунук-Булак деген жерде чоң кеңеш куруп, Манас жортуулга аттануусунун жөн-жайын чогулган элге баяндоосу, б.а. кытайлар бизди такыр көзүнө илбей, эл деп санабай калды, андыктан элди ар-намыстуу болууга, башты, көөдөндү бийик көтөрүүгө чакырат;
- Манастын жортуулга аттануусундагы башкы максат, биздин оюбузча, биринчиден, алар (кытайлар) шайтан тилине азгырылышып, адал-арамды ажыратышпайт, кайдагы сүрөт сыяктуу буюмдарга сыйынышат, жакындан бери бизге залалды гана ойлошот (б.а. жака белдеги элдерди бытырандыга бөлүп, айлантып, аларды кул, күң кылып, баскынчылык менен мал-мүлкүн, дүнүйөсүн олжолоп, жерин өзүнө каратуу маанисинде), ошондуктан аларды ак Ислам динине тартып, бирдей ишенимди тутунган эл бололу, ошондо алар биздин эл-журтка карата туура эмес көз караште жүргөндүгүн түшүнүшөт, а эгер, текеберленип, айтканга көнбөй, караманча каршылык көрсөтүшсө, кыргын салуу чечимине да келген болчу; экинчиден, соңку саптар Ислам дининин өзөгүндө тазалык, жан дүйнөнүн аруулугу менен камырдай жуурулушкан феномен купуя жаткандыгын күбөлөйт;
- Убадага, антка бекем болууга берилген ак батаа (убада, ант батаа менен тастыкталып жатат), бул, эгер антты бузган болсо, ал тирүү өлүктөн так өзү, б.а. анын тирүү жүргөндөн көрө өлгөнү артык дегенди туюндурат.

Пайдаланылган адабияттар

1. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу [Текст]Ү С.Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын Ч. Айтматов атындагы Тил жана адабият инсти-туту. Түз.: С. Мусаев.-Б.: Хан-Теңир, 2010. -1840 б.

2.Дүйшенов Э. Реалдуулуктан, обөективдүүлүк-түн призмасынан Ислам окууга өтүү [Текст]Ү Э.ДүйшеновҮҮБилим берүүнүн рухий-ыймандык дөөлөттөрү: абалы жана келечеги. V илимий симпозиумдун материалдары. – Б.: 2013-жыл, 100 б.

3. Дүйшенов Э. Дени сак, руху таза инсандын моделиҮ Шоокум, №6 июнь, 2014, 10-б.

# “Манас” эпосундагы салттуу оюндар жана кыргыз эл оюндарын өнүктүрүү

Оюн-адам турмушундагы таң калычтуу кубулуштарынын бири катары улуу ойчулдардын жана бардык доорлордогу изилдөөчүлөрдүн көңүлүн өзүнө буруп келген. Учурунда Платон оюнду эң бир пайдалуу иш аракет катары эсептесе, Аристотель андан рухий тең салмактуулуктун азыгын, жан дүйнөнүн жана дененин шайкештигинин булагын көргөн.

XIX кылымдын акыр чендеринде оюн ишмердүүлүгүнүн алгачкы илимий теориялары жарала баштайт. Биринчи изилдөөчүлөрдөн болуп, оюндун социалдык маңызын чечмелөөгө аракет-тенген К. Гросс төмөндөгүдөй көз караштарды айткан:

- инсандык, психикалык жана физикалык өнүк-түрүү үчүн зарыл ык-көндүмдөрдү машыктыруунун жана калыптандыруунун маанилүү каражаты;

- адамдын социум менен алака-мамилесинин алгачкы формасы;
- өзүнүн жүрүм-туруму жана өз тайпасы үчүн жоопкерчилик сезимдерин тарбиялоо, окутуу жөндөмдөрүн калыптандыруу жолдорунун бири катары.

XX кылымдын башталышында оюнду иликтөө жаатында кызыгуу күчөй баштайт. Изилдөөчүлөрдүн бир тобу (У. Макдауголл, Г. Мерфи, Ф.Я. Бентендейх ж.б.лар): "...оюн-бул ар бир адамдын табиятына жуурулушкан, өзгөчөлүү "социалдык инстинкт" деген тезисти карманышат. Азыркы күнгө дейре өзүн-өзү туюнтуунун, көрсөтүүнүн каражаты катары караган оюн теориясы (Ж. Пиаже ж.б.лар) чоң популяр-дуулукка ээ. Маданий таануу көз карашынын өкүлдөрү (маселен, И. Хейдинге), оюн-жашоону коздойт, аны толуктайт, ошол себептүү ар бир адам үчүн турмуштук зарыл кубулуш деп эсептешет. [1:55]

Улуу педагог А.С. Макаренко "жакшы оюн" ар кандай ишмердүүлүктүн жогорку натыйжалуулугун камсыздайт жана ошону менен бирге инсандын шайкеш өнүгүүсүнө көмөктөшөт, анткени оюндун табиятында умтулуу аракети (физикалык, эмоцио-налдык, интеллектуалдык же рухий), кубаныч тартуулоо (чыгармачылык, жеңиш жана эстетикалык канааттануу) сөзсүз камтылган жана оюндун катышуучуларына белгилүү жоопкерчилик жүктөлөт деп эсептеген. Оюн учурунда баланын жөндөм-дүүлүгү өзгөчө толук жана кээде күтүүсүз жактардан көрүнөт, ачылат. А.С. Макаренко дагы бир маанилүү жагдайга көңүл бурган, б.а. баланын оюнга кандай катышып жаткандыгын көрүп, анын келечегин боолголоого болорлугун, бүт дээрин, дитин, ышкы-сын коюп, берилүү менен ойногон баладан

эртеңки күнү кесипкөй, иштерман адам жетилээрин белгилеген.

Кыргыз элинин көөнө тарыхын аңдап, саресеп салсак элибиздин жашоо-турмуш кечирүүсүндө улуттук оюндардын ээлеген орду абдан чоң экени байкалат. Проф. Марат Саралаевдин айтымында элибиз эчендеген доорлорду кечирген карт тарыхында 1000ге жакын оюндун түрлөрүн ойноп келгендигин эске салат. Кыргыз эл рухунун туу чокусу болуп эсептелген "Манас" эпосундагы эле улуттук оюндарга байланыштуу саптарга көңүл бурсак, Манас өзү балалык чакта көптөгөн оюндарды ойноп жүрүп жетилгендигин жана эпосто оюндарга тиешелүү маалыматтардын арбындыгы көзгө урунат. Мисал катары "Манас" эпосундагы "Көкөтөйдүн ашынан" төмөнкү саптарды келтирүү мүмкүн:

...Баатырлар жүрөк салышып,
Балбандар билек алышып,
Чечендер сөздөн жеңишип,
Атка болгон чабендес
Ат үстүнөн эңишип,
Мергендер мылтык атышып,
Аш болду деп жатышып,
Ар түрдүү даам татышып,
Билимдүүлөр иш бүтүп

Бир-бирине катышып,
Күлүктөр алып байгесин,
Күлдү журт көрүп пайдасын,
Балбан күрөш, төө чечиш,
Көсөмдөр ойноп көл кечиш,
Билдерге сынап жүк артыш,
Билмекке күчүн ит тартыш,
Тартынбай шарга түшүшүп,
Таз жеңишип сүзүшүп,... [2:5]

Кыргыз эл оюндарынын басымдуу бөлүгүнүн табиятын элдин кандай жашоо-турмуш мүнөзүн күткөндүгү менен ажырагыс байланышта кароо керек. Жаратылыш мезгилине (жаз, жай, күз, кыш), элдин каада-салтына, ойнолуучу жайдын, орундун шартына, ылайыктуулугуна, оюнчулардын курак жашына, курамына карата бул же тигил оюнду (оюндун түрлөрүн) уюштуруу максатка ылайыктуу деп табылган.

Алсак, "Акуш (сармерден)" оюнунда-элдин салты боюнча тойдо, кечеде, олтурушта, бош убакыт учурунда көңүл ачуу үчүн катышуучулар кезектешип ыр ырдашат. Оюн мезгилинде оюнчу-лардын ойлоо жөндөмдүүлүктөрү артылып, ырдоого болгон шыктуулуктары өнүгөт. "Манас" эпосунда:

...Барабанын тарттырып,
Бала туйгун жолунан
Тегиз акуш айттырып,
...Баягы арты кучак чоң комуз,
Алтымыштай балбанга,
Тегиз акуш айттырды...-делет.

Же болбосо оюндун мүнөзү, мазмуну, милдеттери боюнча шахматка окшош болгон элдик "Киште" оюнун алалы. Киште оюну байыркы оюндардан экендигин "Манас" эпосундагы:

...Кишисинен кырк-элүү,
Киштеге кирип калыптыр... деген саптар айгинелеп турат. Кыргыздар байыртадан эле Индия менен карым-катыш алакада болгондугу тарыхта белгиленет. Саты Токторбаёвдин божомолу боюнча, мекени Индия деп эсептелип жүргөн чатуранга (шахмат) киштенин бир аз өзгөргөн түрү гана дейт. Алгачкы шахмат оюну моңголдордо "шатар" деген ат менен белгилүү экендиги жана азыркы күндө да бул оюнду моңголдор кеңири

ойноосу айтылат. С. Токторбаёвдин “Моңгол шатары менен киштенин таштарынын, оюн эрежелеринин окшоштугу, шатардын айрым таштарынын кыргызча аталышы, моңгол жериндеги кыргыздардын тарыхый эстеликтери моңголдор шатар оюнунун эрежесин, оюн таштарынын сырткы көрүнүшүн, таштардын аттарын кыргыз киштесинен алып өздөштүрүп, өздөрүнүн шатар оюнун түзүшсө керек деп болжолдоого негиз берет. Индия чатурангасы (шахматы), моңгол шатары, кыргыз киштесинен кыйла кийин пайда болгондугу жогорудагылардан көрүнүп турат”-деген жүйөөсү ата-бабаларыбыздын басып өткөн алыскы тарыхый жол мерчеминен караганда көбүрөөк ынанымдуу. Биздин оюбузча, кыргыздар жана моңголдор тээ түпкүлүгүндө бир эл болгон болуу керек.

Киште оюнунун мазмуну, аты, таштарынын кыргызча: “кан, баатыр, урук, урук аксакалы, төө, ат-аккула, мерген, мергенчи, жоокер, пияда” деп аталышы кыргыз элинин байыркы убактагы коомдук-экономикалык, маданий турмушун, коргонуу, чабуул коюу стратегиясын, тактикасын чагылдырат. Ал эми моңгол эли деле дал ушундай жашоо мүнөзүн күтүп келишкен.

Жогоруда айтылган көз карашыбызды жада калса киште жана шатар оюндарынын таштарынын аталышындагы дал келүүчүлүктөр дагы бир ирет күбөлөйт (бири-бирине салыштырып талдоого ыңгайлуу болсун үчүн шахмат оюнунун таштарынын (же фигураларынын-М.К.) аталыштарын да келтирүүнү эп көрдүк):

| **Киштеде** | **Шахматта** | **Шатарда** |
|---|---|---|
| кан | король | ноен |
| баатыр | ферзь | берсь |
| урук же урук аксакалы | тура (ладья) | тэрэг |

| | | |
|---|---|---|
| төө | слон | тэмэ |
| ат, аккула | ат | морь |
| мерген, мергенчи же пешка | мерген | жоокер же пияда |

[2:38-39].

Салыштыруудан көрүнүп тургандай, азыркы дүйнөдө кеңири жайылууга ээ болгон шахмат оюну, ошол ата-бабаларыбыз акыл оюндары катары ойноп келишкен киште жана чатыраш оюндарынын кичине өзгөртүлүп, өркүндөтүлгөн формасы катары түшүнгөнүбүз туура. “Чатыраштын” эзелки оюндар-дан экендигин “Манас” эпосундагы:

Сыр аякка бал салып,

Оромпой салып, ордо атып,

Чатыраш ойноп даң салып,

Туу байталды сойдуруп,- деген саптар да ырастап турат.

Окумуштуу А. Байбосунов да: “Кыргыздардын бул абдан татаал оюнун өткөн кылымдарда индиялыктар өркүндөтүшүп, азыркы түшүнүктөгү шахматты жаратышкан деген божомолдун эл ичинде жашаарын”,- жазат. [3: 20,21]

Андыктан шахмат оюну боюнча окуу программаларын иштеп чыгууга, тиешелүү окуу колдонмолорун түзүүгө чоң маани берүүнүн, окуу планынын факультативдик-ийримдик тутумунда болсо да эске алуунун, мектептерде мүмкүнчүлүк болушунча ылайыктуу шарттарды түзүүгө, жара-тууга көрсөтмө берүү, талап коюу, биздин оюбузча, абдан маанилүү стратегиялык багыт, кадам болуп саналат. Бул жумушка компетенттүү адистерди, машыктыруучуларды тартуу, камтуу (жумушчу топтор түзүү), аларга тапшырмаларды берүү, аткаруу мөөнөттөрүн аныктоо, чет өлкөлүк алгы-

лыктуу тажрыйбаны эске алуу (бул жаатта чет өлкөлүк тажрыйбаны көңүлгө алуу маселеси көп деле кыйынчылык туудурбайт), жогорудагы тапшыр-малардын аткарылуусунун такай көзөмөлдөнүүсү, алдынкы кезекте чечүүнү талап кылуучу милдеттер болуп эсептелет. Шахмат биринчи кезекте акыл оюну болуп саналган менен анын көптөгөн көмөкчү, комплекстүү мүнөздөгү таалим-тарбиялык таасир-лерин эске алуу жана түшүнүү маанилүү. Чолпонбек Тиленбаёв "Мектепте шахмат сабагы окутулса..." деп аталган макаласында шахматтын пайдалуу мүмкүнчүлүгү тууралуу: "Бүгүнкү күндө, мектеп жетекчилеринен, шахматты мектептерге киргизүү боюнча уюштуруучулук, усулдук, практикалык кадамдар жана көйгөйдү чечүү боюнча жаңычылдык сезимтал касиет талап кылынууда. Шахмат сабагы мектептерге кирип калса, жыйынтыгында окуучу-лардын жалпы эле окуп-үйрөнүүчүлүк дагы, тарбия-лык дагы деңгээли жогорулашына оң таасир берүүчү дагы бир каражатты пайдалануу мүмкүн-чүлүгүнө ээ болобуз" деген келечектүү сунушун айтат [4:12] Баланын ар түрдүү кырдаалдарда туура чечим кабыл алуу көндүмүн, чечим кабыл аларда кайра-кайра ой жүгүртүүсү, атаандашынын дара-метин, күчүн, мүмкүнчүлүгүн туура баалоого, ага сын көз менен кароого, шашкалактабоого, чыдам-дуулукка, күрөшүүчүлүк мүнөзгө, эстетиканын, этиканын элементтерин түшүнүүгө жагымдуу ыңгай түзүлүп, оюн учурунда табигый түрдө баланын өзүнөн-өзү билимсиз тарбиялангандыгы менен баалуу . Экинчиден, акыл маданиятын тарбиялоо менен байланыштуу багыттуу иш аракеттерди жүзөгө ашыруу -ата-бабалардын көөнөрбөс мурас-дөөлөттөрүнө терең таазим этүүнүн, урматтоонун айкын белгиси, иштиктүү далили болмок. Азыркы кезде эл ичинде, тилегибизге жараша, кенен жайыл-ган, ойнолуп

жүргөн салттуу “Ордо”, “Тогуз коргол” оюндары тууралуу “Манас” эпосунда:

Беш чүкөнү бир-дешип,
Белсенип ордо кир-дешип,
Сызып алып сызыкты,
Кыйлача кылып кызыкты,
Жерди чийип салышып,
Желпинишип алышып,
Жер жайнаган жылкы бар.
Күндүгүнө бир тайдан
Кармап келип союшуп,
Карап турса мүнөзү
Кан заададай болушуп,
Жалпак жыгач чаптырып
Чараларын оюшуп,
Бир жагына бир тогуз,
Бир жагына бир тогуз
Үй  чыгарып коюшуп,
Ою менен олтуруп,
Ташын салып толтуруп,
Тогуз коргол ойгону,
Ордо, тогуз коргол-деп,
Жаш Манас кылып койгону.
Баштаптыр Манас ордону,
Ордо деген оюнду
Бизге мурас койгону.
Тогуздан коргол салганы,
Бу Манастан калганы,-деп айтылат. [ 5 :76]

Ал эми “Топ таш” оюнун эле алалычы. Оюнга кызыгуу, берилүү, анын ышкысы секелек кыздарды элпек, ийкем, ыкчам кыймылдоого, баамчылдыкка, өз мүмкүнчүлүгүн туура баалоого, өзүнүн нервдик-психикалык абалын, сезимдерин башкара билүүгө, жеңишке умтулууга, тегиздик, мейкиндик ченем-

өлчөмдөрүн көз менен аныктай билүү шык-жөндөмдөрүнө тарбиялоонун чоң мектеби болуп саналат. Мындай сапат-касиеттер, кыз бала келечекте чоң турмуш жолуна аттанган учурда үй-тиричилигин жүргүзүүсүндө зор пайдасын тийгизет.

Жогоруда баяндалгандардын негизинде төмөн-дөгү корутундуну чыгарууну ылайык көрдүк:

Кыргыз Республикасында жарандардын ден соолугун сактоо, ден соолукка камкордук көрүү, сергек, дени сак жашоо мүнөзүнүн маданиятын тарбиялоо улуттук коопсуздуктун олуттуу көйгөйү катары кабыл алынуусу, баалануусу жана бул багытта узак мөөнөттүү мамлекеттик саясаттын системалуу жүргүзүлүүсү, мамлекеттик деңгээлде көңүл бурууну жана чечүүнү талап кылуучу эң маанилүү маселе болуп саналат;

Элдик оюндардын түрлөрү боюнча кесипкөй педагог-машыктыруучуларды, уюштургуч-менеджер-лерди даярдоону чечүү зарыл.

Ар бир мектепте, Айыл өкмөтүндө улуттук оюндарга машыгууга, мелдеш уюштурууга байла-ныштуу жайларды, аянтчаларды, тиешелүү шарттарды түзүүнүн план-программалык тапшыр-масын берүү жана тапшырмалардын өз убагында аткарылуусун коомчулуктун, өкмөттүк уюмдардын көзөмөлдөө мөөнөттөрүн иштеп чыгуу максатка ылайыктуу. Албетте, бул иш чаралардын аткарылуу мүнөзүнө, тартибине, жоопкерчилигине келгенде “көнүмүш адатка, психологияга” айланган кандай-дыр көз будамайлоочу “кожом көрсүн” өңдөнгөн осол көрүнүштөрдөн оолак болуу абдан маанилүү.

Жайкы эс алуу (каникуль) мезгилинде улуттук оюндарды ойноого байланыштуу окуучу балдарга көптөгөн сунуш-тапшырмаларды берүүгө болоор эле. Айыл жергесинде, жайлоодо, ажарлуу табий-гаттын

ажайып кооз койнунда, маселен, акуш, акыйнек, ыр кесе, топ таш, селкинчек, чыбык ат, ашык (чүкө) оюндарын, тогуз коргол, ак чөлмөк ж.у.с. оюндарды ойноолоруна көрсөтмө берип, көзөмөл жүргүзүүгө кантип болбосун. Ушул өңүттө окуучу балдардын жайкы эс алуу убактысына тиешелүү болгон бир урунттуу маселеге көңүл буруунун удулу келип турат. Үч айлык мөөнөт салыштырмалуу кыйла узак убакытка созулгандыктан, окуучулар окуу жылы ичинде окуп-үйрөнүшкөн, өздөштүрүшкөн билимдерин эстеринен чыгарып коюшат экен. Ошондуктан, эс алуунун мынчалык узак убакытка созулуусу негизсиз. Андыктан жайкы эс алуу мөөнө-түн күзгү айларга которууну ылайык көргөн көз караштар да коомубузда орун алган. Мындай пикирди туура деп эсептегендер жогорку чөйрө-лөрдөгү таасирдүү инсандардын арасынан да бир тобу жолугат (ал түгүл таңуулап да келишет). Өз ойлорун ырастоо максатында алар айрым Европа өлкөлөрүнүн мектептеринин иш тажрыйбасын мисалга тутунушат. Бирок, алардын ойлорундагы бир өксүктүк, биздин өлкөнүн мектептеринин иштөө шартын жетиштүү деңгээлде билбегенинде. Азыркы күндө колдонуудагы окуучулардын салттуу жайкы эс алуусунун, биздин оюбузча, педагогикалык-психоло-гиялык, физиологиялык, медициналык өңүттөрдө жөндүүлүгү жөнүндө төмөндөгүдөй көз караштарды келтирүү мүмкүн:

а) жайдын куйкалаган ысык аптабында (жайкы чилде да ушул мезгилге туш келет) класстык бөлмөдө уйкусурап, ныксырап отурушкан 25-30 чамалуу окуучунун абалын көз алдыңызга келтирип, элестетип көрүңүз; мындай шартта окуучунун кадыресе деми кысылып, анын көңүл буруу, кабылдоо, ойлонуу ж.б. психикалык процесстеринин табигый түрдө солгундоосу, басаңдоосу жүрүп, өзүн сезүү, жалпы сезимдик-эмоционалдык абалы да төмөндөй түшөт;

бул табигый фактор мугалимдин да эмоциялык-психикалык сезимине, абалына, педагогикалык ишмердүүлүгүнө белгилүү өлчөмдө терс таасирин тийгизбей койбойт; бул таасирлердин акыбети, билим берүү процессинин натыйжалуу-лугунун төмөндөөсүнө алып келет;

б) буга кошумча биздин мектептерде обьективдүү түрдө орун алган санитардык-гигиена-лык шарттарды эске алсак, б.а. дээрлик басымдуу көпчүлүк мектептер эки нөөмөттө (үч нөөмөттө иштеген мектептердин саны да бир кыйла) иштегендиктен, жайдын аптабында балдардын ого бетер нервдик-психикалык чыңалуусу күчөп, бала-ын денелик-физиологиялык жактан нормалдуу иштөөсүнө тоскоол болгон кыйыр таасирлердин күчөөсү орун алып, натыйжада, анын психикасында окууну каалабаган (б.а. окуу кызыксыздай туюлуп), көргүсү келбеген сезимдер үстөмдүк кыла баштайт;

в) бир топ узак убакытка созулган окуу жылынан соң, үч айлык жайкы эс алуу каникулу балдар тарабынан кандайдыр “эркиндикке” чыгуу катары кабылданып, күндүн жылуулук энергиясынын кубаты, айлана-чөйрөнүн көрктүүлүгү, климаттын денеге жагымдуу таасири, окуучунун буга чейин иретке салынган тартиптүү көзөмөлдөн кутулуусу, дене кыймылын талап кылган күч эмгегине катышуу, баланын анатомиялык, физиологиялык, психикалык жактан өсүүсүнүн, жетилүүсүнүн тездөөсү менен коштолот; ошол себептүү эс алуунун соңунда баланын кандайдыр бат өскөндүгү, жетилгендиги, көз карашынын байыгандыгы байкалып, көзгө жагымдуу, сүйкүмдүү көрүнөт;

г) жайкы эс алууга чыгуунун алдында балдар бул мезгилде аткарууга тийиш болгон көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын бүтүн системасын аларга сунуштоо керек; бул иш чараны мектептин окуу графигинин

жыйынтыктоочу бөлүгүнө кийирүү максатка ылайыктуу; көнүгүүлөрдүн жана тапшыр-малардын системасы өзгөчө табигый-математика-лык-экологиялык (биология, математика, физика, табият таануу, химия, география ж.б.) тутумга тиешелүү болмогу, анткени, балдар күнүмдүк эмгек, оюн, эс алуу, көңүл ачуу учурунда жаратылыштын түркүн көрүнүштөрүнүн курчоосунда, "койнунда" жашайт эмеспи; көнүгүүлөр жана тапшырмалар системасынын багыты негизинен балдардын үйдөгү мөмө-жемиш, жашылча аянтында, жайлоодо эс алуу учурунда байкоолорун, өлчөөсүн, ченөөсүн, колу менен ар кыл буюм-тайымдарды жасоо кезинде окуп-үйрөнгөн кайсы билимдерин колдонуп жаткан-дыгын, айлана-чөйрө менен болгон карым-катышын-да ээ болгон таасирлерин, сезимдерин, пикирлерин атайын дептерге түшүрүп туруусу жана тапшыр-маны аткаруунун жүрүшүн көзөмөлдөө мөөнөттөрүн иштеп чыгуу керек; бул жумуштардын илимий-усулдук программасын түзүүнүн башында Кыргыз Билим Берүү Академиясынын кызматкерлеринин туруусу туура болмок; жаңы окуу жылынын биринчи он күндүгүн окуучулардын жайкы эс алуу мезгилин-де аларга берилген көнүгүүлөр жана тапшырмалар системасын аткаруу жыйынтыгын чыгарууга арноо (б.а. комплекстүү иш чара формасында өткөрүү) максатка ылайыктуу болоор эле; мындай болгондо, биринчиден, өткөн окуу жылы менен жаңы окуу жылынын ортосунда үзгүлтүксүздүк, улантуучулук принциби белгилүү деңгээлде ишке ашмак; экинчи-ден, көнүгүүлөрдүн жана тапшырмалардын систе-масы балдардын иш аракеттерин кандайдыр максаттуу нукка, иреттүүлүккө багыттап, окуучулар окуп-үйрөнгөн билимдеринин турмуштагы маанисин, керектүүлүгүн, колдонуусун түшүнүп, ошол билим-дерин колдонуу жагдайларына байланыштуу көндүмдөрү, ык-

машыгуулары артып, бекемделип, калыптануу процесси жүрүп, билим алуу көз караштары кеңейип, мотивдешүүгө өтөт.

Ушул жаатта байыркы Грециянын философу Платон: “...балдардын оюндарынын мыйзамдуу өткөрүлүшү, келечекте мыйзамды сактаган эр адамдарды тарбиялап өстүрөт” деген болсо, дене тарбия багытында салмактуу эмгектери менен таанылган орустун атактуу педагогу П.Ф. Лесгафт: “Оюн деген бул баланы турмушка даярдоочу көнүгүү болуп саналат”-деп жазган. [7:150]. Оюн эрежелерин мыйзамдуу сакталуусун көзөмөлдөөнүн акыбети, оюндун чоң социалдык функция, милдет, тарбиялык таасир аткараарын айгинелеп турат.

Жогоруда келтирилген пикир-сунуштар, биздин оюбузча, келечек муундарыбызга дени сак, сергек жашоо мүнөзүн күтүү маданиятын тарбиялоону камтыган татыктуу билим, таалим берүү маселесин натыйжалуу чечүү багытында максаттуу стратегия болуп саналат.

Адабияттар

1. Петричук И.И. Еще раз об игре [Текст]Ү И.И.Петричук ҮҮ Педагогика, 2007, № 7.

2. Токторбаёв Саты. Өспүрүмдөр оюндары [Текст]ҮСаты Токторбаёв; Башкы ред. М.Борбугулов. – Б.: КСЭнин Башкы ред., 1991.

3. Байбосунов Али Аскар. Донаучные представ-ления киргизов о природе [Текст]Ү А.А.Байбосунов; Под общей ред. А.И.Нарынбаёва; Рис. и фото А.Байбосунова. – Ф.: Мектеп, 1990.

4. Тиленбаёв Чолпонбек. Мектепте шахмат сабагы окутулса... [Текст]Ү Чолпонбек Тиленбаёв; ҮҮ Кутбилим, № 15, 18.04.2014.

5. Манас: Кыргыз элинин баатырдык эпосу. [Текст]ҮС. Орозбаковдун варианты боюнча. КРУИА-нын

Ч.Айтматов атындагы Тил жана адабият институту. Түз.: С.Мусаев. – Б.: Хан-Теңир, 2010.

6. Мамытов Абакир. Дене маданияты теория-сы. Окуу куралы. – Бишкек, 2011. – 184 б.

7. Колдошев М. Интерактивдүү кыймылдуу оюндар (Ойноп жүрүп тарбияланабыз, өсөбүз) [Текст]ҮМ.Колдошев; Окуу-усулдук жана практикалык колдонмо ҮҮСүрөттөр жана чиймелер Мирлан Мамазаировдуку. – Ош, 2012, - 156 б.

*Илимий-усулдук басылма*

МИСИРАЛЫ КОЛДОШЕВ



# БАШКАНЫ КОЮП, МАНАСТЫ АЙТ!

Редактору А.Муратов
Сүрөтчүсү М.Мамазаиров
Техредактор А.Тойчубаёв
Корректору: М.Колдошев
Калыпка келтирген: Ыкыбал уулу Элдияр

Терүүгө берилди 10.01.2015. Басууга кол коюлду 25.03.2015.
Кагаздын форматы 60x84 1Ү16 9 б.т.
Буюртма № 027, баасы келишим баада

Ош шаары, Курманжан Датка көчөсү 236
0770 13 02 02

*Автордун уруксатысыз китепти көбөйтүүгө жана кайрадан чыгарууга мүмкүн эмес.*